*NEW YORK TIMES*
ВЕРСИЯСЫ БОЮНЧА
БЕСТСЕЛЛЕРЛЕРДИН АВТОРУ

ЛИЗА
БИВЕР

# КҮЧТҮҮ

**КҮНДҮН СӨЗҮ**


*Жашоону кантип күч менен кумарга толтуруу керек*

Кымбаттуу достор!
Мен силерди күчтө өскүлө, ишенимде бекемделгиле жана өзүңөр менен, адамдар менен, Кудай менен жуурулушуп жашоодон кубангыла деп сыйынам. Анын Сөзүн окуу менен, жарыялоо менен жана аны жашоодо колдонуу менен – силер ишенимде өсүп жана күчкө ээ болосуңар!

Күч – бул чакырык жана буйрук. Анан да, биздин өз күчүбүздү көрсөтүүбүз эле маанилүү эмес, бирок, биз аны кайдан алып жатканыбыз маанилүү. Биздин маданиятыбыз күч биздин ичибизде туулат деп үйрөтөт, бирок, күчтүн жана ишенимдүүлүктүн чыныгы булагы – бул Кудай.

Силер күчтүүсүңөр, анткени, силерге Машайакта күч, сүйүү жана сергек акыл берилген. Силер Анын чындыгы менен күчтүүсүңөр жана адилеттикке умтулууңарда солкулдагыссыңар. Тургула жана өз жашооңордо *Анын* күчүн издегиле!

Машайактагы сүйүү менен,





Лиза
LisaBevere@ymail.com

MessengerX

Messenger INTERNATIONAL

# КҮЧТҮҮ

## КҮНДҮН СӨЗҮ

*Жашоону кантип күч менен кумарга толтуруу керек*

ЛИЗА БИВЕР

*Strong Devotions*, Kyrgyz, by Lisa Bevere
© 2026 Messenger International
MessengerInternational.org
Originally published in English as *Strong Devotions* by Thomas Nelson, Nashville, USA.
ISBN 978-4002-1313-9
This version of the Strong Devotions published in cooperation with Thomas Nelson,a registered trade mark of HarperCollins Christian Publishing Inc.

Additional resources in Kyrgyz by John and Lisa Bevere are available for free download and video streaming at **MessengerX.com** and on the **MessengerX** App
To contact the Author: LisaBevere@ymail.com

This book is a gift from Messenger International and is NOT FOR SALE

*«Күчтүү. Күндүн сөзү»* Лиза Бивер, кыргыз тилинде
Copyright © 2026 MessengerInternational
MessengerInternational.org

Бекер жүктөп алуу үчүн жана берүүлөрдүн агымы үчүн Джон жана Лиза Биверлердин кыргыз тилиндеги кошумча каражаттары **MessengerX.com** до жана **MessengerX** тиркемесинде
Автордун электрондук байланыш дареги: LisaBevere@ymail.com

Бул китеп «Messenger International» кызматынын белеги, САТУУГА БОЛБОЙТ.

Бул жерден жүктөп алууга болот App Store
Бул жерден алууга болот Google Play

App Store АКШда жана башка өлкөлөрдө катталган Apple Inc.,тин соода маркасы болуп саналат., Google Play жана Google Play.дин логотиби Google LLC.тин соода маркасы болуп саналат.

# МАЗМУНУ

**1-БӨЛҮК** *Кудайда күчтүү*


1. Күчтүү болуу – бул жакшы нерсе . . . . . . . 2
2. Машайакта ишенимдүү . . . . . . . . . 4
3. Жалгыз эмес . . . . . . . . . . . 6
4. Кудайга угулгандар . . . . . . . . . . 8
5. Биздин чыныгы каалообуз . . . . . . . 10
6. Канааттанган . . . . . . . . . . 12
7. Сүйүү менен тынчтандырылган . . . . . 14
8. Кудай тарабынан сакталгандар . . . . . 16
9. Унчукпоодо . . . . . . . . . . 18


**2-БӨЛҮК** *Рухта күчтүү*


1. Ырдын күчү . . . . . . . . . . 22
2. Өзүнө ишенген жана билүүчү . . . . . . 24
3. Дени сак жүрөк . . . . . . . . . 26
4. Аялдык табиятты кабыл алуу . . . . . . 28
5. Кармануунун күчү . . . . . . . . 30
6. Кумарданган . . . . . . . . . . 32
7. Табынуу – бул ырдан чоңураак . . . . . . 34
8. Рухий бийлик . . . . . . . . . 36
9. Рух боюнча сыйынуу . . . . . . . . 38

## 3-БӨЛҮК *Тазалыкта күчтүү*

1. Тап-таза . . . . . . . . . . . . . 42
2. Берилген . . . . . . . . . . . . . 44
3. Тышкы жана ички . . . . . . . . . 46
4. Укмуштуудай токулган . . . . . . . . 48
5. Жандык байланыштар . . . . . . . . 50
6. Өкүнүчтү айыктыруучу . . . . . . . . 52
7. Никени урматтоо . . . . . . . . . 54
8. Корголгон . . . . . . . . . . . . 56
9. Колукту . . . . . . . . . . . . . 58

## 4-БӨЛҮК. *Чындыкта күчтүү*

1. Акылмандыкты айтуучу . . . . . . . 62
2. Бүтүн . . . . . . . . . . . . . 64
3. Дубалдар . . . . . . . . . . . . 66
4. Айланып өтүү . . . . . . . . . . . 68
5. Өкүнүүнүн өлкөсүн таштап . . . . . . 70
6. Сүйүктүү . . . . . . . . . . . . 72
7. Экинчи сорт эмес . . . . . . . . . 74
8. Сенин бүткүл сүйүүң . . . . . . . . 76
9. Жарыкта жүрүү . . . . . . . . . . 80

## 5-БӨЛҮК. *Мамиледе күчтүү*

1. Эч качан четке кагылбай турган . . . . . . 82
2. Чыр күчөп тургандагы тынчтык . . . . . . 84
3. Сүйүү кайда алып барат . . . . . . . 86
4. Ишенимдүү коргоонун астында . . . . . . 88
5. Акылдуу курбу . . . . . . . . . . 90

6. Адилеттүүлүктүн Кудайы . . . . . . . 92
7. Ушак үчүн кол жеткис . . . . . . . . 94
8. Гармонияда жашаган . . . . . . . . 96
9. Кудайга жаккан коомдо өсүп келе жаткан . . . 98

**6-БӨЛҮК.** *Күрөштө күчтүү*

1. Эстүү жана сак . . . . . . . . . . 102
2. Эркек менен аялдын ортосундагы тынчтык . . 104
3. Кечирбестиктин кишендери . . . . . . 106
4. Силердин баш паанегиңер . . . . . . . 108
5. Руханий күрөштүн ортосунда . . . . . . 110
6. Калкандар жана жебелер . . . . . . . 112
7. Чыныгы согуш . . . . . . . . . . 114
8. Жарыктагы күрөш . . . . . . . . . 116
9. Чечкиндүүлүккө толгон. . . . . . . . 118

**7-БӨЛҮК.** *Жакшылыкта күчтүү*

1. Силердин өткөндөгүңөр, келечегиңер эмес . . 122
2. Кечирилген . . . . . . . . . . . 124
3. Кайрымдуу . . . . . . . . . . . 126
4. Өзүн өзү жемелөөнүн ордуна өсүү. . . . . 128
5. Жүрөктүн бакчасы . . . . . . . . . 130
6. Өкүмдөрдүн алкактары . . . . . . . 132
7. Моюнга алуу жана бошотуу . . . . . . 134
8. Жек көрүүдөн эркин . . . . . . . . 136
9. Айыптоосуз . . . . . . . . . . . 138

**8-БӨЛҮК.** *Өзүн-өзү башкара билүүдө күчтүү*


1. Уга билүүгө жөндөмдүү . . . . . . . 142
2. Тамакка карата напсисин тыя билүү . . . . 144
3. Ачуу – бул жакшы эле . . . . . . . . 146
4. Сөздү салмактай билүүгө жөндөмдүү . . . . . 148
5. Күнөөнү жууп-тазалоочу өкүнүч . . . . . 150
6. Сөздө тамырланган. . . . . . . . 152
7. Себүү жана оруу . . . . . . . . . 154
8. Эс алуунун күчү. . . . . . . . . . 156
9. Кудайдын элчиси . . . . . . . . . 158


**9-БӨЛҮК.** *Эркиндикте күчтүү*


1. Күнөөдөн арылган . . . . . . . . . 162
2. Жаңы жүрөк . . . . . . . . . . 164
3. Ачык айтуунун күчү. . . . . . . . . 166
4. Күнөөдөн эркиндикке чыккан . . . . . . 168
5. Жазадан куткаруучу өкүнүч . . . . . . 170
6. Эркиндикте турган . . . . . . . . . 172
7. Эркин . . . . . . . . . . . . 174
8. Жаңыланган . . . . . . . . . . 176
9. Ага таандык болуш үчүн, боштондукка чыккан . 178


**10-БӨЛҮК.** *Ыйыктыкта күчтүү*


1. Бул дүйнөдөн эмес . . . . . . . . . 182
2. Тил алчаактыктын жолу . . . . . . . 184
3. Ыйыктыкка ээ болгон . . . . . . . . 186
4. От менен тазаланган . . . . . . . . 188

5. Денедеги орозо . . . . . . . . . 190
6. Жүрөк берүүчү . . . . . . . . . . 192
7. Өз айкаш жыгачын алган . . . . . . . 194
8. Кудайдын сөзү . . . . . . . . . . 196
9. Туруктуулук . . . . . . . . . . . 198

# Кудайда күчтүү

I

# КҮЧТҮҮ БОЛУУ – БУЛ ЖАКШЫ НЕРСЕ

*"Акырында айтарым, Теңирден жана Анын кудуреттүү күчүнөн күч алгыла."*

ЭФЕСТИКТЕРГЕ. 6:10.

Күчкө ээ болуу жолуна ээ болгонго чейин, келгиле өз жүрөгүбүздө бир нерсени тактап түшүнүп алалы:

Күчтүү болуу – бул жакшы нерсе.

Жаш машайакчы күчкө өнөктөш болгондон көрө, алсыздыкка көбүрөөк ыктап кетет. Кээде дин бизди ачык көрүнүүнүн ордуна, жашынууга үйрөтөт. Бирок, биз алсыздыкка эмес, момундукка чакырылганбыз. Момундук - бул көзөмөлдүн алдындагы күч. Муса да, Ыйса да момун болушкан, бирок алсыз болушкан эмес. Момун адамдар, алардын күчү Кудайдан келерин билишет. Эсфир момун болчу – бирок, алсыз болгон эмес. Момундар тил алчаак келишет, анткени алардын күчү жогорку күчтөн келет. Алар керек болгон кезде күрөшө билишет, бирок, салгылашуу үчүн шылтоо издешпейт.

Күч – бул эки миздүү кылыч. Аны менен талкаласа да болот, бошотсо да болот. Анан адатта боштондукка биринчи муктаж болгондор – бул биз өзүбүзбүз.

Жашоо күчтү талап кылат. Биз канчалык көп жашаганыбыз сайын, бул күч бизге ошончолук көп керек болот. Кудайсыз дүйнөдө такыбаа жашоо – оңой эмес нерсе. Бул биз жалгыз ээ боло албай турган күчтү талап кылат. Тилекке жараша, биз жалгыз эмеспиз. Эфестиктерге жазылган Каттагы жазылган аятка көңүл буралы, анда эмне үчүн ар

бирибиз чакырыкты кабыл алып жана күчтүү болушубуз керектиги жөнүндө айтылат. Мамилелерди кантип түзүшүбүз керектиги тууралуу айткандан кийин, Пабыл мындай сөздөрдү айтат: “Акырында айтарым, Теңирден жана Анын кудуреттүү күчүнөн күч алгыла.” Эф. 6:10.

Мамиле күчтү талап кылат. Бирок, ар бир жолу мен өз күчүм менен кимдир бирөөгө жакшылык кылайын дегенимде же кимдир бирөөнү сүйөйүн дегенимде, ийгиликсиздикке кабылам. Күн сайын биз муктаж болгон күчтү адамдардан таба албайбыз, анткени адамдардын мүмкүнчүлүгү өтө эле чектелүү. Мына ошондуктан да, биз Теңирибиздин күчүнө жана кудуретине таянабыз. Башка котормодо бул аят мындайча айтылат: “Кудай күчтүү, ошондуктан ал силердин да күчтүү болушуңарды каалайт” (Message).

Биздин күчүбүз жетишсиз экендигин Кудай билет, ошондуктан да, Ал бизге аны берет. Кудайдан корккон койчу болуп жүргөн маалда Дөөт күчтүн ушул булагы менен биригип алган эле. Биздин Кудай кудуреттүү жана Ал бизге да ошол кудуретти берет. Биздин Атабыз күчтүү жана Ал Өзүнүн кыздарына да күч берет. Силердин жашооңор үчүн Кудайдын пландары бар, ал эми шайтан болсо, силерди Кудайдын планынан чийип салууга амалданат. Анан муну унутпаш керек: шайтан эреже боюнча ойнобойт. Кудайдын кызы болуп калуу менен, силер Кудай тарабынан белгиленип коюлдуңар жана душманга да байкалып калдыңар. Жогорудан төрөлгөнгө чейин силер анын кулу болчусуңар, эми анын максатына айландыңар. Бирок, биз чыныгы күчүбүздүн булагына кошулаарыбыз менен, куралданууга убакыт жеткен болот. “Шайтандын айла-амалдарына каршы тура алуу үчүн, Кудайдын бардык курал-жарагын кийгиле” (Эф. 6:11).

*Асмандагы Атаке, Сенин күчүң үчүн жана менин күчтүү болгонумду көрүүнү каалаганың үчүн, ыраазычылык билдирем. Сенин планыңдын аткарылышы үчүн, мен Сенин бардык куралдарың менен куралданам.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, МЕНИН КҮЧҮМДҮН БУЛАГЫ – КУДАЙ.

2

# МАШАЙАКТА ИШЕНИМДҮҮ

*“Ошондо бул чөлгө акыйкаттык орнойт, берекелүү, түшүмдүү жерде адилеттик өкүм сүрөт. Акыйкаттыктын иши тынчтык болот, адилеттиктин жемиши бейпилдик жана түбөлүк коопсуздук болот”.*

ЫШАЙА 32:16,17.

Өзүнө ишенген аял тууралуу уккан кезиңерде, силердин оюңарга кандай аял келет? Айланаңарга карап көргүлө – дүкөндөрдүн көргөзмөлөрүндө, теле экрандарда, журналдардын барактарында өзүнө ишенген аял кандай болушу керектиги жөнүндө коомчулук бизге таңуулаган аялдардын стереотибин көрөбүз. Ал натыйжалуу, тынчсызданбаган, эриндеринде жеңиштүү жылмаюулар ойноп турат, аны бар тарапта тамшанган көз караштар коштоп жүрөт. Ишенимдүүлүктү “чейин” деген буурул чөйрөдөн “кийин” деген жарык чөйрөгө бизди өткөрө алуучу косметика, кийим түрүндө же статустук оюнчуктар түрүндө сатып алууга болот деген нерсе бизге дем берет. Бирок, ишенимдүүлүктү жетишкен нерселер же тышкы көрүнүш менен өлчөөнүн пайдасы жок. Сүрөтүбүз канча “лайк” алгандыгына карабастан, комментарийлер канчалык тамшана жазылганына карабастан, баары жетишсиздей сезиле берет, биз ички толуктукту сезе албайбыз. Ишенип коё бергиле, ал тургай бир күндө миллион “лайк” алсаңар деле, ал силерди толтурууга аздык кылат.

Эгерде биз өзүбүздүн атактуулугубузду, баалуулугубузду жана кумарлуу болуубузду арттырышыбыз керек болсо, анда

ар дайым башкалардын колдоосун талап кылып жашап калабыз. Анан ошондо ар кандай башка аялдар менен салыштыруулар, башка адамдардын ар кандай ой-пикирлери биздин ишенимдүүлүгүбүздү акырын таарый берет, анан ошондо биздин өзүбүздү баалообуз дайыма азап тарта баштайт. Бирок, башка жол да бар. Бизде ар бир Ага кайрылган аялды ички сулуулукка, бүткүл толуктукка курчап коё ала турган Ханзаадабыз бар.

Ал бизге белек кылып берген ишенимдүүлүк ушунчалык терең болгондуктан, сырткы ийгиликтер да, жетишпестиктер да аны солкулдата албайт. Ал статустук аксессуардан, кооз көргөзмөдөн бир топ өйдө турат. Бул бизди билет жана чын жүрөктөн сүйөт дегенди моюнга алган жүрөктүн жаркырашы. Качан аял ушунчалык сүйүктүү болгондо – аны жашырууга болбойт, анткени ал сүйүү менен жарык болуп турат. Ыйса Машайак Өзүнүн ырайымы менен бизге батасын берген. Биз толуктукту башка жактан издебешибиз үчүн, Анын сүйүүсү биз үчүн бүткүл толуктук болуп калуусуна жол берүүгө убакыт келди.

Биздин жан дүйнөбүздөгү "чейин", "кийин" дегендерди кароого убакыт келди. Машайактын биз үчүн кылгандарын баалоого жана өз ишенимдүүлүгүбүздү ушул пайдубалга курууга убакыт жетти. Анын сүйүүсү өчпөйт. Биз Анын сүйүүсүндө гүлдөп-өнүгүшүбүз үчүн, Анын назик-аёолу камкордугу ар бирибиз үчүн өзгөрбөстөн кала берет.

*Теңир, Сен мени Өзүң кандай ойлосоң, так ошондой аял кылып тазалап жана кайра жаратып, күн сайын жаңыртып жаткандыгың үчүн Сага ыраазычылык билдирем. Мен Сенин куткаруучулук ырайымың үчүн ыраазычылык билдирем.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, МЕНИН ИШЕНИМДҮҮЛҮГҮМДҮН ЧЫНЫГЫ БУЛАГЫ ЫЙСАДА.

3

# ЖАЛГЫЗ ЭМЕС

*“Силер адам баласынын башына келе турган эле сыноолорго туш болдуңар. Кудай ишенимдүү, Ал силердин көтөрө алгыс сыноо менен сыналышыңарга жол бербейт. Сыноону көтөрө алышыңар үчүн, сыноо учурунда чыгуу жолун да берет”.*

1 КОРУНТТУКТАРГА. 10:13.

Силердин өңүңөрдү эч качан көрбөгөнүм менен, атыңарды билбегеним менен, мен баары бир буга бекем ишенем – биз бири-бирибизден анчалык деле айырмаланбайбыз. Ал тургай, жашоо-турмушубузда кездешкен сыноолорубуз да абдан эле окшош. Корунттуктарга жазылган кат бизге: кандай гана сыноолор башыбызга түшпөсүн – биз биринчи эмес экендигибизди эскертет. Биз жеңиштерде да, жашоодогу күрөштөрдө да жалгыз эмеспиз. Бирок, биздин жаныбыздын душманы шайтан бизди тескерисинче дүрбөлөңгө салгысы келет. Ал бизди бөлүп-жарып жана ар бирибизге: “Ушундай болгон сен жалгыз ганасың. Сенден ашкан эч ким жок!” деп шыбырап айыптап турат. Мен муну билем, анткени, ал бул калп сөздөрүн менин да кулагыма шыбыраган.

Анын баталары жана Анын Сөзү тууралуу сөз болуп жатканда, Кудай эч качан бөлбөйт. Ал Ага ачык жана момун жүрөк менен келген ар бир адамды кабыл алат. Бул текеберлерге жана өзүнө канааттангандарга тиешелүү эмес. Өз алдынча аракеттенгенинен эч нерсе чыкпай чарчап, алсырап Ага келгендерге Кудай айрыкча жакын. Ал чарчап-чаалыккан жана талкаланып бүткөн адамдарды көтөрөт жана

аларды: “Кимиңерге акылмандык жетишпей жатса, баарына берешендик менен, жемелебестен берген Кудайдан сурасын, ага берилет” (Жакып 1:5) деп чакырат.

Өтө көптөгөн татыктуу аялдар өзүлөрүн жалгыз, башкалардан бөлүнүп калгандай сезишет. Биз өз күрөшүүбүздө бириккен сыяктуу эле, өз күчүбүздө да биригишибиз керектигин түшүнүүгө убакыт жетти. Эгерде силер азыр өзүңөрдү жалгыз жана күнөөлүү сезип жаткан болсоңор – анда, бул калп. Силер жалгыз эмессиңер. Силердин Теңир күнөөлөөчү эмес, куткаруучу.

Мына ошондуктан, коом абдан маанилүү. Биз азыр башыбыздан өткөрүп жаткан оорчулукту башынан өткөргөн адамдар менен баарлашуу, бизди ишенимде бекемдейт. Биздин ишенимибиз өсөт жана Кудай алар менен кандай ишенимдүү болгон болсо, биз менен да ошондой эле ишенимдүү болот. Мен силерди ишендирип кетким келет:

Кудай силерге ачууланбайт.

Ал силерди күнөөлөбөйт.

Ал силерге жардам бергиси келет.

Анан да, силер жалгыз эмессиңер.

*Ата, мен жалгыз эместигим үчүн жана Сен мени күнөөлөбөстүгүң үчүн, мен Сени даңктайм. Мени Өзүңдүн айыктыруучу ыйык катышууңа кабыл алгандыгың үчүн сага чын жүрөктөн ыраазымын. Айыккандан кийин, мен өз жолдорум тууралуу башкаларга аларды да шыктандыруу үчүн айтып берем.*

## *Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, МЕН ЖАЛГЫЗ ЭМЕСМИН, ТЕҢИР - АЙЫПТООЧУ ЭМЕС, МЕНИН КУТКАРУУЧУМ.

4

# КУДАЙГА УГУЛГАНДАР

*“Бирок Кудай укту, менин жалынган үнүмө кулак салды”.*

ЗАБУР 65:19

Көптөгөн кичинекей балдардын ата-энелери силерге: кээде биздин кымбаттуу периштелерибиз - балдарыбыз мушташышат, урушушат жана өзүлөрүнүн каалаганына жетиш үчүн чырдашат. (Эгер чынчыл боло турган болсок, кээде өзүбүз деле ушинтебиз). Эки жашар чыр менен талашуу туу чокусуна жеткенде, наристеге каалаганын берип, бул күрөштө анын утуп алышына мүмкүнчүлүк берип коюуга туура келет. Ушинтүү менен чоң киши эмки күрөштө жеңүүгө үмүттөнөт, бирок ал жеңиштин баасы бир топ жогору болоорун ойлобойт. Чыр салуу менен биз болгону жаман кыялды бекемдеп коёбуз, натыйжада, баары өзүбүзгө каршы бурулат. Акыр-аягында баланын өзүнө туура эмес мамиле кылган болосуңар. Биздин Асмандагы Атабыз – эң бир акылман ата-эне. Ал биздин көз жашыбыз жана талаптарыбыз бир топ баалуу нерсеге – биздин мүнөзүбүзгө коркунуч келтирерин билет.

Мен өзүм да каалаганыма жетиш үчүн чырдаган кездерим болгондугун мойнума алам. Мен кыңшылап, арызданчумун: “Кудайым, эмне үчүн алардын мунусу бар, меники жок?” Же: “Теңир, Сен билесиң го чындык мен тарапта экендигин, аларга ушуну көрсөтүп койчу”. Айрыйкча, мен күйөөм жана башка

машайакчылар менен талаш пайда болгон кезде ушинтип айтчумун. Мен Кудай алардын сыйынуусун токтотуп туруп, анан менин канчалык чынчыл экендигимди аларга айтса деп элестетчүмүн. Албетте, мен мындай сыйынууларыма эч качан жооп алган эмесмин жана ал үчүн Кудайга ыраазычылык билдирем. Анткени, Кудай бизге биз каалаганды эмес, бизге керектүүнү берет да.

Сыйынуунун жоопсуз калгандыгынын көптөгөн себептери бар, бирок, бул Кудай укпагандыгы үчүн эмес. Ошол учурда биз түшүнбөгөнүбүз менен, Ал дайыма биздин жогорку жыргалчылыгыбыз үчүн гана кам көрөт. Биздин сыйынуубуз жан дүйнөбүздөн чыгып жатабы же убактылуу эле өзүмчүлдүк каалообуздан улам айтылып жатабы, Ал мунун баарын так билет. Ал түбөлүк ойлорго жооп бергендей аракеттенет. Ишенимде өсүү менен мен өзүмдү жана башка адамдарды Кудайга ишенип тапшырууга үйрөндүм. Анын адилеттүүлүгү мен айтпасам деле салтанат курат. Биз дайыма Кудай биздин жашообуздун үстүнөн болгон Өзүнүн жеткилең бийлигин көрсөтүү менен, Ал бизди угат жана жооп берет деген ишенимде болушубуз керек.

*Теңирим, мен сүйлөгөн кезимде Сен мени Өз акылмандыгың жана эркиң менен жан дилиңден угуп жана жооп берериң үчүн, мен Сага ыраазымын. Менин келечегим Сенин колуңда ишеничтүү.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ МЕН, КЕЛЕЧЕГИМДЕ МАГА ЭМНЕ ДАЯРДАЛГАНДЫГЫН БИЛГЕНДИН КОЛУНДАМЫН.

5

# БИЗДИН ЧЫНЫГЫ КААЛООБУЗ

*“Мен тоо тарапка көз чаптырам, мага жардам кайдан келет? Жардам мага асман-жерди жараткан Теңирден келет.”*

ЗАБУР 120:1-2.

Ар бир адам өзүндөгү нерсени берүүгө умтулат. Кимдир бирөө үчүн – бул акча, бийлик же дүйнөлүк ийгилик, башкалары үчүн – сүйүү, жыныстык катнаш же шыктандыруу. Бул жакшы иштер болушу да мүмкүн, адамдарга жардам берүү же адилеттик үчүн күрөшүү. Бирок, биз өз максаттарыбызды Кудайдан издебесек, анда бизди көңүл калуу күтүп турат. Туура эмес жерден туура нерсени издөөнүн натыйжасы болбойт.

Биз көзүбүздү асманга көтөрүшүбүз керек, анткени, бизге жардам Жараткандан келет. Ошол жактан гана бизди жаралгандагы максатыбыздын аткарылышына карай жетелеген мелтилдеген булакты жана максатыбызды табабыз. Эгерде биз өзүбүздүн жеке каалообузга тырышчаактык менен жармашып ала турган болсок, анда Ал бизди токтотпостугу кейиштүү чындык. Эдем багында Адам менен Обону жемишти үзүп алуудана кармап калбагандай эле, Кудай бизди да умтулууларыбыздан кармап калбайт. Ал биздин чыныгы каалообуз болушун каалайт, бирок, ал тургай ал азапка айланып кеткен кезде да, тандоо эркиндигин бизге калтырат.

Римдиктерге жазылган каттын 1-бөлүмүнүн 28-аятында Пабыл минтип жазган: “Алар Кудайды таанып билүүнүн кажети жок дешкендиктен, ыпылас иштерди жасаган аларды Кудай ыпылас ойлорунун жетегине таштап койду” (Рим. 1:28).

Качан биз кежирлик кылып: “Жок, мен эмнени каалап жатсам, ошону гана каалайм” деп, жер тепкилеп туруп ала турган болсок, Кудай артка кетенчиктеп, биз каалаган нерсеге жетишибизге жол берип коёт. Бирок, убакыттын өтүшү менен биз ошентип жеткен нерсебиз бизге кубаныч алып келбегендигин түшүнөбүз. Кудай бизди жазалоону жана туткунда кармаганды тап-такыр эле каалабайт. Ал бизге сунуш кылат, Ал бизди Өзүнө чакырат: “Ошондон кийин гана келгиле, ошондо талкуулап көрөбүз, – дейт Теңир. – Эгерде силердин күнөөлөрүңөр кыпкызыл болсо, Мен аны аппак кардай агартам. Эгерде кочкул кызыл болсо, Мен аны ак жүндөй агартам. Эгерде тилимди алууну каалап, Мени уксаңар, анда жердин ырыскысынан жейсиңер” (Ышайа 1:18,19).

Анда келгиле, өз жүрөктөрүбүздү тил алчаактык жана Анын эркин аткарууга болгон каалоого толтуруп, Ага кайрылалы. Келгиле, колдоонун жана күчтүн булагынын башатындай болгон Ага чуркап келели.

*Асмандагы Атакем, жашоону кудайсыз нерселерден издегеним үчүн, мени кечир. Менин жашоомдун булагы жана колдоо – Сенде гана. Менин жүрөгүмдү тазала жана анда Сага карата суусоонун жана тил алчаактыктын өсүшүнө жардам бер.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, АСМАН МЕНЕН ЖЕРДИН ЖАРАТУУЧУСУ МЕНИ УШИНТИП ЖАРАТКАН!

6

# КАНААТТАНГАН

*"Төшөгүмдө жатып Сени эстегенде, түн ичинде Сен жөнүндө ойлогондо, менин жаным майга жана зайтун майына тойгонсуп, оозум Сени кубанычтуу үн менен даңктайт. Анткени Сен менин жардам берүүчүмсүң, мен Сенин канатыңдын далдасында шаттанам. Жаным Сага байланды. Сенин оң колуң мени колдоп турат".*

ЗАБУР 62:6-9

Силерди дасторкондо ар кандай даамду тамак-аштар коюлган банкетке чакырышканын, бирок, силер өзүңөрдү кармап турган маалды эстесеңер. Тамак-аштарды жеп силер ырахат алдыңар, бирок ашыкча жеген жоксуңар. Тойдон кийин уктаганда силер ыңгайсыздыкты же оордукту сезген жоксуңар – бир гана токчулукту жана эс алууну берген канааттанууну сездиңер.

Ушундай каннаттанууну бир гана дене эмес, бирок жан дүйнө да башынан өткөрөт. Биз да Дөөт сыяктуу, төшөктө жатып алып Кудайдын адилетүүлүгүн – же болболсо өзүбүздүн кыйынчылыктарыбызды жана ийгиликсиздиктерибизди эстесек болот. Биз Атабызды кереметтери жөнүндө ойлоп, өз акылыбызды тынчтандырышыбыз керек. Өз балапандарын бардык кыйынчылыктардан канаты менен коргоп жаткан кубаттуу кушту элестетип көргүлө. (Мындан ары мен өзүмдүн Жубатуучумду дал ушундай деп көрөм!)

Ошондо уйку бизге эс алуу жана калыптанууну берет. Мындай ыраазычылык жана урматтоо атмосферасында жүрөгүбүз жашообуздагы Теңирдин жардамы жана коргоосу жөнүндө ырдайт. Ар бир күн Анын урматына болгон майрам болушу мүмкүн.

Уйку – бул чоң табышмак. Бул убакытта биз өзгөчө алсызбыз: эс-учубуз өчүрүлөт жана биз бир нече саатка реалдуулуктан тышкары чыгып кеткен сыяктуу болобуз. Көбүнчөбүз азыркыга караганда бала кезибизде бекем уктачубуз. Балдар канааттанган жана бейкапар болгондуктан, күндүзгү түйшүктөрдү оңой эле унутуп, түндүн кучагына оңой эле багынып беришет. Чоңдор үчүн болсо, жыл өткөн сайын күндүзгү ызы-чууну түнкү бейпилдиктен ажыратуу кыйын болуп баратат. Биз көп учурда төшөгүбүзгө бизге  керек эмес болгон нерселерди алабыз. Жыйынтыгында, тынчсыздануу менен коркунучтар биз менен таң атканча калат, биз болсо кечиндегинден да көбүрөөк чарчаган болуп ойгонобуз.

Эгер мен уйкунун алдында тынчсызданган ой жүгүртүүлөргө жол берсем, жакшы уктай албаарымды байкадым. Түн – бул көздөрүңдү жумуп, өткөн күндү коё берип жана жүрөгүңдү Кудайга ача турган убакыт. Забур 126:2де мындай дейт: "...Өзү сүйгөн адамга уйку берет." Көңүл бургула: бул жакта уйку күнүн туура өткөргөн, кемчиликсиз адамдарга берилет деп турган жок. Ал уйкуну сүйүктүү балдарына берет деп турат, ал балдары болсо силерсиңер. Силерди бүгүнкү түнү Кудайдын жакшылыгы жана коргоонучу сүйүүсү менен жаманыдырып атканын элестетүүңөрдү каалайм. Эгерде, силер өзүңөргө толугу менен Ага ишенүүгө мүмкүнчүлүк берсеңер, мен ишенем – эртең менен ойгонгондо силердин жүрөгүңөрдө сыйынуу ырларын угасыңар.

*Теңирим, мен ар бир түндө, жашап өткөн күндүн кемчиликтерин коё берип, Сенин кемчиликсиз сүйүүң жөнүндөгү ой жүгүртүүлөргө кирем. Сен мени сүйөсүң, анткени Сен – сүйүүнүн өзүсүң. Мага уйку бергендигиң үчүн ыраазымын.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, АСМАН МЕНЕН ЖЕРДИН ЖАРАТУУЧУСУ МЕНИ УШИНТИП ЖАРАТКАН!

7

# СҮЙҮҮ МЕНЕН ТЫНЧТАНДЫРЫЛГАН

*"Сенин Кудай-Теңириң сени менен: Анын сени куткарганга күчү жетет. Ал сен үчүн абдан кубанат, Өз сүйүүсү менен сага ырайым кылат, сен жөнүндө шаттанып салтанат курат".*

СЕПАНИЯ 3:17

Көпчүлүгүбүз сексуалдык шумдуктарды башыбыздан өткөрөбүз. Башкалары болсо, сексуалдык шумдук мамилелерде жашап жатышат. Дагы бирөөлөр каражаттагы шумдуктарды баштан өткөрүшүүдө. Тири-шумдуктар менен күрөшүүнүн эң жакшы ыкмасы – бул кыялдануу деген тыянакка келдим.

Балдарым түн ортосунда ойгонуп кетип, коркуп, дүрбөлөңгө түшүп, кыйналып турушканда – аларды көкүрөгүмө кысчумун. Кээде аларды терметип же кээде жандарына кошо жатчумун. Күйөөм алыс жакта болуп, кеч болгон учур болсо, анда аларды төшөгүмө алып жатчумун. Эмнеге? Анткени, алар мен алардын жанында экенимди сезишсе дечүмүн. Кучагымда жатып алар коркунучтары тууралуу айтып беришчү. Аларга өз сүйүүм, Кудайдын сүйүүсү жөнүндө шыбырап айтчумун, Кудай дайым алардын жанында экендигин жана аларды сактаарын айтчумун. Алардын дем алуусу бир калыпка түшкөнчөктү бешик ырын ырдап берчүмүн, алар кайрадан уктай баштаганын билчүмүн.

Коркунучка дуушар болгон баласына эненин аярлап жасаган мамилеси Кудайдан жүрөгүнөн чыгат. Бул бизди сооротуш үчүн, Анын үнүнүн назик жаңырыгы. Коркунуч каптаганда, ийгиликсиздиктер болгондо, ооруганыбызда Кудай биздин Ага жакындашыбызды,

эч качан Андан алыстабашыбызды каалайт. Ал бизди Өз кучагына корголоого чакырат.

Мага өз кызын сүйүп, кайра уктасын, эс алсын, айыксын деп терметип отурган атанын образы жакын. Кудай-Атаңар бүткүл жүрөгү менен силерге так ушундай кылууну каалаганына ишенем:

- Силерди кучагына кыскысы келет
- Күнөөнүн, уяттын тактарын жууп салгысы келет
- Силердин коркунучуңарга чындыктын жарыгы менен жооп берип аны жок кылгысы келет
- Үмүт демин үйлөп жана келечегиңерди ачкысы келет
- Ичиңердеги бороон тынчыганга чейин силерди терметип отургусу келет
- Силерге тынчтыкты кайтаргысы келет
- Жүрөгүңөрдө кайрадан үмүт отун жандыргысы келет.

Кудай алыс эмес. Ал жакын, жардам берүүгө дайыма даяр. Ал бизди Өзүнүн улуу күчү менен куткарат. Алсыздыктан же коркунучтан улам ыйлаганыбыз аны кыжырдантпайт. Энелер өз балдарын соороткондо кубанган сыяктуу, Ага да Өз балдарын сооротуу кубаныч алып келет. Бирок, эгерде энелик сооротуунун кандайдыр бир чеги болсо, анда Кудайдыкынын Анын сүйүүсү сыяктуу эле чеги жок. Аны чакыргыла – Ал жакындайт жана силер өзүңөр эптей албай жаткан ичиңердеги бороонду токтотот.

*Кудайым, Сепания китебиндеги 3:17 аят боюнча ишеним менен Сага жакындайм, Сен жанымдасың, Өз сүйүүң менен сооротосуң. Муну ойлоо жолумдагы ар кандай тоскоолдуктардан күчтүүрөөк. Мен өзүмдү Сенин кучагыңдагы эс алууга берем.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, КУДУРЕТТҮҮ ЖАНЫМДА, АЛ ӨЗ СҮЙҮҮСҮ МЕНЕН МЕНИН ЖАНЫМДЫ ТЫНЧТАНДЫРЫП ЖАТАТ.

8

# КУДАЙ ТАРАБЫНАН САКТАЛГАНДАР

*“Баарынан да, сактай тургандардан жүрөгүңдү сакта, анткени өмүрдүн булагы анда”.*

НАКЫЛ. 4:23

Силердин үйүңөрдө кайсы буюм абдан баалуу? Эгерде аны уурдап кетишсе же ал жоголуп калса эмне болмок? Балким, аны сактаган акчаңардын же камсыздандыруунун эсебинен калыбына келтирип коё алаттырсыңар. Албетте, бул жагымсыз, түйшүктүү болмок, бирок, катуу кырсык эмес. Үйүңөрдөгү кайсы нерсе эмоциялык жактан силерге кымбатыраак? Балким, мага окшоп эски сүрөттөр сакталган альбомдор же башка эстей турган нерселерге байланышкан бир нерседир. Эгерде ушундай нерселер жоголуп кете турган болсо, аны калыбына келтирүүгө таптакыр мүмкүн эмес. Болгону анын жоголгонуна ынанып, баш ийүү гана калат. Мындай кырдаалда аябай эле жаман болмок, бирок, жашоо улана берет. Чындык мына мында: үйүңөргө ууру кирип, материалдык же эмоциялык жактан баалуу нерсени уурдап кетсе да, ал баары бир эң кымбат казынаны – силердин жүрөгүңөрдү уурдай албайт.

Чынында жүрөк качан уурдалат? Эгер силер жүрөктү аны кармап турууга жөндөмдүү болгон кимдир бирөөгө же эмнедир бир нерсеге уруксат берген кезиңерде гана, ал жоголот. Ошондогу жоготуу чынында эле өтө оор болот. Ошондуктан, Кудай Аны бүт жүрөгүбүз менен сүйүшүбүздү айтат, анткени, биздин жүрөгүбүз Анда гана коопсуздукта болот. Силердин жүрөгүңөр - силердин байланып

калгандыгыңар күчкө ээ “калган өмүрүңөрдүн баарына таасир этет” (Накыл 4:23).

Бизди өз жүрөгүбүздү сактоого чакырган аят таза, жаңы, коопсуз суудай - ал айланасынын баарына өмүр тартуулап турат. Булак чын эле аны курчап тургандардын баарына таасир этет. Өсүп-өнүгүүнүн баары суунун булагы бар жерлерде болгондугу бекеринен эмес. Кургак жерлердеги булак болсо, өмүр менен өлүмдүн ортосундагы чек ара сыяктуу. Булак кирдеп же түпкүрдөгү суулардан бөлүнүп кала турган болсо, анда курчап турган ландшафтын баары өзгөрөт. Акыры баары соолуп жана өлүп калат. Ошондуктан, булакка көз салып туруш керек. Аны сакташ керек, караш керек, булгай турган нерселерди жолотпош керек жана анын түпкүр менен болгон байланыштарын колдоп туруу керек.

Биз жүрөгүбүздү калган бүт жашообузга өмүр бере турган суу сыяктуу сакташыбыз керек. Биз аны таарынычтан, ачуу нерселерден сактап, булгабаганга аракеттенишибиз керек. Сыйынуу жана даңктоо аркылуу чыныгы Булак менен байланышты кармап, аны соолуп калуудан сакташыбыз керек. Өз жүрөгүбүздү калп байланып калуулардан сакташыбыз керек, аны алып кете турган бул дүйнөдөгү нерселерге сатып алууга уруксат бербешибиз керек. Качан силер өз жүрөгүңөрдү Ыйса айткандай,: “Кудай-Теңириңди чын жүрөгүң менен, жан-дилиң менен, бүт акылың менен сүй” (Матай 22:37) деп алпештегениңерде, Ал силерди коопсуздукта сактап жана гүлдөп-өсүүңөргө мүмкүнчүлүк берет.

*Теңир, Сага жүрөктү бүтүн бойдон кантип бериш керектигин жана кантип аны ишенимдүү жерде сакташ керектигин мага көрсөт. Мен Сенин коргооңдо гана толук коопсуздукта болоорумду билем.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, ӨЗ ЖҮРӨГҮМДҮН БУЛАГЫН САКТАЙМ.

9

# УНЧУКПООДО

*“Токтогула, Менин Кудай экенимди таанып билгиле”.*

ЗАБУР 45:11

Бүгүн уктаар алдында эксперимент жүргүзүп көргүлө. Күндөгү адатыңардай эле кечки иштериңерди кылып жатканда тынчтыкта жана жүрөгүңөрдү Кудайга ачып коюп жөн гана жатып көргүлө. Муну Ага табынууга чакырык катары жана Аны жымжырттыкта таануу катары кабыл алгыла. Анын кудайлык табиятын таанып-билгиле, Ага силердин жашооңордо – кубаныч менен кайгыда, тиричиликтеги бурганактарда жана чаташкан абалдарда Өзүн көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк бергиле. Силерди уйку тартып кеткенге чейин Ал силерге сүйүүсүн шыбырап айткысы келет.

Таптакыр тынчтыкта болуп, жөн гана уккула. Эгерде силер карама-каршылыктарды баштан кечирип жаткан болсоңор, актанууга аракеттенбегиле. Унчукпагыла жана ушул жымжырттыкта Кудайдын сүйлөшүнө уруксат бергиле. Силер өзүңөрдүн актыгыңарды далилдөөнү токтотконуңарда гана Аны уга аласыңар.

Сыйынуу жана медитация биз эмне айтып жатканга караганда, эмне угуп жатканыбыз менен көбүрөөк байланышкан. Качан биз сыйынуу жөнүндө ойлогонубузда биз аны мындайча элестетебиз – биз өз жүрөгүбүздү төгүп Кудайга айтабыз, өз суранычтарыбыз менен Ага кайрылабыз. Мунун баары жакшы, бирок, сыйынуу муну менен эле бүтпөйт. Жүрөк эмнеге суусап турса, Андан ошол нерсени сурай турган убактысы бар. Ага сыйынып, акыйкаттыкты

сурай турган учур бар. Бирок, биздин сөздөрүбүздүн шаркыраган агымы, бизди чындап тазалоо үчүн алсыз. Алар болгону биздин көз карашыбызды көрсөтөт. Анын ичинен тазаланууну издөө үчүн, ойлорумдун агымы өтө булганган жана тынчы жок.  Ал болгону чаташтырып салат, түптөн ылайкаларды сузат жана күмөнсүүнүн баш аламандыгын козгойт. Тазалык түпкүрдөгү – таза суудан келет, ал жаңыланууну берет, күнөөлүү сезим менен уятты алып салат.

Токтогула. Пауза жасагыла. Кудай силерге эмне дегенин угууга убакыт бөлгүлө. Эгерде кечинде силерди дүрбөлөң ээлеп, тынчсызданткан сезимдер келип жатса, анда аларга күчүңөрдү соруп алууга жана тынчтыгыңарды бузууга жол бербегиле. Төшөктө жатып алып болуп өткөн жагымсыз нерселерди кайра-кайра эстей берүүнүн кереги жок. Анын ордуна чыныгы тынчтыкты бере Турган менен тынчтыкта болууга боло турган мүнөттөрдөн пайдалангыла. Силер уктап жаткан кезде силерди Ал гана жаман ойлордон тазалап жана жан дүйнөңөрдү тынчтык менен толтурат. Ал эми, эрте менен турганыңарда, төмөнкүгө күбө болосуңар, “Теңир ырайымдуу болгондуктан, биз жок болуп кеткен жокпуз, анткени Анын ырайымы түгөнгөн жок. Анын ырайымы ар бир таңда жаңырып турат. Сенин ишенимдүүлүгүң зор” (Жер. Ыйы. 3:22-23.)

*Ата, качан мен уйкуга кеткенимде, менин жанымды тынчтандыр жана менин жүрөгүмө кара. Сен гана менин күлүк ойлорумду токтото аласың. Мен ушул күндүн акыркы көз ирмемдерин Сага арнайм жана менин ойгонушума Сен даярдап койгон жаңы ырайым үчүн ыраазычылык билдирем.*

*Мен күчтүүмүн*

КАЧАН ӨЗ КУДАЙЫМДЫН АЛДЫНДА ТЫНЧТЫКТА ЖАНА БЕЙКУТТУКТА БОЛГОНУМДА.

# Рухта күчтүү

I

# ЫРДЫН КҮЧҮ

*“Теңирге жаңы ыр ырдагыла, анткени Ал укмуштарды жаратты. Ага Өзүнүн оң колу жана ыйык билеги жеңиш алып берди”.*

ЗАБУР 97:1

Сүйүү менен музыканын ортосунда, чыныгы кудайлык байланыш бар. Алар бири-бирин ачып, толуктап, күчтөндүрүп турат. Музыканын башка өлчөмдөргө алып баруучу жөндөмдөрү бар. Музыкага киргизилген сөздөр, жүрөгүбүздүн андан башка нерсе жете албай турган бурчтарына кирип кете алат. Ар бирибиз ырдын таасири менен жок дегенде бир жолу чоң кубанычтын экстазын сезгенбиз же кайгынын тереңине чөмүлгөнбүз.

Музыка – биздин Кудайга болгон сүйүүбүздү ойготуучу зарыл ачкычтардын бири, анткени ал бизди азыркы реалдуулуктан сырткары – туура Кудайдын алдына алып кете алат. Ал чын жүрөктөн чыккан, эң терең сезимдерди ачыкка чыгарып, бизди Кудайдын жүрөгүнө жакындатат. Эмоция ашып – ташып сөздөр жетпей атканда ал биз үчүн сүйлөйт.

Музыкада ыйык майлоо бар экенин билесиңерби? Ошондуктан, аны акыл менен тандоо зарыл. Байыркы Келишимде көп учурда ыйык майлоо падышага, дин кызматчыга же пайгамбарга елей майын куюу менен коштолгон. Бул Кудайдын Рухунун көрүнүктүү, материалдык көрүнүшү болгон. Жаңы Келишимде болсо, майлангандык жүрөгүбүздө Ыйык Рухтун бар экендигин жана Машаякты ачып берүү үчүн бизге таасир этүүчү Анын күчүн билдирген. Бизди Кудайдын алдына тарткан такыбаа жана майланган музыкага күч берген - бул

Ыйык Рух. Кээ бир сыйынуу учурларында Анын катышуусун сезгендик мени толугу менен ээлеп алчу. Башка учурда Аны көздөрүм менен көрбөсөм да, Ал бардык жан дүйнөмдү толтуруп жаткандай сезилчү. Анын катышуусунда өзүмдү толук коопсуз, чындап сүйүктүү сезчүмүн. Музыка бизди эмоционалдык жактан башка дүйнөлөргө жеткире турган күчкө ээ, ошондуктан ал бизди алып бара турган жерлерди тандоо өзгөчө маанилүү. Эгер силер тазалыкта жашоого умтулуп жатсаңар, башка тарапка алып бара турган ар кандай таасирлерден сак болгула. Музыка биринчи коргонуу сызыгыңарды оңой эле айланып өтүп, силер аны каалабасаңар да, түз эле аң-сезимиңерге сиңип кетет. Силер ырдын сөздөрүн үн чыгарып айтпасаңар деле, бирок алар акылыңарда улам эле айланып жаткан учурлар болду беле? Баарыбыз эле: “Ыр жабышып алды, эч эле кутула албай атам!” – деген сөздөрдү көп эле жолу укканбыз.

Ошондуктан, туура эмес ырларды асмандагы ырларга алмаштыргыла. Жердеги бардык обондор жаман эмес, бирок, бардыгы эле силерди Кудайга жакындытпайт. Ал эми, асмандагы ырлар чынында эле жакындатат. Биз аларды ырдап жатканда, Ага болгон сүйүүбүздү жана умтулуубузду жарыялайбыз. Бул табынуунун бир формасы, ал эми табынуу болсо, бизге каалоолорубуздун обьектиси болгон нерсени көбүрөөк ачып берет. Силер Кудайдын катышуусунан ырахат алуу үчүн, музыканын күчүн колдоно аласыңар жана ал силерди сөзсүз Ага жакындатат.

*Теңир, музыка белегиң үчүн Сага ырахмат. Жүрөгүмдө ырдап жатканда менин жанымда бол жана рухумду бекемдөө үчүн, мени музыканын күчүн колдонууга үйрөт. Менин жүрөгүмдөгү ар бир ыр Сени даңтасын.*

*Мен күчтүүмүн*

АСМАНДАГЫ ЫРЛАРДЫ ЫРДОО ҮЧҮН,

ҮНҮМДҮ КАТУУ ЧЫГАРГАН КЕЗДЕ.

2

# ӨЗҮНӨ ИШЕНГЕН ЖАНА БИЛҮҮЧҮ

*“Биз Кудайдын алдында Машайак аркылуу ушундай ишенимге ээ болдук. Биз өзүбүз бир нерсе жөнүндө ойлонууга жөндөмдүү эмеспиз, биздин жөндөмдүүлүгүбүз Кудайдан.”*

2 КОРУНТТУКТАР 3:4,5

Чынын айтсам, жашоомдо өзүмдү толук ишенимдүү жана компетенттүү сезген бир дагы тармакты атай албайм. Жада калса, мен өзүмдүн компетенттүү эмес жактарымда гана ишенимдүүдүрмүн. Жакшы жаңылык, биз компетенттүү болууга милдетүү эмеспиз. Бул жөндөмдүүлүктү бизге Кудай берет. Ыйык Рухтун жетекчилигисиз, эч ким ишенимде жашай албайт. Дөөт падыша мындай деп сыйынган: “Кудайым, таза жүрөк жарат, рухумду жаңыла. Менден жүзүңдү бурба, менден Өзүңдүн Ыйык Рухуңду алба” (Забур 50:12,13).

Дөөт таза жүрөктүн булагы ким болгонун билген жана бул процессте Ыйык Рухтун катышуусун түшүнгөн. Жакан жазган Жакшы Кабар 20да Ыйса Өзүнүн шакирттери менен Ыйык Рух менен бөлүшкөн. Алар кечирүүнү үйрөнүүлөрү үчүн, Ыйык Рухка муктаж болгон. Корунттуктарга жазылган экинчи каттагы 3:6да мындай деп жазылган: “Ал бизге Жаңы Келишимдин кызматчылары болууга жөндөмдүүлүк берди. Бул кызмат болсо – мыйзам тамгасына эмес, Рухка негизделген кызмат.

Анткени мыйзам тамгасы өлтүрөт, ал эми Рух өмүр берет”. Анда эмне үчүн силер окуган Ыйык Жазуудагы сөздөргө жан киргизип, алар жанданып, ырайым алып келиши үчүн Ыйык Рухту чакырбайсыңар?

Ыйык Рух – убада кылынган Сооротуучу жана Кеңешчи. Ал бизди үйрөтөт жана Ыйса айткан нерселердин баарын эске салып турат. Биз Кудайдын Сөзүн окуп жатканда Устатыбыз жана Анын жүрөгүн ээрчигенибизде Жол көрсөтүүчүбүз бар - бул эң улуу белек. Рух биз көрүшүбүз үчүн - көзүбүздү, угушубуз үчүн – кулагыбызды жана ишенишибиз үчүн – жүрөгүбүздү ачат.

*Асмандагы Ата, мен Сага ишенгенимди билгендигим үчүн Сага ыраазымын. Ыйык Рух мени жетеле. Менин ичимде таза жүрөктү жана Сени угууга жөндөмдү, момундуктун жаңыланган рухун жарат. Өз өмүрүм менен Атамды даңктай ала турган жашоо менен жашоого күч бер.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, МАШАЙАК МАГА БИЛИМДИ ЖАНА ИШЕНИМДҮҮЛҮКТҮ БЕРЕТ.

3

# ДЕНИ САК ЖҮРӨК

*“Шайыр жүрөк даба болчу дарыдай жакшы таасир берет, кайгылуу рух сөөктү кургатат”.*

НАКЫЛ СӨЗДӨР 17:22

Ыйык Китеп чыдамкайлыкка кыжырданууну, ал эми тынчтыкты көрө албастыкка карама-каршы коёт. Чыдамкайлык түшүнүк берет, ал эми ачуулануу этиятсыздыкты күбөлөндүрөт. Тынчтанган жүрөк денеге өмүр берет, ал эми ичи тарлык, ачуулануу сөөктү ичинен жейт. Рактын кээ бир формаларын сөөк чучугун алмаштыруу менен айыктырганы кызык эмеспи? Сөөк чучугунун соо болушу абдан маанилүү. Сөөктөр – бул биздин денебиздин таяныч түзүлүшү, ансыз биз тура да албайбыз.

Ыйык Китеп руханий жүрөк менен ден соолуктун ортосунда терең, талашсыз байланыш бар экенин ачык көрсөтүп турат. Бул ар бир оору руханий көйгөйдү көрсөтөт дегенди билдирбейт. Биз кулаган, оорунун жана дарттын каргышынан жараат алган дүйнөдө жашап жатабыз. Айтайын дегеним ачуулануу, таарыныч, басылган ачуулануу, жүрөктү башкарган башка эмоциялар иммунитетибизге түздөн-түз таасир этет. Нил Кларк Уоррен “Каардануунү өзүңдүн өнөктөшүң кылып ал” деген китебинде, кыйратуучу оорулардын артында турган эң көп кездешкен эмоционалдык фактор - бул таарыныч деген. Экинчи орунда – көңүл калгандык. Ал көп учурда ачуулануунү басуу менен байланышкан бир катар физикалык ооруларды санап өтөт: баш оору, тамак сиңирүү көйгөйлөрү, суук тийүү, жоон ичегинин сезгениши жана гипертония.

Башка изилдөөлөрдө мындай кеселдер артриттин ар кандай формаларын, дем алуу органдарынын, теринин оорусуна, моюндагы, белдеги ооруларга, рактын кээ бир формаларына алып келери айтылат. Илим эми гана моюнга алып жаткан нерсени, Ыйык Китеп кылымдар бою эле айтып келе жатат. Мисалы, акылмандыктын булагынан кантип сузуп алышыбыз керектиги жөнүндө Накыл сөздөрдөгү аяттарда (3:5-8) минтип айтылган:

> "Бүт жүрөгүң менен Теңирден үмүттөн, өз акылыңа таянба. Бардык жолдоруңда Кудайды таанып бил, ошондо Ал сенин жолдоруңду багыттайт. Өзүңдү акылман эсептебе, Теңирден корк, жамандыктан кач."

Бул сөздөрдө: Кудайдын жолу менен жүрүү денени айыктырып жана сөөккө күч берери жөнүндө айтылат.

*Теңир, менин жүрөгүмдү жана ден соолугумду Сен Өзүң бирге байланыштырып койгонсуң. Денемде керексиз издер калбашы үчүн, рухумдун саламаттыкта жашашына жардам бер. Мага денемди да, жанымды да Сенин акылмандыгың менен сугарууга жардам бер.*

## *Мен күчтүүмүн*

КАЧАН МЕН ӨЗ ЖҮРӨГҮМДҮ

САЛАМАТТЫККА ЖАНА ЖАШООГО

БОЛГОН СҮЙҮҮГӨ ТОЛТУРГАНЫМДА.

4

# АЯЛДЫК ТАБИЯТТЫ КАБЫЛ АЛУУ

*“чындыкты сүйүү менен айтып, бардык жагынан Башчыбыз Машайакка окшошуп өсүшүбүз үчүн...”*

ЭФЕСТИКТЕРГЕ 4:15.

Негизи аялдык табияттын жана аялдык дененин биримдиги, камкордук, назиктик болуп жаралган. Денебизде кескин сызыктар жок, бирок ийкемдүү ийилген сызыктар бар. Бизге эркектерге караганда көбүрөөк боорукер жана ырайымдуу болуу жөндөмү берилген. Биз сүйүүнү да, ооруну да – тереңирээк жана назигирээк сезебиз. Эркектерге караганда сезимталыраакпыз, таптакыр чоочун адамдардын оорусун, кыйынчылыктарын, азаптарын көрүп көзүбүз жаштанат. Бирок, бизге бул сезимдерди эркин билдирүүгө уруксат берилбесе, биз жарылып кетүү коркунучуна кабылабыз – сыртыбыздан же ичибизден.

Чындап эле жарылсак эмне болот? Ыйык Китептеги мен анча жактырбаган эки аят так эле ушул нерсе никеде кандайча болорун көрсөтөт. Мага алар үйлөнгөн алгачкы күндөрүмдө көп айтылчу. Биринчиси: “Ажаан аял менен заңгыраган үйдө жашаганча, үйдүн чатырынын бир бурчунда жашаган жакшы” (Накыл Сөздөр 25:24). Экинчиси андан да катуурак угулат: “Ажаан, ачуулуу аял менен жашаганча, ээн талаада жашаган жакшы” (Накыл Сөздөр 21:19).

Ох! Чатырдын бир бурчунда жашоо деген ачык асман алдында, аба ырайынын шарттарынан корголбогон абалда калуу дегенди билдирет. Чатыр жамгырдан, кардан, шамалдан же күйгүзгөн күндөн коргой албайт. Ошентсе да, ажаан аял менен бир үйдү бөлүшкөндөн көрө,

ошондой шарттарда жашаган жакшы деп ырастап жатат Сулайман. Жолдошум Джон менен байыркы адамдар чатырды терраса же веранда катары колдонушкан деп талашып-тартышчумун, бирок Ыйык Жазууда эмне үчүн бул ойду кайра-кайра кайталай бергенин түшүндүрүү мага кыйын болчу. Ачуулу, ажылдаган жана урушчаак аял менен жашагандан көрө, чөлдө же токойдо жыландар жана чаяндар менен жашаган жакшы. Кастык чарчатат. Башкаларды гана эмес, өзүбүздү да. Аялдар ден соолугу чың, кумарлуу, мээримдүү, боорукер болуу үчүн жаралган. Биз баштапкы табиятыбызга, Кудайдын биз үчүн койгон планына каршы чыкканда, денебизге согуш жарыялагандай болобуз. Жашоодогу өмүр берүүчү, чыгармачыл, канааттандырарлык ролубуздан алыстап калабыз. Бул роль болсо, биздин үйлөнгөнүбүзгө же үйлөнбөгөнүбүзгө карабастан берилген.

Ойлорубузду, сезимдерибизди, алар жарылып кете жаздагангадай тереңдикке түртүп жиберүү азгырыгы келгенде, эсибизде болсун: бул эч кимге пайда алып келбейт. Бизди чыр-чатактан сактап калбайт, тескерисинче бизге, жаныбыздагыларга азап келтире турган ички чыңалууну гана жарататат. Андыктан, чындыкты сүйүү менен айталы – аны уга ала тургандай кылып айталы. Келгиле, өзүбүздүн табиятыбыз менен дени сак, кумарлуу, мээримдүү болуп - Кудай бизге берген гармонияда жашайлы.

*Теңир, мага аялдык табияттын чыныгы маңызын ачып бер. Мага назик болууну, ошол эле учурда күчтүү болууну үйрөт. Сага ачык жүрөк менен кантип кызмат кылууну жана мага берген үнүңдү колдонуп, чындыкты сүйүү менен айтууну көрсөт мага.*

*Мен күчтүүмүн*

ЧЫНДЫКТЫ СҮЙҮҮ МЕНЕН АЙТЫП, ӨЗҮМДҮН ТАБИЯТЫМДЫ КАБЫЛ АЛЫП ЖАНА АГА КУБАНГАНДА.

5

# КАРМАНУУНУН КҮЧҮ

*“Момундук менен айтылган жооп каарды toktotot,*
*ал эми кордогон сөз ачууну козгойт”.*

НАКЫЛ СӨЗДӨР 15:1

Көпчүлүк учурда, сүйлөшүүлөрдүн башка нукка бурулуп кетип атканын, мен анын мүнөзү жакшыдан жаманга, же тескерисинче, чыңалгандан достукка өзгөрүлгөн учурду байкаганымды эстейм. Кээде мен Ыйык Рухтун эскертүүсүн угам: “Тынчтыкты сакта. Үнүңдү азайт. Жумшак жооп бер. Тилиңдин учунда турганды айтып салбай, Менин акырын чыккан үнүмдү угуп жана Менин сөздөрүмдү сүйлө”. Кээде баш ийип, угам... Кээде болсо, баш ийгенден мурда, мен бир кыстырма кошуп кеткенге аракет кылам жана ар дайым бул акылсыздык канчалык кымбатка турарына ынанам.

Мен кантип угулуунун сырын билип алдым. Чынында бул өтө эле жөнөкөй нерсе: эгер, сени угушун кааласаң – сен өзүң кандай уккуң келсе, ошондой сүйлө. Балдарым, күйөөм, кесиптештерим жада калса, менин итим да – мен алар мага кандай сүйлөштөрүн каалсам, ошондой сүйлөшкөн кезде, алардын кабыл алуусу да өтө жакшы болорун билем. Мени менен акырын, урматтоо менен жана назик сүйлөшкөндө, мага угуу жеңил болот. Мага кыйкырбаганда, мен жакшыраак угам. Көңүл бурдурууга, сыйга жана кызыктырууга кыйкырып же болбосо сөздү кайра-кайра кайталоо менен жетпейсиң. Биз эмнени жана кантип сүйлөп аткандыгыбыз маанилүү. Эгерде адам кыжырдануу абалында болсо, аны эч ким олуттуу кабыл албайт. Ооба, ал өз каалаганына жеткен учурлар болот, бирок баары бир ошого жараша төлөөгө туура келет. Эмнеге

биз чыр салып, кыйкырган учурлар болот? Себептери көп болушу мүмкүн. Алардын кээ бирлери төмөнкүлөр:

1. Биз бизди укпай коюшат деп коркобуз.
2. Мурда бул ишке ашчу (биз өзүбүздүкүнө жетишкенбиз).
3. Биз башкаларды коркутуп койгубуз же көзөмөлдөгүбүз келет.
4. Биз бул моделди бала чагыбызда өздөштүргөнбүз.
5. Чечилбеген көйгөйлөр бизди ачуулантат.
6. Бул жаман адат.

Бул себептердин көпчүлүгү – коркунучтун айынан. “Анткени Кудай бизге коркунучту эмес, күчтү, сүйүүнү жана өзүн өзү башкара билүүнү берүүчү Рухту берген” (2 Тиметей 1:7). Качан биз өз алсыздыгыбызды сезгенибизде кыйкырып, драма аткарабыз. Биз өзүбүздүн гана кызыкчылыгыбызды ойлогон маалда, башкаларды коркутуп жана көзөмөлдөгүбүз келет. Жеткилең сүйүү коркунучту кууп салмайынча, биз өткөнгө кайрыла беребиз. Кечээки көйгөйдү бүгүнкү күнгө чейин көтөрүп жүргөн кезибизде, биз абдан кескин таасирленебиз.

Биздин ой жүгүртүү образыбыз өзгөргөн маалда жаман адаттарыбыз да талкаланат жана коркунуч биздин үстүбүздөн бийлигин жоготот. Эмне гана болбосун, мен кырдаалды көзөмөлдөй албай тургандыгымды эчак эле түшүнгөм. Мен өзүмдү гана башкара алам, бирок, акырында баары Кудайдын гана колунда экендиги маалым.

Бул чындыктын кабыл алынышы, бизди чындап угулушубуз үчүн сүйлөй ала турган, ошол акыл абалына алып барат.

*Теңирим, качан мага өзүмдү оодуктоо кыйын болуп кеткенде, жок дегенде өз сөзүмдү жана үнүмдү көзөмөлдөшүм керектигин эскертип койчу. Өз ырайымың менен мени Сенин акырын чыккан үнүңө сергек болууга үйрөтчү жана ал мени дайыма жетелеп жүрсө экен.*

*Мен күчтүүмүн*

КАЧАН ТОКТОО ЖАНА АКЫРЫН СҮЙЛӨГӨН КЕЗИМДЕ.

6

# КУМАРДАНГАН

*“...(күнөө) сени өзүнө тартат, бирок сен ага үстөмдүк кыл”.*

БАШТАЛЫШ 4:7

Биздин маданиятта кумардануу десе, көбүнчө сексуалдык жакты гана ойлошот, бирок, бул чынын айтканда бир топ кененирээк түшүнүк. Кумардануунү аныктоо кыйын, анткени, ал адамдык эмоциянын эки жагын тең: сүйүүнү жана жек көрүүнү өзүнө камтыйт. Кумардануу эмоция, энтузиазм, дүүлүгүү, каалоо, назиктик, сүйүү жана байланып калуу менен тыгыз байланыштуу. Ушунун баарын баштан кечирүүнү каалабаган адам болбосо керек. Башка жагынан алып караганда, ал сокур кызыгуу азгырык жана кумар менен өнөктөш болуп, көзөмөлдөн оңой эле чыгып кетет. Бул ошондой эле, эмоциянын чачырашы, ачуулануу, кыжырдануу, наараазы болуу, кутуруу, нараазычылык жана каар болушу мүмкүн.

Анда сүйүү жана жек көрүүнүн ортосунда тоголоно бербей, күйүп калбай, күчкө жана кумарга толуп жашаш үчүн эмне кылуу керек? Кумардануу жөнүндөгү бир мисал бул Башталыш китебиндеги 4-бөлүмдө жазылган Кабыл менен Абылдын таржымалы. Кудай чын жүрөктөн алып келинген Абылдын курмандыгын кабыл алган, ал эми Кабылдын көңүлчөөктүк менен алып келген курмандыгына көңүл бурбай койгон. Кабылга каардануу келген. Кабылдын каарга толуп турганын көргөн Кудай ага: “«Эмнеге ачууландың? Эмнеге өңүң кумсарып кетти? Эгерде жакшы иш кылсаң, анда башыңды жерге салбайт элең да. Эгерде жакшы иш кылбасаң, анда босогоңдо күнөө жатат. Ал сени өзүнө тартып жатат, бирок сен ага үстөмдүк кыл», – деди”.

Тилекке каршы, Кабыл Кудайдын сөзүнө керең болуп калды. Күнөөнү башкаруунун жана каарын тыюунун ордуна, ал кумарга берилип, натыйжада өз бир тууганын өлтүрүп салды.

Кудайдын Кабылга берген эскертүүсү, бизге да берилген эскертүү болуп саналат. Ооба, балким биз өлтүрүп салбайттырбыз, бирок "жакшылык кылбасак" – күнөө мурдагыдай эле биздин босогобузда жата берет. Мына ошондуктан, биз өз эмоциябызды карманып жана кумардануубузду талкалоого эмес, куруугa багытташыбыз керек.

Чындык мындай: кумар кайсы эмоционалдык спектрдин тарабында пайда болбосун, ал баалуу көрсөткүч болушу мүмкүн. Ал биз башыбыздан өткөрүп жаткан нерсеге карата физикалык жана жандык жактан ички даярдыгыбыздын абалынан кабар берет. Адатта биз өзүбүзгө эмне маанилүү болсо, ошого карата кумарданабыз. Аябай эле бир маанилүү нерсе менен байланышпаса, көп нерселер бизге өтө таасир этип деле кетпейт. Ошондуктан, качан биздин кумарыбыз ойгонсо, анда ал нерсе биз үчүн чынында эле абдан маанилүү болгондугунан кабар берет. Биз Кабылга окшоп башаламандыктын падышачылыгын азыктандырбай, бул энергияны жашоо алып келе турган башка жакка бурсак болот. Биз абдан жогорку эмоционалдык абалда турган кезибизде деле, эркин эркибиз өзүбүз менен калат. Өзүбүздүн кумардануубузду башкарып, жашоого алып бара турган жакка буруу өз эркибизде.

*Атаке, менин жашоомдо кумардануулaрды айырмалай билүүгө жана аны ыйыктоо үчүн, Сага тапшырууга үйрөт. Ылайым, Сага маанилүү болгон нерселер мага да маанилүү болуп калсын.*

## *Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, МЕН ӨЗ ЖАНЫМДЫ БАШКАРА АЛАМ ЖАНА КУМАРДЫН МАГА ҮСТӨМДҮК КЫЛУУСУНА ЖОЛ БЕРБЕЙМ.

7

# ТАБЫНУУ - БУЛ ЫРДАН ЧОҢУРААК

*"..., Рухка толгула: бири-бириңерге забурларды, даңктоо ырларын жана рухий ырларды айтып, Теңирди чын жүрөгүңөр менен даңктап ырдагыла".*

ЭФЕСТИКТЕРГЕ 5:18,19

Даңктоо менен табынуу – бул руханий тартиптен бир аз жогору турат. Бул кубаныч, тартылуу жана Кудайдын терең сүйүүсүнө карата ачкыч. Качан сен Кудайга болгон сүйүү жөнүндө жана Кудай үчүн ырдап жатканыңда, Ага жакын болуп каласың.

Бул аятта биз даңктоо жана сыйынуу учурунда Рухка толууга чакырыкты көрөбүз. Биз үнүбүздү чыгарып ырдап, жүрөгүбүздө музыканы жаратканда Рухка толобуз. Бирок, бул жакта андан да чоң нерсе бар. Бул үзүндү башкаларга Кудай жөнүндө айтуунун канчалык маанилүү экенин көрсөтүп турат. Баш ийүү – бул ырдоо гана эмес. Ал биздин баарлашууларыбызда да байкалат, анткени жүрөк эмнеге толуп турганы жөнүндө сүйлөшүү - бул абдан табигый нерсе. Сен бирөөнү сүйсөң, ал жөнүндө сүйлөйсүң. Сени бирөө сүйгөн кез - бул ушунчалык толкундануу сезими, ал сезимдин сулуулугун башкалар менен бөлүшкүң келет.

Достордун ортосунда ар дайым жалпы бир нерсе бар.

Жалпы кумарлануу – бул бири-бирине жакын адамдар оттун айланасында туруп, жалындын жылуулугунан жана сулуулугунан эркин ырахат алган учурдагы сезимдер сыяктуу. Бул байланыш бири-бирибизди чындыкта бекемдөөгө түрткү берет. Биримдикте табынуунун күчү мына ушунда камтылган: Кудайга болгон сүйүүңөрдү досторуңардын арасында чогуу билдирүүдө.

Чыныгы достор бири-бирин көтөрмөлөп жана бири-бирин Теңирибизге жаккан нерселерди кылууга чакырат. Силердин досторуңар Ыйсанын артынан ээрчиген кезде, силер бир багытта бараткан болосуңар. Өзүңөрдү силерге руханий жактан жакын жана силердин умтулууларыңарга ортоктош болгон адамдар менен курчагыла. Силер дайыма эле бири-бириңер менен макул боло бербейсиңер. Эң башкысы – силер үйрөнүүгө даяр болуп жана силерди байланыштырып турган нерсени коргоого даяр болгула.

Баарлашууда, ырда жана ишенгендердин арасында - Рухка толуп, сыйынгыла.

*Теңир, менин жүрөгүмдөн даңктоо менен ырлар аксын. Сенин сүйүүң берип жаткан сүйүнүч жөнүндө сүйлөбөй коё албагандай кылып, Өзүңдүн сүйүүң менен жүрөгүмдүн кырларына чейин толтур.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, ТАБЫНУУДАГЫ ЖАШОО МЕНИ КУБАТТАП ТУРАТ.

8

# РУХИЙ БИЙЛИК

*“Анткени Кудай бизге коркунучту эмес, күчтү, сүйүүнү жана өзүн өзү башкара билүүнү берүүчү Рухту берген”*

2 ТИМЕТЕЙ 1:7

Ыйык Рух бизге күч, сүйүү жана ички тартипти берет. Бул үч жакшылыктын айкалышы чыныгы күчтүү аялдарды жаратат. Кудай биздин жошообузга берип койгон белектер, Рух берген саппатардын аракетисиз гүлдөп кете албайт деп ишенем. Бул аят башка котормодо мындайча айтылат: “Анткени Кудай бизге коркунучтун рухун эмес, күчтүн, сүйүүнүн жана акылмандуулуктун Рухун берген” (2 Тиметей 1:7).

Бизди күчтөн, сүйүүдөн жана акылмадуулуктан арылткан коркунуч рухуна окшош эч нерсени билбейм. Анын себептеринин бири, коркунуч бул белектерди алсыраткан суроолор менен бизди азапка салгандыгында камтылган. Келгиле, алардын биринчисинен – күч же Руханий бийликтен баштайлы. Биздин өзүбүздө эч кандай олуттуу күч же таасир жок. Адам ата Кудай ага жана Обо энеге бакчада берген бийлигин жоготуп алды. Адам атанын тил албаганы үчүн, жоготулган нерсени тил алчаактык аркылуу Ыйса кайра кайтарып берди. “Ошондо Ыйса аларга жакын келип, мындай деди: «Асмандагы жана жер үстүндөгү бардык бийлик Мага берилди” (Матай 28:18).

Биздин бийлигибиз жана кудуретибиз Машайякта көрүнгөн. Биз өмүрүбүздү Ага жашырып койгон болсок, эмнеден коркушубуз керек?

Пабыл, Ыйсанын жаш кызматчысы жана шакирти болгон

Тиметейди, анын ичиндеги ишеним белегин өөрчүтүүгө чакырат. Бул бизге белгилүү, анткени, буга чейинки аятта Пабыл эскертип атат: “Ошондуктан сага эскерте кетейин: менин кол коюп сыйынуум аркылуу Кудайдан берилген жөндөмдүүлүгүңдү жалындат” (2 Тиметей 1:6).

Бизге бирөө колун койгонбу же жокпу – ар бирибизге кандайдыр бир өлчөмдөгү ишеним берилген. Биз болсо, кам көрүүбүз менен аны көбөйтө алабыз. Жаңы Келишимде ишеним темасы 300гө жакын жолу айтылат. Ишеним жөнүндөгү эң күчтүү айтылган нерсе болсо – бул Эврейлерге айтылган сөздөр: “Кудайга ишенимсиз жагууга мүмкүн эмес: Кудайга келген адам Анын бар экендигине, Аны издегендерге Ал тиешелүүсүн берерине ишениши керек” (Эврейлерге 11:6).

Көбүнчөбүз Кудай бар экендигине ишенебиз. Бирок, баарынан да кыйыны - Аны чын жүрөгү менен издегендерге Ал чындап эле сыйлыгын берет деген нерсеге ишенүү. Дал ушул жерде коркунуч өзүнүн соккусун урат – жада калса, эң күчтүүлөргө да. Ал күнөөлөйт: *“Сен өтө аз кылып жатасың. Сен жетишээрлик күчтүү эмессиң...жетишээрлик сүйбөйсүн... сен өзүң да жетишээрлик эмессиң”.* Бирок, Ыйса аркылуу бизде жооп бар – Машайакта биз жетиштүүдөн да артыкпыз.

*Асмандагы Ата, Машайакта мен сүйүүдө, күчтө,*
*тынчтыкта жана акылымдын ачыктыгында*
*жүрө ала турганымды мага эстетип турган*
*Ыйык Рухуң үчүн Сага ыраазымын.*

## *Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, МАШАЙАКТА МАГА КҮЧ, СҮЙҮҮ
ЖАНА АКЫЛ-ЭСТҮҮЛҮК БЕРИЛГЕН.

9

# РУХ БОЮНЧА СЫЙЫНУУ

*“Жалынуу жана сурануу менен, бардык учурда Рухтун жетеги менен сыйынгыла. Дайыма сергек болуп, туруктуулук менен сыйынгыла, бардык ыйыктар үчүн”*

ЭФСТИКТЕРГЕ 6:18

Сыйынуу жана баш ийүү руханий согуштагы эң күчтүү куралдар болуп саналат жана азыр биз толугу менен согушка даярдыктабыз. Көңүл бурсаңар: Пабыл бизди кээде-кээде рухта сыйынууга эмес, дайым сыйынууга чакырып жатат. Рух менен макулдашууда кантип сыйынуу керек? Жолдордун бири – Кудайдын Сөзү боюнча сыйынуу. Ыйык Жазууну окуган кезде, силер жашоодо канча муктаждык болсо, ошончо сыйынуу бар экенин түшүнөсүңөр. “Асмандагы Атабыз” – күн сайын колдонула турган эң сонун сыйынуу, бирок, күн бою бизде сыйынууга ар кандай себептер болуп турат. Биз муктаж болгон адамдарга жолугабыз, кризиске кабылган өлкөлөрдү эскеребиз, өткүрлүккө жана түшүнүккө муктаж болгон лидерлерди көрөбүз. Биз досторубуз, үй-бүлөбүз жана жада калса, душмандарыбыз үчүн сыйынышыбыз керек.

Рухта сыйынуунун дагы бир жолу - сыйынуу учурунда Ыйык Рухтун жетекчилигине баш ийүү. Кайсы бир учурда силер күтүлбөгөн жерден бир нерсе туура эмес экенин же кимдир бирөө азыр өзгөчө колдоого муктаж экенин сезесиңер. Алар үчүн сыйынып койгула. Кийинчерээк мен бул адамдардан сураган учурларым көп болду

жана алар чындап эле ошол кезде кыйын мезгилдерди башынан өткөрүшкөнү маалым болду.

Сыйынуу расмий же расмий эмес болушу мүмкүн. Туруп алып, отуруп алып, жатып же тизе бүгүп да сыйынса болот. Сыйынуу кыйкырык сыяктуу катуу же араң эле айырмалана турган жүрөгүңөрдүн шыбыры сыяктуу акырын да болушу мүмкүн. Башкысы ал – дем алуу сыяктуу табигый болушу керек. Анткени, айтылган: “Дайыма кубангыла. Үзгүлтүксүз сыйынгыла. Бардыгы үчүн ыраазычылык билдиргиле, анткени Кудайдын Машайак Ыйса аркылуу силерге ачылган эрки ушунда” (1 Тесалониалыктарга 5:16-18).

Ыйык Августин бул жөнүндө мындай деген: “Баары Кудайдан көз каранды болгондой сыйынгыла жана баары силерден көз каранды болгондой иш кылгыла”.

Сыйынууларыбыз канчалык күчтүү болсо, биз да ошончолук күчтүүбүз. Күчтүү аялдар Кудай менен болгон сыйынуу байланышынын бекем болушуна кам көрүшөт. Мага даңктоо музыкасын угуп атып сыйынган жагат. Мен ошондой эле, сыйынуу күндөлүгүн жүргүзөм жана акыркы он жылдар ичинде ал Кудайдын ишенимдүүлүгүнүн чыныгы күбөлүгүнө айланды.

Асмандагы Атабыз биз кандай күрөштөргө дуушар болоорубузду мурда эле билген. Ал бизге бекем туруу үчүн гана эмес, жеңишке жетүү үчүн да керектүү нерселердин баарын берген. Душман кайра-кайра чабуул жасайт, бирок, ал жеңе албайт.

*Асмандагы Ата, мага дем алып жана сүйлөп жаткандай, эркин жана табигый түрдө сыйынууну үйрөт. Ыйык Рухуңдун жетекчилиги үчүн, Сага ыраазымын.*

*Мен күчтүүмүн*

МЕНИН СЫЙЫНУУЛАРЫМ КҮЧКӨ ТОЛУП ТУРГАНДА.

# Тазалыкта күчтүү

I

# ТАП-ТАЗА

*“Кылымдар мурун жана азыр, түбөлүктөн түбөлүккө даңк, улуулук, кубат жана бийлик силерди жыгылуудан сактай ала турган, Өзүнүн даңкынын алдында кемчиликсиз кылып, кубанычыңарды сактап тура ала турган, биздин Теңирибиз Ыйса Машайак аркылуу Куткаруучубуз болгон жалгыз, акылман Кудайыбыздыкы! Оомийин”*

ЖҮЙЖҮЙҮТ 24,25

Биз өзүбүздү таза бойдон сактай албайбыз, бирок, буга Кудайдын кудурети жетет. Бир караганда, тазалык ыйыктык менен синонимдей сезилет, бирок алар бир эле нерсе эмес. Ыйыктык – бул арналуу, өзгөчө статус, ал эми тазалык – бул биз арналгандыктагы жашообуз. Бул ыйыктыктын жемиши, анын табигый көрүнүшү. Жашообузду Кудайдын тирүү Сөзүнүн пайдубалына курганда, ойлорубузда жана иш-аракеттерибизде тазалыкка үйрөнөбүз.

Кудай биздин жашообуздун булагы болгусу келет. Эгер өзүңөрдү кайраттуу сезсеңер, Ыйык Рухтан жүрөгүңөрдү, ниетиңерди Кудайдын курч, терең Сөзүнүн жарыгында изилдөөсүн сурангыла. Эврейлерге болгон Катта мындай деп айтылган:

> “Себеби Кудайдын Сөзү тирүү жана таасирдүү, кош миздүү ар кандай кылычтан курч: ал жандан рухту ажыратып, муунга чейин, сөөктүн чучугуна чейин жетет, жүрөктөгү ойлорду, ниетти соттойт. Андан жашыруун эч бир жан жок. Анын көз алдында баары ачык-айкын. Анын алдында жооп беребиз” (Эврейлерге 4:12,13).

Ишенип койгула, бул мүнөзү алсыздар үчүн эмес. Кудайдын Сөзү – бул жөн гана кагаздагы тамгалар эмес. Ал тирүү. Эгер силер чындап эле чындыкты кабыл алуудан келген күчтү кааласаңар, Ага ишенгиле жана жакындагыла. Анын тирүү Сөзү жүрөгүңөрдө жанданып, түндүн жымжырттыгындагы назик шыбыроо сыяктуу угулушун каалайт. Ал ушунчалык терең кирип, жан менен рухту ажыратып, жашыруун ойлорду жана ниеттерди ачып бере алат.

Эсиңерде болсун: Кудайдан эч нерсе жашыруун эмес. Ал баарын көрүп турат – жада калса, биз үчүн түшүнүксүз болгон нерселерди да. Жүрөгүбүз бизди алдашы мүмкүн, бирок эгерде чын жүрөктөн чындыкты сурасак, Кудай Өзүнүн түшүнүгүн Өзүнүн Сөзү аркылуу берешендик менен бөлүшөт. Бизге адамдын кеңешинин кереги жок - ал ар дайым убакытка, маданиятка, туруксуз модага көз каранды. Бул коомдук адеп-ахлактын температурасын чагылдырган, болжол менен ар бир он жылда бет кабын алмаштырып турган акылсыздык. Бизге Кудайдын акылмандыгы жана көрөгөчтүгү керек, анткени, Кудайдын Сөзү түбөлүктүү, биз дал ушул стандартка жооп берүүгө милдеттүүбүз.

Ыйык Китепте силерге башында мүмкүн эместей же өтө бийиктей сезилген чындыктарга жана убадаларга кезигесиңер... Бирок, бул иллюзия. Кудайдын Сөзүн кабыл алуу менен биз тазалыктын жана ыйыктыктын мүмкүн экенин түшүнөбүз. Анткени, Кудайдын ыйыктыкка чакыруусу – бул кандайдыр бир эрежелер жөнүндө эмес. Бул Ага таандык болуу жөнүндө.

*Асмандагы Ата, ылайым Сенин сөзүң менин жашоомдо тирүү жана жаратуучу болсо экен. Сен мени жарык кыласың Теңирим, ошондуктан, тазалык мүмкүн эмес деген ар кандай калптан куткар. Досторум карап туруп, менин Сага таандык экенимди билишсин.*

## *Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, КУДАЙДЫН СӨЗҮ ТИРҮҮ ЖАНА МЕНИН ЖАШООМДУ БАГЫТТАП ТУРАТ.

2

# БЕРИЛГЕН

*“Мен силерди Кудайдын кызганычы менен кызганып жатам, анткени силерди бир Күйөөгө – Машайакка никелеп койгом. Анын алдына таза бойдон барышыңарды каалагандыктан кызганып жатам. Обо энени жылан өзүнүн куулугу менен алдап кеткендей эле, силерди да кимдир бирөө Машайак жолундагы жөнөкөйлүктөн жана тазалыктан четтетип, акылыңарды адаштырбаса экен деп корком”.*

2 КОРУНТТУКТАР. 11:2,3

Тазалыктын күчү ал кары болобу жаш болобу же күйөөсү бар болобу же жалгыз бой болобу, ар бир аялды өмүр жолуна багыттап жатканын көрүүнү ушунчалык каалайт элем. Жыйында биз тазалыкты сексуалдык контексттен гана алып карайбыз, бирок бүгүнкү аятта ички, чыныгы эч нерсе менен булганбаган Машайакка болгон берилгендик тууралуу сөз болуп жатат. Тазалык ойдон башталат, аны менен күрөшүү болсо, алдамчынын артынан ээрчүүдөн баш тартуудан башталат. Акыйкаттыкты Кудайдын сөзүнөн издөө керек, чындыкты калптан ажыратуу үчүн, өз жүрөгүбүзгө Ыйык Рухтун күчүн чакыруубуз керек.

Пабыл бүгүнкү аятта айткандай, бизди Машайакка болгон эң таза, терең берилгендиктен четке алып кетип калуулары мүмкүн. Ошондо биздин алдыбызда суроо турган болот: биз кимдин сөзүнө ишенебиз? Кутаруучубуздун үнүнөбү же биздин жашообузга көз артып турган азгырыктын үнүнөбү? Эң

жогорку жана алмашкыс аброй - Кудайдын Сөзү гана. Эгерде силер Кудайдан сурана турган болсоңор, анда Ал Рухтун кылычын алат да, жашооңорго кирген калпты чаап алып салат.

Кээде сырттан жетиштүү басым болгондо, биз ичибизде али жеңе элек күрөштө алсырап баштайбыз.

Келгиле, оюбуздун тазалыгынан баштайлы. Качан биз "ар кандай ой жүгүртүүлөрдү Машайакка тил алдыруу үчүн туткундай" турганган болсок, тазалык биздин жашообуздун бардык тарабына кирет.

*Асмандагы Атаке, Сен тазалык менен ыйыктыктын биримдигисиң. Мен Сага таандыкмын жана анын улуулугун жана менин жашоомдун бар тарабындагы бийлигин таануу менен бирге, Сенин Сөзүңдү урматтоо менен кабыл алам. Мени ичимден тазалашы үчүн, бардык жамандыктарды жана кудайсыз нерселерди кесип салышы үчүн, Сенин Сөзүңдүн кылычын чакырам.*

## *Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, МЕН МАШАЙАКТЫН СӨЗҮНӨН
ЧЫНЫГЫ КҮЧТҮ СУЗУП АЛЫШ ҮЧҮН,
ТАЗАЛЫКТЫ КАЗЫНА КАТАРЫ ИЗДЕП ЖАТАМ.

3

# ТЫШКЫ ЖАНА ИЧКИ

*“...анткени адам өңүнө карайт, ал эми Теңир жүрөгүнө карайт», – деди.*

1ШЕМУЭЛ. 16:7

Бүгүнкү аятты окуп, силер каршы болушуңар мүмкүн: “Сырткы көрүнүш зарыл эмес, анткени Кудай жүрөккө карайт”. Бул чындык – Кудайга даңк Ал биздин маңызыбызды көрүп турат. Бирок, биз дагы эле жер үстүндө жашайбыз жана бул жерде адамдар биринчи кезекте тышкы нерселерди көрүшөт жана көз алдындагы нерселерге көңүл бурушат.

Ошондуктан, өзүбүздү кандай көрсөтөрүбүзгө дыкат болушубуз керек. Бекеринен бизге текебердик иллюзиялык үмүттөрдү гана берет, ал эми сырткы көрүнүшкө таянуу - акылсыздык деп эскертишкен эмес. Бирок, эгер биз ага таянбасак, аны көңүлгө албай коюшубуз керек дегенди билдирбейт.

Кептин баары, биз ар дайым кандайдыр бир маалыматты берип турабыз - каалсак да, каалабасак да. Байланыш үч каналдын бири аркылуу ишке ашат: биз эмне деп жана кантип айтабыз (сөздөр жана тон), эмне кылабыз (иш-аракеттер жана жүрүм-турум) жана кандай болуп көрүнүп турабыз (сырткы көрүнүш жана дене түзүлүш). Көп учурда биринчи жана эң күчтүү таасирди тышкы көрүнүш жаратат.

Муну түшүнсөк, биз аны ниетибизди билдирүү үчүн курал катары колдоно алабыз. “Биринчи таасирди эки жолу калтыра албайсың” деген эски макалды уккан чыгарсыңар деп ишенем. Балким, ал бул дүйнө сыяктуу эле эски болушу мүмкүн, бирок, бул анын чындыкка дал келбегенин билдирбейт. Бүгүнкү күндө өзүн-өзү көрсөтүү үчүн,

мурдагыдан да көп мүмкүнчүлүктөр бар - бирок суроо, биз эмнени көрсөтүп жатабыз? Силердин кийинүү жана өзүңөрдү көрсөтүү ыкмаңар заматта айланаңардагыларга сигнал берет. Ал болсо, силер жөнүндө ойлогондон да көптү билдириши мүмкүн. Бул силердин өзүңөр жөнүндө чындап эмне деп ойлой турганыңарды ачып бере алат. Эмнеге ишенесиңер? Күчтү кайдан аласыңар? Же болбосо, силер кимге таандыксыңар.

Мен силерге модалуу бир кеңеш бербейм, анткени, азыр эмнени көрсөтүп жатканыңарды силер гана айта аласыңар. Дүйнөгө кандай билдирүү жөнөтүп жатасыңар? Бул - силер ким экениңердин чынчыл чагылышыбы? Же жөн гана силер жашынып аткан образбы?

Айталы, кийимиңер жана сырткы көрүнүшүңөр чындыгында ким экениңерди чагылдырып турат. Силер: “Мен өз ишимдин адисимин жана менин кийимим кесибиме дал келет” – дейсиңер. Же: “Мен студентмин, сырткы көрүнүшүм жашоомдун ушул этабын чагылдырат” – деп айтышыңар мүмкүн. Мунун баары түшүнүктүү, бирок, бир аз тереңирээк карап көрөлү. Силердин сырткы келбетиңер башкаларга кандай таасир этет? Адамдар силерди көрүп жатабы же жөн гана кийген кийимиңердиби? Силерди караганда алар эмнени окуп атат? Сырткы көрүнүшүбүздү баалуулугубуздун булагы катары көрбөшүбүз керек болсо да, ал баарлашуунун бир түрү болушу мүмкүн. Аны сөздөр жана иш-аракеттер сыяктуу эле акылдуулук жана такыбаалык менен колдонуу керек.

*Теңир, мага баарлашуунун бардык түрлөрүндө — сөздөрүмдө, иш-аракеттеримде жана өзүмдү көрсөтүп жатканымда — акылдуу болууга жардам бер. Мага сырткы көрүнүшүм чындыгында эмнени айтып турганын ачып бер жана мунун баары Сенин даңкың үчүн болсун.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, МЕН ИЧИМЕН ДА, СЫРТЫМАН ДА ТОЛУГУ МЕНЕН КУДАЙГА БЕРИЛГЕНМИН.

4

# УКМУШТУУДАЙ ТОКУЛГАН

*«Мен сени энеңдин ичинде Өзүм жаратканга чейин эле билчүмүн...».*

ЖЕРЕМИЯ 1:5

Кудай биздин башатыбыз менен тыгыз байланыштуу. Энебиз эң алгач биздин бар экенибизди сезгенге чейин эле, Ал бизди билген. Биз өзүбүздү тааный элегибизде эле, Ал бизди билген. Биз жашыруун чоңоюп жатканыбызда эле, Ал биздин өмүр күндөрүбүздү пландаштырып, алдыбызга тагдырыбыздын жолун төшөп койгон. Силер жөн гана клеткалардын биригиши эмессиңер – эң башынан баштап эле силер Аны менен тирүү болгонсуңар.

Бул дүйнөгө келген ар бир наристе – бул биздин камкордугубузга ишенилип берилген белек. Төрөлүү кереметин көргөн ар бир адам, ар бир наристе өзү менен кошо керемет потенциалдарды алып жүрөрүн билет.

Эсимде, үчүнчү уулума кош бойлуу болуп калганымды али билбей жатып, ичимде жаңы жашоо пайда болгонун сезгем. Джон Нью-Йорктогу Рочестерде кызмат кылып жаткан. Анан бир жолку кызматта мен алсыраткан, бир кызыктай абалды сездим. Отургучка отуруп жатып Ыйык Рухтун акырын шыбыраганын уктум: "Сен өзүңдө өмүрдү көтөрүп жүрөсүң, ичиңде уул өсүп жатат". Ошол көз ирмемде мен Кудайдын курчоосун сездим. Бул ар бир жатында түйүлгөн балага Кудайдын канчалык жакын экендигин көрсөткөн бир гана мисал.

Бирок, силерге бул жөнүндө эч ким, эч качан айтпаган болсочу? Силер укмуштуудай токулгандыгыңарды, башынан баштап эле өз Жаратуучуңарга белгилүү экендигиңер жөнүндө укпаган болсоңорчу. Балким, силердин төрөлүшүңөр кокустук же ката деп айтышкан болушсачы? Эгерде биз өзүбүздүн төрөлүшүбүз тууралуу кереметти моюндабай турган болсок, анда башкалардыкын моюнга алуу дагы оңой болбойт. Эгерде бала кезибизде өзүбүздү жүк катары сезген болсок, анда өз балабызды да күтүлбөгөн коноктой кабыл алышыбыз мүмкүн.

Өтө көптөгөн аялдар бардык жерге жетишкиси келип, энеликти карьера жана башка иштер менен айкалыштыргысы келип, өзүн туюкка каптап салат. Себеби, биздин жетишкендиктерге жана өндүрүмдүүлүккө багытталган маданиятыбыз энеликтин баалуулугун жок кылды. Өмүр — көп жагынан убакыт менен болгон сыноо. Бирок, карьера куруп, ошондой эле мыкты эне болсок болот. Менин балдарым менин өсүшүмө ар кандай карьералык жетишкендиктерден да көбүрөөк мүмкүнчүлүк жана кубаныч берди. Эне болуудан уялуунун кереги жок. Бул жол силер элестеткенден да көптү талап кылат, анан да силер кыялдангандан да көбүрөөктү белек кыла алат.

*Асмандагы Атаке, Сен өмүр берүүчүсүң. Мен Сенин мени кереметтүү жол менен, жылмаюу менен токуп жатып, менин күндөрүмдү пландаштырганыңа ишенем. Сен энелерге эң жакшы миссияны ишенип тапшыргансың, анткени балдар – бул Сенин белегиң.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, АЛ МЕНИ ӨЗҮ ҮЧҮН ЖАРАТКАН.

5

# ЖАНДЫК БАЙЛАНЫШТАР

*“Мени жер үстүнө тынчтык алып келди деп ойлобогула. Мен тынчтык эмес, кылыч алып келдим”.*

МАТАЙ 10:34

Ыйса ар бирибизди Андан бизди бөлгөн нерселерден бошоткусу келет. Рухий согуш – бул биздин Аны менен болгон мамилебизди бөлүп турган жолубуздагы тоскоолдуктар, буркандар.

Мен ишенем, биз жеңилип калган тармактарга каршы тура алабыз. Ыйса чынжырларды көргөндө, Ал аларды үзүп салган. Жиндерди көргөндө, Ал аларды кууган. Оорулуулар жана жарадарларды байкаганда, Ал аларды айыктырган. Күнөөнү көргөн кезде, Ал аларды кечирип жана кайрадан күнөө кылбаш үчүн күч берген. Мен Ыйсаны жакшы көрөм, анткени, Ал чындыктан ажыраган абстрактуу инсан эмес - Ал биздин чыныгы муктаждыктарыбызга жана талаптарыбызга негизделип иш кылат.

Убакыт өткөн сайын, менин жашоомдо кутулуш керек болгон азаптуу жандык байланыштары бар экенин түшүндүм. Жандык байланыштары деген эмне? Жөнөкөй сөз менен айтканда, бул жандардын ортосундагы терең байланыш. Бул жакшы болгондой эле, жаман да болушу мүмкүн. Эненин жаны анын баласынын жаны менен байланышкан. Бирок, баласы чоңоюп бойго жеткен кезде, энеси менен болгон мамилеси ал өзүнүн жүрөгүн аялына бере ала тургандай болуп өзгөрүлүшү керек. Бир дене болуш үчүн, күйөөсүнүн жаны аялынын жаны менен биригет. Бул биздин жүрөгүбүздү сүйүү менен байлаган берекелүү, дени сак байланыштар. Мындай таза байланыштар Дөөт

менен Жонатандын ортосунда болгондой достукту да бекемдей алат. Кээде эже-карындашың же досуң менен ушундай жан дүйнө байланышы пайда болот, аны сөзү жок түшүнүү деп да атап коюшат.

Жандар оорулуу байланыштар менен байланса, биримдик, достуктун ордун коркунуч, контроль ээлейт. Бул мыйзамсыз жыныстык мамилелерден, көз карандылыктан, зомбулуктан, травматикалык мамилелерден келип чыгышы мүмкүн. Дени сак эмес жан байланыштары бизди талкалайт. Аларды өзүбүздүн күчүбүз менен чечүүгө аракет жасай алабыз, бирок, мен түшүндүм: бизди байлап турган нерсени кылычы менен кесип салууга Теңирге жол бергенибиз жакшы. Кыйналган жаныбызда бүтүндүктү калыбына келтире турган - жалгыз Ал гана.

Бизди жакшы билген ишенимдүү, боорукер Башкы Ыйык кызмат кылуучубуз бар. Ал Өзүнүн кылычын колго алып, бизди Андан алыс кармап жаткан нерселердин баарын кесип салууга даяр. Ал бардык орулуу жан байланыштардын үзүлүшүн, жүрөктө чындап тирүү болгон нерсе гана калышын каалайт. Жаныңарды сакайтып жана калыбына келтирүү үчүн, Ал Өзүнүн Сөзүн жөнөтөт. Кудай силердин жаныңарды тазалоо жумушун аткаруу үчүн, Ага мүмкүнчүлүк берип, сыйынууга убакыт тапкыла. Ыйык Рухтан жан дүйнөңөрдөгү бардык оорулуу байланыштарды ачып берүүсүн сурангыла, андан кийин аларды кесип салуу үчүн, силерге эркиндик алып келүүчү Анын Сөзүнүн кылычын чакыргыла. Убаданы берген, ишенимдүү.

*Теңирим, менин жашоомдогу бардык оорулуу байланыштарды ачып, аларды Ыйык Рухуңдун күчү менен үз. Мени айыктырып, жанымды калыбына келтир. Мени боорукер жана таза байланыштарды курууга – аларды дени сак абалда сактоого үйрөт.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, МЕН ӨЗҮМДҮН ЖАНЫМДЫ ЧЫНДЫККА АРНАДЫМ.

6

# ӨКҮНҮЧТҮ АЙЫКТЫРУУЧУ

*"Анткени менин ички мүчөлөрүмдү Сен жаратқансың, Сен мени энемдин ичинде токугансың. Мен Сени даңктайм, анткени мен таң каларлык жаратылгам. Сенин иштериң керемет, аны менин жаным толук түшүнөт. Мен жашыруун жаратылып жатканда, курсактын тереңинде пайда болуп жатканда, менин сөөктөрүм Сенден жашыруун эмес болчу. Мен жаңыдан түйүлдүк боло баштаганда эле, Сен мени көргөнсүң. Мен төрөлө электе эле, мага белгиленген күндөрдүн бири да боло электе эле Сенин китебиңде баары жазылып коюлган. Кудайым, Сенин ойлоруң мен үчүн кандай баалуу, алардын саны кандай көп !"*

ЗАБУР 138:13-17

Бул жерде Дөөт жатында пайда болгон ар бир тирүү жан жөнүндө поэтикалык жана терең урматтоо менен айтып жатат. Бирок, силер аборт азабы сезимин башыңардан өткөргөн болсоңорчу? Мындай болгон болсо, мен силерге бир нече сөз айтуу маанилүү деп чечтим – үмүт, айыгуу жөнүндө. Балким, калпка ишенген, корккон кыз болгондурсуңар. Балким, силер небереңерди жоготкондурсуңар. Ким болсоңор да, жагдайлар кандай болбосун, мен ишенем: Кудай – Ата азыр айтып жатат – сен кечирилдиң жана тиги тарапта сени өмүр күтүп турат деп. Аборттор жөнүндө ачык өкүнүү чанда кездешет. Кичинекей өмүрлөрдүн сулуулугу тыкан жана эфективдүү, изсиз жок кылынат. Ошондон кийин гана энени, атаны жана буга катышкандардын баарын күнөө жана уят пардасы дымыктыруучу толкун сыяктуу каптайт.

Биз өзүмчүлдүк терең сиңген маданиятта жашап жатабыз. Ал

жакшылыкка үндөй турган жашоого дем бере албайт, аны “эго” талаптары жана жеке ыңгайлуулук жетелейт. Көйгөйдүн башка тарабы да бар: бул, күйөөгө тие элек боюнда бар аялдар кабыл болгон айыптоо. Жакында машайакчылардын комиссиясынын жыйынында катыштым, анда беш аялдын экөө аборт жасатканын моюнга алышты, анткени, өздөрүнүн жыйынындагы сындарга чыдай албай каларын билишкен. Коомчулук болсо, аборт кылайын деген аялдарга таптакыр башка нерселерди айтат:

“Сен жаш жана сулуусуң... Сенин жашооңдун баары алдыда”.

“Бир кезде кереметүү эне болосуң, азыр убакыт келе элек”.

“Сен даяр болгондо, балалуу боло бересиң”.

“Ар бир бала каалanган болушу керек, бул бала каалабаган”.

Мен жаш да, улуу да аялдардын мындай сөздөргө кулак түргөнүн уккам, кийин алар буга өкүнүшкөн. Алар клиникага экөө болуп келишчү, бирок, ал жактан сынган, маанайы түшкөн болуп чыгышчу. Ыйсанын сүйүүсүн, ырайымын сезген биз, аботорийлердей эмес, чыныгы колдоо көрсөтүшүбүз керек эмеспи? “Өмүр үчүн” – бул саясат урааны эмес. Бул боорукердикти, асырап алууну жана сүйүү менен жетектеген тайманбас чечимдерди камтыган жашоо образы.

Кечиккен өкүнүч канчалык оор болбосун, биз эч качан артка кайтып, өткөндү өзгөртө албайбыз. Биздин үмүтүбүз – келечекте. Кудайдын чындыгын жана кечиримин кабыл алгыла. Эгер силер абортту башыңардан өткөргөн болсоңор, өзүңөрдү кечирип жана өзүңөргө айыгууга мүмкүнчүлүк бергиле.

*Асмандагы Ата, мени соттун эмес айыктыруунун куралы болгонго үйрөт. Мен жашоонун сулуулугун жана баалуулугун Сенин көзүң менен көргүм келет.*

## *Мен күчтүүмүн*

АТКЕНИ, МЕН ӨКҮНҮЧ МЕНЕН УЯТТЫ ЭМЕС,

ӨМҮР МЕНЕН ҮМҮТТҮ ТАНДАЙМ.

7

# НИКЕНИ УРМАТТОО

*“Никеңер адал болсун, нике төшөгүңөр булганбасын. Бузулгандар менен нике бузгандарды болсо Кудай соттойт”.*

ЭВРЕЙЛЕРГЕ 13:4

Бул аяттын мааниси жөнүндө сөз кылуудан мурун, урмат-сый деген эмне экенин түшүнүп алуу маанилүү. Урматоо – бул өзгөчө баалуулукту көрсөтүү, манилүүлүгүн түшүнүү болуп эсептелет. Мен өзүмдүн күйөөмө сый менен сүйлөп жана ага каршы эмес, аны менен бирге иш кылганда урматоомду көрсөтөм. Ал эми урмат-сыйдан баш тартуу — кайдыгерлик менен шалаакылыкта, адам башка бирөөнүн чыныгы баалуулугун көрбөгөндө көрүнөт. Никеде бул урматтоонун принциптерин түшүнбөгөндүктөн болушу мүмкүн, мында эки тарап тең себепкер: күйөөсү аялына урмат көрсөтпөшү мүмкүн, аялы болсо күйөөсүнө. Эврейлерге жазылган Катта “нике төшөгү”– жакындык орду жөнүндө өзүнчө айтылган.

Биз үйлөнгөнгө чейин да абийирдүү болуп, никебизди урматтайбыз. Никеден тышкаркы жыныстык катнаш нике келишимин гана эмес, ага катышкан адамдарды да, акырында Кудайды да булгайт. Тескерисинче, никедеги жакындык Кудайды, өзүңдүн күйөөңдү жана алардын биримдигин урматоо дегенди билдирет. Никени урматтоо жолдорунун дагы бири – жакындык аймагына эч кимди жана эч нерсени жакындатпоо. Бул жыныстык жакындыктагы сулуулук жана өзгөчөлүктү кемсинтип коюшу мүмкүн болгон бардык нерседен алыс болуу зарылдыгын билдирет. Мындай талкалоочу факторлорго порнография, мастурбация, бузукулуктар, сойкулук жана адепсиздик кириши мүмкүн.

Мен никеге чейин бул чындыктарга ылайык жашаган эмесмин, ошондуктан, никеге турганымдан кийин көптөгөн жашыруун тоскоолдуктарга туш болдум. Мен күйөөмө толугу менен жана эркин таандык болгум келген, бирок, мурда кабыл алган чечимдеримдин туткуну болуп чыктым.

Биз бир гана адам менен жыныстык катнаш үчүн жаратылганбыз, анткени, жакындык - нике келишими аркылуу бир бүтүнгө айланган эки адамдын биригиши үчүн берилген. Чыныгы жакындык, өзгөчөлүк болгон жерде гана мүмкүн. Эгерде биз ар башка адамдар менен мамиле түзсөк, бул байланыш өзүнүн тереңдиги менен кайталангыс өзгөчөлүгүн жоготот.

Менин оюмча, көзгө чөп салуу маданиятыбызда кеңири жайылышынын себеби — келишимди туура эмес түшүнүү. Элдер айтат: "Нике – бул жөн гана кагаз", – деп. Алар келишим эки адамдын бир бүтүн болуп биригиши гана эмес экенин түшүнүшпөйт. Аларды бир бүтүн кылып кошкон Кудай – никеде үч катышуучу бар. Биз никеден Кудайды алып таштаганыбызда, ал чындап эле жөн гана формалдуулук болуп калат.

Бирок, биз Кудайдын Сөзүн урматтасак, нике күчкө толот, ал келишим болсо чыныгы жакындыкка айланат. Кудай бузулганды калыбына келтирет жана кемсинтилгенди айыктырат.

*Асмандагы Ата, мени никени урматоого үйрөт. Ыйык Рух, мага никемде же нике келишимин түшүнгөнүмдө бурмаланган же булганган жерлерди ачып бер. (Бул сыйынууну күйөөгө чыккан чыкпаганга карабай сыйына берсе болот). Өз жашоомдо мен Сенин жакындык жөнүндөгү келишимиңдин артынан ээрчигим келет.*

## *Мен күчтүүмүн*

КАЧАН ЖАКЫНДЫГЫМДЫ БӨТӨНДӨРДӨН КОРГОП, НИКЕ УБАДАСЫН БУЗГАН БАРДЫК НЕРСЕНИ ЧЕТКЕ КАККАНЫМДА.

8

# КОРГОЛГОН

*“Теңир менин тирегим, баш паанам, куткаруучум; Кудайым менин аска-зоом. Мен Ага гана таянам. Ал менин калканым, куткаруучу мүйүзүм, таянычым”.*

ЗАБУР 17:3

Мен толук эле түшүнбөстүктө болчумун. Биздин жетекчи мага жаңы эле кыздар тобу менен жыныстык таза жашоо жөнүндө сүйлөшүп берүүнү суранды, менде болсо аларга эмне деп айтуу тууралуу түшүнүк да жок болчу. Мен жөн гана таң калган жокмун - дүрбөлөңгө түштүм. Мага эмне болду? Кантсе да, көп жылдар бою дүйнө жүзүн кыдырып, ар кандай курактагы аялдарга толгон залдарда сөз сүйлөгөм. Эмне үчүн жергиликтүү мектеп окуучулары менен жолугушуудан коркуп атам? Өзүмдү колго алууга аракет кылдым. Кантсе да, мурдагы жаштар пасторунун аялымын. Анан түшүндүм: иштин баары бул кыздардын курагында эмес. Мени тема түйшүктөндүрүп атты. Кандай суроолор берилерин билгем: биз эмне кылсак болот, эмнени кылсак болбойт? Эркек балдар менен болгон мамиледе эмнеге уруксат берилет?

Мен бул окуучуларга уруксат берилген нерселердин чеги жөнүндө эмне айта алат элем? Менде кызым да жок болчу. Даярданганга убакытым да жок. Жерге чөгөлөп, сыйына баштадым: “Ата, мага чынында эле бул кыздарга ылайык келген жооп керек. Мен өзүмдүн оюм менен эмес, Сенин акылмандуулугуң менен бөлүшкүм келет. Сенден суранам, аны мага ачып бер”.

Күттүм. Жымжырт. Жерден турдум да душка кирип кеттим. Чечүүчү күн эртеңкиге коюлган эле. Душта жуунуп атканда ойлорум максатсыз адашып жүрдү. Бирок, бир мезгилде Ыйык Рухтун үнүн уктум: “Сен

алардын жүрүм-турумун чектөөчү эрежелерди издеп жатасың. Бирок, эрежелер кармап кала албайт. Күч мамиледен келип чыгат. Аларга эмне тыюу салынаарын айтпа – аларга эмне уруксат экенин айт. Аларга, өз аталарынын көз алдында өздөрүн ыңгайлуу сезе ала турган деңгээлге чейин гана жигиттери менен мамиледе болсо болот деп айт". Менин жообум ушундай болду. Атасы кызынын абийиринин коргоочусу болушу керек. Балким, бул силердин окуяңар эместир. Балким, силердин жаныңарда силерди коргой турган жердеги атаңар болгон эместир. Жаңылыктын жакшы жери, силерде Асмандагы Атаңар бар. Ал эч качан бирөө силерди колдонуп же кыйнаганын каалабайт. Балким, силер өтө алыска барып калгандырсыңар. Бирок, өткөн учурда кандай болгонуна карабай – Ал силердин келечегиңерди сүйүү менен коргойт. Бул жооп өспүрүмдөргө гана таандык эмес. Бул таза эмес маданиятта таза бойдон калууда кыйынчылыкка туш болгон ар бир кызга тиешелүү.

Биздин жүрөгүбүздү эрежелер өзгөртпөйт. Биз жогорку тартиптин алдында, сүйүүнүн алдында жооптуубуз. Сөз биздин Асмандагы Атабыз менен болгон мамиле жөнүндө болуп атат. Биздин багытыбызды аныктоочу жол жибибиз муздак ташка жазылган чектөө, моралдык жана этикалык кодекс эмес, биздин жүрөктөрүбүзгө түшүрүлгөн жандуу чындык болушу керек. Ишеним эмне кылуу керек жана эмне кылбоо керек деген тизмеге айланганда, биз эң маанилүү нерсени – бизге эң жакшысын Каалаган менен болгон мамилебизди жоготобуз.

*Асмандагы Ата, менин тазалыгым Сени менен болгон мамилемден жаралсын. Менин өткөнүмө карабай, Сени өзүмдүн коргоочум деп атап, жашоомдун эң жашыруун бурчтарына чакырам.*

## *Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, МАГА КҮЧТҮ ЭРЕЖЕЛЕР ЭМЕС,
АТАМ МЕНЕН БОЛГОН МАМИЛЕ БЕРЕТ.

9

# КОЛУКТУ

*"...Күйөө колуктусуна кубангандай, Кудайың сага кубанат".*

ЫШАЙА 62:5

Кудай бизди Өзүнүн колуктусу менен салыштырып жатканы жагат. Жакында эле эки балам үйлөнүштү. Биринчи катарда отуруп, колуктунун жакындап келиши менен алардын ар биринин көзүнө жаш келгенин көрдүм - бул албетте, мени да көзүмө жаш алгыча таасирлентти. Бактылуулуктан жаркыраган колуктулар өздөрүнүн ак көйнөктөрүндө абдан сулуу эле. Ыйса бизди так ушундай көрүп атат деп ишенгим келет. Аян 19:7ден биз муну окуйбуз: "Анын колуктусу өзүн даярдады".

Бирок, аны кандай кылса болот? Келгиле, чечмелеп көрөлү. Колукту өзүнүн сүйүктүүсү менен боло турган жолугушууга кантип даярданат? Бул кооз көйнөк, жасалгаланган чач жана боёнгондон да чоңураак нерсе. Чыныгы даярдык жүрөктүн ичинде болот. Мен муну мындайча көрөм:

- Колукту бардык жагынан күйөөсүнө жакканга умтулат.
- Колукту бардык иштеринде таза жана кумарлуу болгусу келет.
- Колукту өзүнүн сөздөрүн жеткире алгандан да тереңирээк түшүнүлүүнү каалайт.
- Колукту алсыз болгон кезинде, өзүн коопсуз сезгиси келет.
- Колукту өзүнүн оюн эркин – коркунучу жок билдирүүсү зарыл.
- Колуктуну сюрпризддер жана күтүлбөгөн белектер кубантат.
- Колуктуга сүйүктүүсү менен сырларын бөлүшкөн жагат.

- Колуктуга анын артынан сүйүктүүсү ээрчип жана өзү да анын артынан ээрчигени жагат.
- Колуктуну сүйүктүүсүнө керек экенин сезүү кубандырат.
- Колукту өзүн эркелетип, коргоп, багыттап жана жумшак түрдө өзүн оңдоп турууну каалайт .
- Колуктунун жүрөгү өзүнүн күйөөсүнө болгон сүйүүсү менен
- жалындап турат.

Ушул жана башка каалоолорду Кудай Өзүнүн ар бир кызынын жүрөгүнө салганына мен ишенем. Биз бул каалоолор биздин жүрөктө жашоосуна уруксат бере алабыз, анткени, Анын жашыруун каалосу – бизди Ал кандай жаратса, ошондой сүйүү. Биздин күйөө, Ыйса чакырык жасап атат: "Мага сени сүйүүгө уруксат бер".

Бизди эч ким мындай сүйө албайт. Бул каалоолор ушунчалык терең болгондуктан, жердеги бир дагы эркек аларды толук кандыра албайт. Жердеги сүйүү соолуп, күтүүлөрдү алдап, көңүлүбүздү калтырышы мүмкүн, анткени, биз көп нерсени күтөбүз. Асмандагы Падышабыз эч качан көңүлүбүздү калтырбайт же кайгыга салбайт. Ал жүрөгүбүздөгү ар бир каалоону билет жана ага жооп берет.

Ал биз чындап муктаж болгон нерселердин баарын берет. Анда эмне үчүн Анын адилдигин кийбейсиң? Өзүңөрдү Анын сүйүүсү менен кооздогула. Анын кучагынан ырахат алып, жүрөгүңөр Анын алдында ачылсын.

*Асмандагы Ата, мени кандай кылып жаратсаң, ошондой сүй. Колукту Күйөөсү үчүн даярдангандай, мен да өзүмдү Сен үчүн даярдайм. Мени жүрөгүңө басылган мөөр кыл. Сен мен үчүн даярдаган нерселердин толуктугуна киргенимде, мага Сенин жылмаюуңду көрүүгө уруксат бер.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, МЕНИН КҮЙӨӨМ МАГА КУБАНАТ.

# Чындыкта күчтүү

I

# АКЫЛМАНДЫКТЫ АЙТУУЧУ

*“Жагымдуу сөз – бал, ал – жанга жагымдуу, сөөккө дары”.*

НАКЫЛ СӨЗДӨР 16:24

Элчи Жакан өзүнүн досу Гайга мындай деп жазган: “Сүйүктүүм, рухий жашооңдо ийгиликке жетишкендей эле, калган бардык нерседе ийгиликке жетип, сак-саламат болушуң үчүн сыйынам” (3 Жакан 1:2).

Дени сак дене бакубат жандан бөлүнбөс экенин Жакан билген болуш керек. Бул эки сфера бири-бири менен тыгыз байланышта. Сөздөр көгөртпөйт да, так калтырбайт, бирок Ыйык Китеп алар өлүм алып келе турган курал да, айыктыруучу май да боло аларын айтат: “Маңызсыз сүйлөгөн адам кылыч менен жаралагандай жаралайт, ал эми акылдуу адамдардын тили сакайтат” (Накыл Сөздөр 12:18).

Таарынткан жана ачуулуу сөздөр бизге курч бычактай таасир этет. Бирөө ийинди жаралайт, экинчиси — ичти, ал эми үчүнчүсү колдо из калтырат. Андан кийин таарынткан адам кетип калат, ал эми биз болсо кол салуудан аң-таң болуп, тебеленип-тепселген сезимдер жана канаган жан дүйнө менен калабыз. Түшүнүксүздүктөн бир ирмемге көзүбүздү жумабыз — кантип эле сөздөр ушунчалык оору алып келиши мүмкүн?

Бирок, биз башка үндү угабыз. Акырын жана назик. Биз анын караңгылыкты кууп чыккан алтын түстүү күн нуру сыяктуу жылуулугун сезебиз. Өмүр менен айыктыруучу сөздөр

бизди жараланткан сөздөрдү жокко чыгарат. *Мен сени сүйөм. Мен сени мененмин. Сен Меникисиң*. Бул сөздөрдүн назик жылуулугу күйгүзүп жаткан ооруну басаңдатат. Бул сөздөрдүн ар бири жаракаттарыбызды сакайтат жана жоготкон күчтөрүбүздү кайтарат.

Сөздөрдүн биздин жаныбызга тийгизген күчү ушунда. Алар жаралашы да мүмкүн, айыктырышы да мүмкүн. Сөздөрдүн күчүн билип, аларды жаралоо же оорутуу үчүн эмес, айыктыруу жана эркиндикке чыгаруу үчүн колдонолу. Ойлонбой туруп сүйлөгөндүн ордуна, сөздөрдү кылдаттык жана акылмандуулук менен тандап сүйлөйлү. Өзүбүздүн сөздөрдү көзөмөлдөө менен, биз алардын күчүнө сый көрсөтөбүз. Айрымдар үчүн жөнөкөй гана сөздөр дем-күч берип жана баарын өзгөртө алат. Биз Кудайдын Сөзүнөн сүйлөсөк, биздин оозубуздагы сөздөр — жанды сергиткен даары. Ал гана — чыныгы айыктыруучу жана Анын Сөздөрү айыктыруу алып келиши таң калыштуу эмес. Кубаттандыруучу сөздөрдү айтыш оңой эле, бирок алар түп тамыры менен бирөөнүн өмүрүн өзгөртүп коюшу мүмкүн.

Тандоо силерде. Бүгүн кайсы сөздөрдү тандайсыңар — жакшылык үчүнбү же жамандык үчүнбү?

*Кудайым, мага сөздүн күчүн үйрөт. Сен жолуман чыккан кишилерге шыктандыруу берип, айыктыруу алып келүүчү сөздү айтууга жардам бер.*

## *Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, АЙЫКТЫРУУ, АКЫЛМАНДУУЛУК ЖАНА ӨМҮР АЛЫП КЕЛҮҮЧҮ СӨЗДӨРДҮ ТАНДАЙМ.

2

# БҮТҮН

*“Сенин чындык жолуңда жүрүшүм үчүн, мени Өз жолуңа сал, Теңирим. Сенин ысымыңдан коркуп турушум үчүн, жүрөгүмдү бекемде”.*

ЗАБУР 85:11

Эсимде, Израилге барган кезибизде биздин гид Джон экөөбүзгө римдиктер тууралуу айтып берген. Ал алардын кандайдыр бир деңгээлде кең пейил жеңүүчүлөр болгондугун ырастап жатты. Алар эврей элине өзүлөрүнүн ишенимдеринде эле кала беришсе болот, бирок бир гана шарт, алар римдиктердин маданиятын кабыл алуу менен дешкен. Римдиктер эврейлердин римдиктер сыяктуу көрүнүп, жашап жана өзүлөрүн ошондой алып жүрүүлөрүн каалашкан. Кылымдар өтсө дагы, бул соодалашуунун тактикасы өзгөргөн эмес.

Бүгүнкү күндө бизге: “Силер кайсы динди болсо да тутунсаңар болот, бирок, бир гана шарт менен, ал – биздин баалуулуктарыбызды да кабыл алуу менен. Аңкоо болбогула – баары үчүн бирдиктүү болгон бир чындык жок, ал бир адамдын өзүндө болот. Эмнеге ишенсеңер ишене бергиле, бирок, биз кылгандай кылгыла!” –деп айтышат.

Бирок, албетте биз менен бул иштебейт. Кудай эч качан бизди маданияттын жетегинде жүрүүгө чакырбайт. Биз дүйнө менен биримдикте эмеспиз, биз Аны менен биримдиктебиз. Бул демек, биз Ыйсанын Сөзүнө ишенебиз: «Жол, чындык жана өмүр Менмин. Атама Мен аркылуу гана барууга болот, Менсиз эч ким бара албайт” (Жкн. 14:6) деген. Биз дүйнөнүн модалуу таасирин эмес, Теңирибизди ээрчийбиз. Анын Чындыгы адаттагы жолду таштап, Кудайдын планына көтөлүүгө шыктандарат. Кудай биздей ой жүгүртпөйт - Ал

тап-такыр башка категорияларда ой жүгүртөт. Бекер сөздөр бизди кандай болсок ошондой болуп калууга, жүрүм-турумубузга актануу издегенге, абийирибиз менен келишимге барууга шыктандырат. Бул дүйнө – биздин үйүбүз эмес, биз жөн гана жолоочуларбыз. Бул, биз эми бул маданиятка ылайыкташпай, Ыйык Рух менен болгон мамилебиз аркылуу өзгөрөрүбүздү билдирет. Биз бул ныксыраган дүйнөнүн тамашаларынан, ураандарынан, үрөй учурган тенденцияларынан эмес, Кудайдын Сөзүнөн акылмандык алабыз. Машайактын жолдоочулары катары бири- бирибизге дем берип турушубуз керек. Бул жөн гана колдоо көрсөтүү эмес, бири-бирибизге Кудайдын убадаларын эстетүү менен кайраттуулукту сиңирүү дегендик. Дүйнө: “Өзүңөр менен өзүңөр болгула; өзүңөрдү өзүңөр түзөсүңөр” дейт. Бирок, биз – улуу башаламандык учурунда, жерде жашаган асмандын элчилерибиз. Анан да, өзүбүз үчүн эмес, Ал  үчүн жашап атабыз.

Теңирдин Сөздөрүн бул доордун баалуулуктары менен аралаштырууга болбойт. Ал ар дайым бөлүнүп турат. Ал дайыма артыкчылыкта. Биз бир бутубуз бир дүйнөдө, экинчи бутубуз менен бир дүйнөдө туруп кыйналарыбыз анык, анткени, андайда жүрөгүбүз ар кайсы жакка тартат да. Бүгүнкү аятта Дөөт жүрөгүбүз бүтүн болушу керектигин айтат. Бул саптарды окуп жатканыңарга ишенем, анткени Кудайга бүткүл жүрөгүңөр менен кызмат кылууну каалайсыңар. Ал болсо, жүрөгүбүз ички байланып калуулардан жараланышын каалабайт. Ал биз Теңирге ишенип, жүрөктөрүбүзгө тычтыкты орнотуубузду каалайт. Андан кийин гана биздин жаныбыздын душманы менен күрөшкө чыгышыбыз керек.

*Теңирим, менин жолум жана багытым - Сенин Падышачылыгың. Менин жүрөгүмө Сенин ысымыңдын алдындагы урматтоону орнот.*

*Мен күчтүүмүн*

КАЧАН МЕНИН ЖҮРӨГҮМ БҮТҮН БОЙДОН ТУРГАНДА.

3

# ДУБАЛДАР

*“Ошол күнү Жүйүт жеринде мына бул ырды ырдашат: «Биздин шаар бекем, дубал менен тосмо ордуна Теңир куткаруу берди”.*

ЫШАЙА 26:1

Байыркы учурда шаарды бийик дубалдар менен курчап коюшкан. Муну менен душмандардан жана жапайы жаныбарлардан коргонушкан. Азыр антишпейт. Бирок, байыркы мезгилде мындай чептерсиз бир да шаар болгон эмес. Алар сырттан келгендер үчүн эскертүү катары: “Биз коркунуч алып келбегендерди гана киргизебиз” деп кызмат кылышкан. Ал эми, ичинде жашагандар үчүн, алар коопсуздуктун символу болгон. Адамдар дубалдарга жана күзөтчүлөргө ишенишкен – талап-тоноочулардан жана ниети бузуктардан шаар корголгон. Дубалдар ичинде жашаган адамдарды бороон-чапкындардан, өлтүрө турган оорулардан сактап турган.

Эми баскынчылар менен талап-тоноочулар каалаган убакта кирип келе турган дубалы жок шаарларды элестетип көрсөңөр. Алар каалаган кезинде келип-кете беришет. Эч кандай тынчтык, эч кандай коопсуздук жок. Ким ушундай жерде жашагысы келет?

Биз өзүбүздүн рухубузду коргобогонубузда да ушундай болот. Биздин жүрөгүбүз коопсуздуктун жана бейпилдиктин жайындай болбой калат. Ал таланып-тоналгон, булганган шаар болуп калат. Биз өзүбүздү эмоциянын эркине, ачууланууга, калпка жана талкалоочу сөздөргө берип салабыз, алар эч кандай тоскоолдуксуз гана бизге кирип келишет. Көңүл калуу биздин күнүмдүк наныбыз болуп, кайгы менен өкүнүч – адаттагы тамагыбыз болуп калат.

Кантип биз жаныбызды коргогон дубалдарды калыбына келтире алабыз? Келгиле, өзүбүздүн сөздөрүбүзгө көңүл буруудан баштайлы, айыктыра турган жана кура турган сөздөрдү сүйлөйлү. Кудайдын Сөзүн окугула жана аны жашооңордун бардык тарабына: никеге, жумушка, балдарды тарбиялоого жана достукка карата колдонгонду үйрөнгүлө. Жашооңордун ушул жактарына батаңарды бергиле да, өз жашооңорго карата оюңар менен да каргыш айтпагыла. Кудайдын Сөзүнө силердин жаныңарды кайра жаңылантып жаратууга уруксаат бергиле жана түшүмүн жыйнап аласыңар.

Өтө маанилүүсү —мурдагы ачуулануу же оордук алып келген сөздөрдөн калган тузактардан жана сыныктардан силерди бошотууга Кудайга мүмкүндүк берүү. Бул өзүңөр же башка бирөө айткан сөздөр болуп, алардын атылган окторуна дубалдарыңар туш келген болушу мүмкүн. Кээде булар өзүңөр өзүңөргө айткан кыйратуучу сөздөр да болушу мүмкүн. “ Чынында мен эч кимге керек эмесмин. Баары мага чыкынчылык кылат, акыры мен жалгыз калам”. Дагы: “Мен жийиркеничтүү жана семизмин. Кантип эле бирөөгө жакмак элем?” Бул сөздөр – ичиңден талкалоочу уулуу жебе сыяктуу. Өзүңөрдүн дубалдарыңарды талкалабай, аларды Кудайдын Сөзү менен бекемдегиле. Анын убадаларын өзүңөр жөнүндөгү чындыкты айтууга колдонгула жана аларга силердин жүрөгүңөр үчүн ишенимдүү коргоочу дубал болууга уруксат бергиле.

*Асмандагы Ата, Сенин Сөзүң аркылуу мен жана менин жашоом жөнүндө мага чындыкты ачып бер. Жүрөгүм гүлдөп-өсүшү үчүн, анын айланасына чындыкка негизделген бекем дубалдарды тургузууга жардам бер.*

*Мен күчтүүмүн.*

КАЧАН МЕНИН ЖҮРӨГҮМ КУДАЙДЫН СӨЗҮНҮН КОРГОНУЧУ АЛДЫНДА БОЛГОНДО.

4

# АЙЛАНЫП ӨТҮҮ

*"Анткени ачыкка чыкпай турган жашыруун нерсе болбойт, билинбей, ачылбай кала турган сыр болбойт".*

ЛУКА 8:17

Колорадого көчкөндө, мен коноктор бөлмөсүнө диван сатып алайын деп чечтим. Дароо мага жагып калганын табып алганым эсимде. Мен: "Мына ал, идеалдуу диван!" Эмеректер дүкөнүнүн дубалынын жанында, кооз аксессуарлардын жана сүрөттөрдүн айланасында, ал кереметүү көрүнүп турду. Бирок, мен кийин эстедим, менин диванымдын артында дубал болбойт. Ал өзү менен өзү кооз көрүнүшү керек – бардык тарабынан. Диванды артынан карап көрүү үчүн аны дубалдан жылдырганда, мен болбостугун түшүндүм. Мен аны алдынан гана караганымда, дароо эле үйгө алып кетмекмин. Качан мен аны башка тарабынан көрүп калбаганымда, ... ал мага аябай жакмак.

Көбүнчө, биз күнөөнүн сырткы көрүнүшүн гана көрөбүз. Бизге анын көрүнүшү, кандай сезимдерди чакырышы жагат жана биз өзүбүзгө: "Алам!" – деп айтабыз. Кийинчерээк гана биз анын "тескери тарабын" көрүп, уят менен көңүл калууну сезебиз.

Качан биз жашыруун күнөөлүү сүйлөгөнүбүздө же иш кылганыбызда, Кудай бизди уяткарууга аракет кылбайт - биз өзүбүздү ыңгайсыз абалга калтырып жатабыз. Бул жашыруун түрдө үрөн сээп алып, өсүмдүк өсүп чыккандан кийин Кудайга таарынып жаткандай. Балким, биз өзүбүздүн изибизди жаап-жашырууда ушунчалык мыктыбыз деп ойлогондуктан, бүгүнкү аят бизге такыр тиешеси жок дегендей сезилеттир. Бирок,

Ыйык Жазуу, эч несе сыр болуп калбайт деп айтып атса, анда эрежеден четтөө жок. Муну жакшылап түшүнүп, өзүңөрдү кыйла аң-сезимдүү алып жүрүү маанилүү. Эфестиктерге жазылган катта бул “этият мамиле кылуу” деп айтылат. “Анткени ашкереленген нерсенин баары жарык аркылуу ашкереленет, ачыкка чыккан нерсенин баары – жарык... Ошентип, кандай жашап жатканыңарга көңүл коюп карап, акылсыздардай эмес, акылдуулардай жашагыла...” (Эфестиктер 5:13,15).

Этият болуу деген – демек, жашоодо бардык нерсе өз ара байланышта экендигин түшүнүп жашоо дегенди билдирет. Бүгүн унутулуп калгандай сезилген нерсе, эртең кайра келип калышы мүмкүн. “Кылдаттык” деген сөздүн өзү – ойлонуп, карап көрүп, болгон аспекттерин таразалап, ишти ар тарабынан карап көрүү дегенди билдирет. Бул, үй сатып алаардын алдындагы көрүүгө окшош: үйдү сатып алаардан мурда, анын сапатын баалоо үчүн куруучу кардарды бардык бөлмөлөргө киргизип чыгат. Жашоодо да ушундай: биз өзүбүздүн чечимдерибизди жана кылган иштерибизди бардык тараптан баалап турушубуз керек. Биз өзүбүздүн чечимибизди бардык тарабынан “айланып өтүп” – ар бир “ бөлмөгө” кирип көрүп, ар кандай кесепеттерин таразалап, анан гана тандообузду жасашыбыз керек. Ошондо биздин аракеттерибизде акылмандуулук болот жана кабыл алынган чечимдер өкүнүчкө эмес, күчтүн булагына айланат.

*Теңир, Сен үчүн мен Сенден жашырып коё ала турган - жашыруун эч нерсе жок экендигин мага эстетип тур. Менин кылган нерселерим Сага даңк алып келиши үчүн, бардык иштеримде сактыкка үйрөт.*

*Мен күчтүүмүн.*

АНТКЕНИ, БҮГҮНКҮ КҮН МЕНЕН ГАНА ЖАШАБАЙМ.

5

# ӨКҮНҮЧТҮН ӨЛКӨСҮН ТАШТАП

*"Дарбазанын кире беришинде пес оорулуу төрт киши отурган. Алар бири-бирине: «Өлүмдү күтүп, ушул жерде отура беребизби?"- дешти".*

2 ПАДЫШЛАР 7:3

Кайсы бир учурда ар бирибиз өзүбүзгө: "Жетишет!" деп айтышыбыз керек болгон чекке жетебиз. Пес оорусу денени талкалагандай эле, өкүнүч жүрөктү талкалап салат. Күчтүү аялдар, качан өйдө туруп, алдыга басууну билишет. Өкүнүчтүн сазына батып кетпеш үчүн, максаттуу жашагыла. Өзүңөрдүн максатыңарды эске алуу менен, келечеке кадам таштагыла, анткени максатсыз жол – бул жөн гана тентип жүрүү. Силер барганга аракет кылып жаткан жерге жетүүнүн башка амалы жок. Балким, силер азыр өзүңөр каалаган жерде эмессиңердир. Балким, силер өкүнүчтүн караңгы өлкөсүндөдүрсүңөр. Силерге бир сыр ачып берейин: өкүнүчтөр силерди өзүлөрү эле коё берип койбойт.

"Эгер гана..." деген сөздөрдү "дал азыр" деген сөздөргө алмаштырууга убакыт келди. Биз алар менен бетме-бет жолукмайынча, жашообузда өкүнүчтүн жаңырыгы угула берет.

Мен ишенем: ар бир муундун өз каталарын оңдоого мүмкүнчүлүгү жана укугу бар. Биз буларды

ачык-айкын чындыкты айтып жана биздин артыбыздан ээрчип келаткандарга эскертүү менен кыла алабыз. Бирок, биз өз өкүнүчтөрүбүзгө көңүл бура берсек, эч качан муну көтөрө албайбыз. Алардан бошонуу менен, биз өз каталарыбызды акылмандуулуктун мурасына айлантабыз. Бул дегени, эмки муундарда өйдөрөөк көтөрүлгөнгө, ачыгыраак көрүүгө жана бир кезде биз түшүп калган тузактардан качканга мүмкүнчүлүктөрү болот. Азыр өткөн ийгиликсиздиктерге өкүнүп, колдорду түшүрүп, максатсыз тентип жүрүүгө убакыт жок. Алдыга кадам таштоого убакыт келди.

*Кудайым, мен өкүнүчтүн туткунунда калуудан баш тартам. Мен, башкалардын күчүнүн булагы болуш үчүн, ордуман туруп, алдыга барам. Мен өзүмдүн “эгер гана” дегендеримди “дал азыр!” дегенге алмаштырам жана өткөнгө өкүнгөндүн ордуна, менин келечегим жөнүндөгү Сенин көз карашыңды кабыл алам.*

*Мен күчтүүмүн.*

АНТКЕНИ, ӨЗҮМДҮН ӨКҮНҮЧТӨРҮМДҮ
МАКСАТКА АЛМАШТЫРЫП ЖАТАМ

6

# СҮЙҮКТҮҮ

*“Анткени сенин Жаратканың – сенин күйөөң. Анын ысымы – Себайот Теңир, сенин Куткаруучуң – Ысрайылдын Ыйыгы. Ал бүт жер жүзүнүн Кудайы деп аталат. Анткени Теңир сени күйөөсү таштап кеткен, руху кайгыга баткан аялдай кылып чакырып жатат, Ал сени жаш кезиңде алып, четке кагылган аялдай кылып чакырып жатат, – дейт сенин Кудайың”.*

ЫШАЙА 54:5,6

Бүгүнкү үзүндү айрыкча аялдар үчүн өзгөчө убаданы алып жүрөт. Кудай Өзүн биздин Атабыз деп айтмак, бирок, бул жерде ал башкача айтып жатат. Ал Өзүн сүйгөн, адашкан аялды чыныгы жолго кайтаруучу күйөөнүн ордуна коюп жана Өз убадасынын ишенимдүүлүгү жөнүндө айтып жатат. “Тоолор жылат, дөңсөөлөр солкулдайт, бирок Менин ырайымым сенден четтебейт, Менин тынчтык келишимим бузулбайт», – дейт сага ырайым кылуучу Теңир” (10 аят). Жашооңордо кандай гана кыйынчылыктардан өткөнүңөргө карабастан, Кудайдын силерге болгон сүйүүсү эч качан өзгөрбөйт. Бул маселени өзүңөр үчүн биротоло жаап койгула.

Бул үзүндүдө эч кандай башкача сөз болушу мүмкүн эмес. Ал бардык аялдарга: күйөөсү барларга, жокторго, ажырашкандарга, жесирлерге кайрылып жатат. Өзүн сынган, татыксыз, талкаланган, үмүтсүз эсептегендерге кайрылып жатат. Бул куракка карабаган убада. Бул Кудайдын Өзүнүн баа жеткис сүйүктүүлөрүнө багытталган добушу. Ал Өзүнүн аялдарына тынчтыкты бөлүп

берет. Ошондуктан, Анын тынчтыгын кабыл алгыла жана Ага жүрөгүңөрдүн тереңинде жаткан каарды, тынчсыздануубу жана коркунучту алып салууга уруксат эткиле.

Аялдарга эң сонун мүмкүнчүлүк берилген. Бизде болгондун баары – денебиз, жүрөгүбүз, жаныбыз кызмат кылуу үчүн жана жаңы жашоону өстүрүп чыгаруу үчүн. Бирок, жакшылык кылуудан көбүнчө чарчайбыз жана Асмандагы Атабыздын нараазычылыгын туудуруп алабызбы деген коркунучта жашайбыз. Биз канчалык аракет кылганыбыз менен, ал жетишсиз, эч кандай курмандык жетишерлик болбостой сезилет. Бирок, эсиңерде болсун. Бардыгы силер кылган нерсеге негизделген эмес, силер үчүн буга чейин эле кылынып коюлган нерсеге негизделген. Биздин эч кимибиз Кудайдын стандартына ылайык келгендей жашоо менен жашай албайбыз. Биз Анын жүрөгүндөгүдөй аял болушубуз керек, бирок, Анын каарынан жана четке кагып коюусунан корко бере турган болсок, анда Анын артынан ээрчий албайбыз. Мындай коркунуч, болгону көңүл калууга алып келет. Кудай Өзүнүн кыздарын ушул жүктөн куткаргысы келет.

Силер – аялдар, Анын оюу-каалоосу боюнча жаралгансыңар, силерде Кудайдын максаты бар. Бул даңктоого татыктуу, анткени силер кереметүү жаратылгансыңар – жана өзгөрүлгүс сүйүктүүсүңөр.

*Теңир, Сен мени кандай көргүң келсе, менин жан дүйнөмдө ошондой аялды мөөрлөп койчу. Мен Сенин солкулдагыс сүйүүңдү жана мен үчүн эмне кылган болсоң, ошонун баарын кабыл алам. Мени Өзүңө жакындатчы, мен өзүмдүн аялдык табиятымдан тынчтык табайын.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, МЕН ЭҢ СОНУН ЖАРАТЫЛГАМ.

7

# ЭКИНЧИ СОРТ ЭМЕС

*«Мен силерге Ата болом, силер болсо Менин уулдарым, кыздарым болосуңар», – дейт кудуреттүү Теңир.*

2 КОР. 6:18

Качан мен машайакчы болуп калып, анан Кудай мени сүйөөрүн билгенимде, бул менин акылыма сыйгыстай болгон. Ушундай таң калыштуу ырайымдуулукка жооп кылып, мен өзүмдү Анын камкордугуна тапшырдым. Ал кезде менин аялдык табиятым мага тоскоол болот деп, оюма деп келбептир. Андан кийин мен ар кандай жыйындарга жана машайакчылардын коференцияларына бара баштадым, ал жактан уккандарымдын айдыңында Анын сүйүүсү мага бир топ татаалырактай болуп сезилди. Бара-бара мен бул падышалыктын экинчи сорттогу адамы катары күнөөмдөн арылгандай таасир алдым. Белгилей кетчү нерсе — мен муну эч ким түздөн-түз айткан деп ойлобойм, бирок саптардын арасынан аялдарга ишенүүгө болбойт жана алар татыксыз түрдө куткарылган дегендей сезилчү.

Мени чаташууга алып келген биринчи окуя колледждеги кезимде болгон. Абдан жакшы кызмат болгон бир конференциядан кийин пастор сыйына баштады да, өз аялын кафедрага чакырды. Мен бул татынакай аял миңдеген адамдардын көзүнчө кантип кафедрага чыкканын байкап турдум. Анан күйөөсү тамашалай баштады, анын дарегине тикенектүү комментарийлерди айта баштады. Ал да жооп катары тамашалады. Адамдар күлө баштады, бирок, мага бир кызыктай сезилди. Күйөөсүнүн сөздөрү аныкына караганда курчураак болуп жатты. Аял өз чегин билген сыяктуу, ал үчүн болсо чек жоктой.

“Билесиңби, аялдар болбосо, биз эркектер кайда болмокпуз?” деп жакшына сурады ал. Мен болсо эми ушунча сайгылагандай сөздөрдөн жана какшыктардан кийин жакшыраак сөз айтат го деп ойлогом.

“Эркектер азырга чейин Эдемде болмокпуз”. Зал күлкүдөн жарылгандай болду. Кантип эле, бул жалгыз мага эле катуу тийди? Кантип эле, мен бир дүйнөнү калтырып, мени келекелеген, шылдыңга толгон дүйнөдө болуп калдым? Менин ээгим түшүп, тамагым буулуп калгандай болду. Жашымды араң эле кармап турдум.

Эртеси күнү кызматка барбай койдум. Бир шылтоолорду айтып, балдардын кызматына ыктыярдуу жардамчы болуп бардым. Ыйлап жаткан кичинекей баланы колумда термелте көтөрүп турганымда, Кудай мени сүйөрүнө оңоюраак ишендим. Аларды кучактап туруп, Кудай да мени ушинтип кучактап турат дедим. Менин жүрөгүм ыйлап жатты, Ал болсо мени назик гана сооротуп жатты. Мен бир гана нерсени билем, Ал менин Атам, мен болсо Анын кызымын. Мен ал кезде көп нерсени түшүнгөн эмесмин, бирок, Анын сүйүүсү шексиз эле.

Эмне үчүн аялдар өзүлөрүнүн дарегине айтылган кемсинткен сөздөргө чыдашат? Коркунучтанбы? Себеби дагы да тереңде деп корком. Биздин көпчүлүгүбүз, билбей туруп эле ушул сөздөрдө чындыктын үлүшү бар деп ишенебиз. Биз эмне чынында эле анчалык татыктуу эмеспизби, ошондуктан, ушундай сөздөрдү угуп жатабызбы? Бирок, андай эмес да. Буга ишенбегиле. Кудай аялдарга, алар аял болгонудугу үчүн ачууланбайт. Ал бизди экинчи сорттогу адам кылып жараткан эмес. Ал бизди атасы өз баласын сүйгөндөй сүйөт жана Анын сүйүүсү бизге шектенүүнү бербейт.

*Теңирим, Сен мени аял кылып жаратканың үчүн, ыраазымын. Сенин мага болгон сүйүүң жана менин баалуулугум жөнүндөгү чындыкты мага ачып берчи. Өз кыздарыңды шыктандыр жана аларга күч бер.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, МЕН АНЫН КЫЗЫМЫН - ЭКИНЧИ СОРТ ЭМЕСМИН, МЕН АНЫН БИРИНЧИ СҮЙҮҮСҮМҮН.

8

# СЕНИН БҮТКҮЛ СҮЙҮҮҢ

*"Калп айткыдай, Кудай адам эмес, өзгөрүлүп кеткидей, Кудай адам баласы эмес. Ал айтканын аткарбай коймок беле? Ал дегенин кылбай коймок беле".*

САНДАР 23:19

Көптөгөн аялдар анын чыныгы максаты (милдети) – ал күйөөгө чыккандан кийин башталат жана өз кыялындагы эркектен убадаланган түбөлүктүү сүйүүнү алам деп туура эмес ойлошот. Бул жолдун кайсы бир жеринде биз Анын кыялы экендигибизди унутуп койгондойбуз. Бизге сүйүү бизди табарын күтүп кереги жок: ал бизди таап бүткөн. Ыйса бизди биринчи сүйгөн. "Мен сүйүктүүмүнбү?" деген суроо биротоло жабылган.

Ошентсе да... Кылымдар бою Обонун кыздары Адамдын балдарына айтып келишкен: "Мага бүткүл сүйүүңдү бер. Мени корго. Коргоодо жана коопсуздукта менин эң бир шашылыш муктаждыктарымды канааттандыр" - деп. Аларга жооп кылып Адамдын уулдары Обонун кыздары алардын сөз менен айта албаган чаңкоосун канааттандырат деген үмүт менен аткара албаган убадаларды беришет. Тигилердин да, булардын да аракеттеринен майнап чыкпайт. Анткени, жашыруун каалоолорду жүзөгө ашырууга Кудай гана жөндөмдүү. Өзүнүн "Оздукталбаган жүрөк" деп аталган эң сонун китебинде Джон Элдридж өзүнүн каалоолорун аткарылуусун "ак жуумал" кыздардан издеген эркектердин көңүл калуулары тууралуу айтат. Ал эми, аялдарчы? Биз дагы үмүтүбүздү туура эмес

жакка багыттап жатабызбы? Абдан эле узак убакыттар бою анын башында эле биздин үмүттү актай албаганына карабай, биз толуктукту адамдан издеп келдик. Адам Обо үчүн жөн гана күйөөдөн көрө көбүрөөк маанилүү болчу. Кандайдыр бир мааниде Адам ал үчүн ата сыяктуу болчу, анткени ал – эркектен жаралган жалгыз гана аял болчу. Обо эне жылан тарабынан күнөөгө азгырылып, андан соң өз тандоосунан көңүлү калган сыяктуу эле, Адам атанын тандоосунан да көңүлү калган. Чынын айтканда, бизге өзүбүздөн да чоңураак болгон нерседен күч сузуп алган эркектер керек.

Бул адамдын уулдарынын күнөөсү эмес - алар биз издеген баталарды бере алышпайт. Анан биз өз кезегинде аларга биздин жаныбыздын үстүнөн ушундай бийликти берип коюп, өзүбүз аларды чоочутуп алдык. Биз күтүп жаткан чыныгы бата Кудайдан гана келээрин түшүнүшүбүз керек. Биз ага бизге жаңы ысым беришине мүмкүнчүлүк беришибиз керек. Анткени, биз көлөкөгө жашынган Обонун кыздары болуудан да чоңураакпыз. Биз жарыктын, батанын кыздарыбыз – Анын колуктуларыбыз.

Эркектер менен болгон мамиледен биз сүйүү, достук, жашоодо түгөй табышыбыз мүмкүн – бирок, Куткаруучуну таба албайбыз. Калп айта албаган бир гана Адам - бир гана Ыйса – анткени, Ал Өзү - Чындык. Анын ыйык Руху биз дем алып жаткан абадан да таза. Ыйсада гана биз куткарылганбыз, корголгонбуз, кымбат баалуубуз жана ким жеткилең сүйө алса, Ошол гана айыктыра ала тургандай айыкканбыз.

*Теңир, Сен гана эч кандай калп аралашпаган Чындыксың.*
*Сен гана мени айыктыра аласың. Өз жанымдын үстүнөн*
*Сенден башка бийликтерге орун бергеним үчүн, мени кечир.*

*Мен күчтүүмүн*

КАЧАН БҮТҮНДҮККӨ ЭРКЕКТЕРДЕ ЭМЕС,
КУДАЙДА ЭЭ БОЛГОНУМДА.

9

# ЖАРЫКТА ЖҮРҮҮ

*“Ал жарыкта болгон сыяктуу биз да жарыкта жүрсөк, анда бири-бирибиз менен мамилебиз бар жана Анын Уулу Ыйсанын каны бизди ар кандай күнөөдөн тазалайт.”*

1 ЖАКАН 1:7

“Ал жарыкта болгон сыяктуу биз да жарыкта жүрсөк” деген эмне? Бул суроого жооп бериш үчүн, төмөнкү аятка кайрылуу керек: “Кудай – жарык, Анда эч кандай караңгылык жок” (1Жкн. 1:5). Кудай бул, жөн гана жарыкта жүрүү эмес; Ал Өзү – Жарык. Ал сырткы нерседен чыкпайт, Анын табиятынан чыгат. Анда кенедей да караңгылык жок, ал Анын табияты үчүн жат көрүнүш. Муну элестетмек турсун, биз буга ынанууда да кыйналабыз. Биз дүйнөдө көргөн бардык нерселердин баарынын күңүрт жагы болот. Бизге белгилүү болгон ар бир буюм жарык жагынан көлөкө түшүрөт. Бирок, элчи Жакан бизде болбогон же биздин айланабыздагы сырткы жарык тууралуу айтып жаткан жок, ичтен чыккан, жүрөктүн өзүнөн чыккан жарык жөнүндө айтып жатат.

Жакан реалдуу, физикалык жарык жөнүндө эмес, рухтун жарыгы тууралуу айтып жатат. (Бирок, асманда Муса пайгамбар менен болгондой эле, бул жарыкты чындап эле жылаңач көз менен көрүүгө болот). Азыркы дүйнөнүн көлөкөлөргө толгон жарыгында, жүрөгүбүз таза болсо, анда биз жарык болуп жүрөбүз. Ыйсанын канына бизди тазалоого уруксат берүү менен, биз караңгылыкты кубалайбыз. Бул бизди калыбыбызга келтирет жана башка бир туугандар менен жана Кудай менен болгон мамилебизди чыңдайт.

Бирок, “Эгерде күнөөбүз жок деп жатсак, анда өзүбүздү өзүбүз алдап жатабыз жана бизде чындык жок” (1 Жкн.1:8).

Эгерде бизде тамчыдай гана ынаным болсо, көпчүлүгүбүз күнөөсүзбүз деп далилдебесек керектир эле. Бирок, мындай-лар болуп турат, биз муну билбей да калышыбыз мүмкүн. Качан биз түшүндүрүүгө аракеттенгенибизден, же айыптаганыбыздан же өзүбүздүн жүрүм-турумубуздан актануу издегенибизде, биз күнөөсүзбүз деп жаткандай болобуз. Бул биздин сөздөрүбүздөн угу-луп турат: “Кечир. Мындай дебей эле койсом болорлугун билгем... бирок (бул жерге актанууларды койсоңор болот)!” Биздин көпчүлү-гүбүзгө ушундай көрүнүш тааныш. Мындай же тигиндей формада биз ага балалыгыбыздан көнгөнбүз. Бирок, бул кечирим суроо эмес, бул күнөөнү башка жакка которуп коюу. Биз өз аракеттерибизге карата жоопкерчилик алмайынча, чыныгы өкүнүү болбойт.

“Кечир, бирок сен мени ушуга жеткирдиң!” – бул айыптоонун ыкмасы; биз андан башка жолум жок болчу деп айтып аткандай болобуз. 1Жкн.1:8де айтылгандай, ушундай жол тутуу менен жана өзүбүздү күнөөсүзбүз деп актануу менен, биз өзүбүздү өзүбүз алдап жатабыз жана “бизде чындык жок”. Чындыкты билүү – бул бир нерсе, ал эми чындык менен жашоо – бул таптакыр башка нерсе.

Кудай таза колдорду жана таза жүрөктү каалайт, алар болсо моюн сунуу, ачыктык жана чынчылдык аркылуу келет.

*Кудайым, мени жарыкта жүргөнгө үйрөт, караңгылыктын кандай гана көрүнүшү болбосун, айыптоону да, актанууну да токтотууга жардам бер.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, ЖАРЫКТЫН БУЛАГЫ ӨЗҮ МЕНИ ЧЫНДЫКТЫН ЖОЛУ МЕНЕН АЛЫП БАРА ЖАТАТ.

# Мамиледе күчтүү

# ЭЧ КАЧАН ЧЕТКЕ КАГЫЛБАЙ ТУРГАН

*"Анткени Ал көз ирмемге эле каарданат,*
*ал эми ырайымы түбөлүк".*

ЗАБУР 29:6

Силер башка адамдын көңүлүн чөгөртүп же ага жараат алып келип койдум деп түшүнгөнүңөрдө эмне кыласыңар? Өзүмдүн жеке тажрыйбамдан билгендей, эгерде мен андан оолактап калсам, качсам же актанууну издесем, анда мамилелер бузуларына көзүм жетти. Бирок, мен ага өз жүрөгүмдү бурсам, колумду сунсам жана эң кыйын болгон нерсе – момундук менен кечирим сурасам, анда мамилелерди калыбына келтирүүгө мүмкүнчүлүк болот. Берки адамдан күткөн жообубузду ала албасак да, адамдар менен мамиледе мындай жүрүм-турум эң туура болуп эсептелет. Кээде адамдар кечирбегенге чечим кылышат Бирок, силер муну билип алышыңар керек: Кудай эч качан мындай чечим чыгарбайт. Анын сүйүүсү жана кечирими ар кандай адамдыкынан өйдө турат. Ал тургай, Ал бурулуп кеткендей сезилгени менен, эч качан Ал четке какпайт.

Кудай менин жүрүм-турумум менен анчалык ыраазы болбогон учурлар болот. Бирок, мен күнөөмдү мойнума алып, өкүнүп, Андан кечирим сурасам, ошол замат жүрөгүм Анын

сүйүүсү менен жарыгына толот. Мен айыптоого татыктуу болгонумду сезген күндө деле, Ал мени Өзүнүн ырайымы менен жууйт. Ал мени эч кандай өзгөрүүсүз ынандырып турат: "Сен меникисиң. Мен сени сүйөм. Мен ишенем, сен өзгөрүлүүнү каалап жатканыңа. Мен сени кечирдим. Эми аны бошот". Анан ошол ирмемде Ал силердин ушуну билишиңерди каалайт.

Силер Анын балдарысыңар. Ал силердин кылганыңарды, сөзүңөрдү, жүрүм-турумуңарды четке кагышы мүмкүн, бирок, эч качан силердин өзүңөрдү четке какпайт. Силер өз кылык -жоругуңар менен Атаңардын көңүлүн түшүрүп алганыңарда, Андан бурулуп кеткендин ордуна, Анын жүзүнө карагыла. Эгерде силер оолактап, жашына турган болсоңор, анда болгону ишти узартасыңар, өзүңөрдөн "Анын өмүр бою берилген батасын" четтетип саласыңар. Жүрөгүңөрдү ачкыла жана Анын, силер үйрөнүшүңөр керек болгон сүйүүсүн кабыл алгыла.

*Ата, Сен менин каталарыма сөөмөй кадап көрсөтпөй тургандай, мени абдан катуу сүйөөрүңдү билем. Менин жашоомдогу Сенин ырайымың менен тазаланууга муктаж болгон жактарымды Өзүңдүн Сөзүң аркылуу көргөз. Мен Сенден алыстагым келбейт, Сага жакындагым келет.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, ЭГЕР МҮДҮРҮЛҮП КЕТСЕМ,

КИМГЕ БАРААРЫМДЫ БИЛЕМ.

2

# ЧЫР КҮЧӨП ТУРГАНДАГЫ ТЫНЧТЫК

*“Мүмкүн болушунча, бардык адамдар менен тынчтыкта болгула”.*

РИМДИКТЕРГЕ 12:18

Кээде чыр-чатакты сөзгө караганда, иш менен чечкен жакшы. Качан машайакчылардын ортосунда чыр-чатактар чыкканда, бизде аны чечиш үчүн жалпы система координаты, бирдей стандарт бар. Бирок, адамдар жарашкандан баш тарткан учурлар да болуп калат. Анда эмне? Мени менен бир нече жолу ушундай болгон. Бир жолу кокусунан курбумду таарынтып алып, биздин ортобузда түпсүз туңгуюк пайда болгонун сездим. Мен өз сезимдеримди анализдеп көрүп, анан аны менен сүйлөшүүнү чечтим. Аны таарынтып же намысына тийгендей эч нерсе кылган жокмунбу деп сурадым. Мен өзүм каалабай туруп эле аны таарынтып алышым мүмкүн, бирок, оңолгонду каалайм деп айттым. Ал баары жайында деп айтты, бирок, экөөбүздүн ортобуздагы муздактык эч кайда кеткен жок. Мен ага белек сатып алып, кат жазып жана кайрадан кечирим сурадым, бирок, жооп болгон жок. Мен ага кайра келдим. Ал кайра эле баары жайында деди, бирок, ошентип четтеп кетти. Акырында мен экөөбүздүн жалпы таанышыбыз болгон адамдан курбумду эмне кылып таарынтып алгандыгымды билер бекен деп сурадым. Ал да эч нерсе билбейт экен. Талдап алгым келип, мен ага бардык таржымалды айтып бердим. Анан мен айтып бүткөндө ал:

– Лиза, сен андан кечирим сурадың беле? - деп сурады.

– Ооба, - дедим мен.

– Сен ага такылдатууга аракеттендиңби?

– Ооба, бир жолу эмес, - дедим.

– Эгер сен колуңдан келгендин баарын кылган болсоң, ал баары бир сени көздөй кадам таштабай жатса, анда аны жөн эле коё бер, - деди.

Анын сөзүнөн кийин менин жан дүйнөмдөн таш түшүп кеткендей эле болду. Мен Римдиктерге жазылган Кат 12:18дей кылгандыгымды түшүндүм: “Мүмкүн болушунча, бардык адамдар менен тынчтыкта болгула”. Мен күнөөлү сезимге түшүп, өзүмдү жоготуп жаттым, бирок, күнөөм эмнеде экендигин да билген жокмун. Балким, ал экөөбүздүн достугубуздан мындан ары кубаныч таппай калгандыр же ар бирибиздин жашообузда жаңы этап башталгандыр. Мен жашоомдо кээ бир достор пайда болуп жана Кудай менде же анда Өз ишин аяктагандан кийин, бир маалда жоголуп кетишкендигин байкадым.

Биздин милдетибиз, элдешүү үчүн сыйынып жана бул иште кандай роль ойношубуз керектигин Кудайдан сурашыбыз керек. Эгерде биз адам менен элдешкибиз келип, сүйүү жана моюн сунуу менен барып, бирок терс жооп алсак, анда ал балким жооп берүүгө даяр эместир. Бул жараат алып келиши мүмкүн, бирок, эгерде силер Кудайдын Сөзүнө баш ие турган болсоңор, эч качан жеңилген болуп калбайсыңар.

*Теңирим, мага мамилелеримде тынчтык орнотуучу болууга жана башка адамдын реакциясы менин бийлигимде эместигин баамдоого акылмандык бер. Мага тынчтык алып келгенге жардам бер, анткени ал менден көз каранды.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, КУДАЙ МЕНЕН ЖАНА БАШКАЛАР МЕНЕН ТЫНЧТЫКТА ЖАШАЙМ.

3

# СҮЙҮҮ КАЙДА АЛЫП БАРАТ

*"Кудай, мени сактай көр, анткени Өзүңө таянам. Мен Теңирге мындай дедим: Сен менин Теңиримсиң. Сага менин тартууларымдын кереги жок Теңирди мен өзүмдүн алдымдан ар дайым көрүп турдум, Ал менин оң жагымда, мен олку-солку болбойм. Ошондуктан жүрөгүм кубанычка толуп, тилим шаттуу сүйлөп жатат. Атүгүл, денем да тынч алды".*

ЗАБУР 15:1,2,8,9

Силердин байланып калганыңар, силердин чечимиңерди аныктайт. Акыр-аягы, дал ошолор жашооңордун бардык тармактарына таасир этет. Кимиңер Кудайды жүрөгүңөрдүн борборунан орун алууга уруксат берсеңер, анда алдыңарда мындай суроо турат: "Мен көрбөгөн Бирөөгө кантип көңүлүмдү бурам?"

Эгерде силер бир нерсе кылгыңар келсе, анда ошол нерсени мурда кылган адам менен сүйлөшүп көргүлө. Дөөт падыша Кудайга кантип баш ийүүнү жана Ага болгон тирүү кумарды кантип сактоону билген. Ал Кудайга андан мурда эч ким ага окшоп умтулбагандай умтулган. Дөөт эч качан Кудайдын сүйүүсүнө жана ишенимдүүлүгүнө шек келтирген эмес — ал эми, анын бүт өмүрү Кудайга болгон сүйүү менен ыраазычылыктын жообу болгон.

Бүгүнкү аятта Дөөт Теңирди өзүнөн жогору коюп, жүрөгүндөгү аяндарды сөздөр аркылуу билдирет. Биздин жүрөгүбүз ар дайым эмнени сүйлөгөнүбүзгө жараша ачылат — сыйынуу болобу, уруш болобу же кадимки эле сүйлөшүү болобу. Бирок, жүрөк биз айткан сөздөрдүн таасири астында да өзгөрөт. Бул забурда Дөөт биз түшүнүшүбүз керек

болгон бир нече маанилүү чындыктарды ачып берет:

1. Кудайды баш калкалоочу жайыңыз кылыңыз - атүгүл падышалар да өздөрүн өздөрү коргой алышпайт.
2. Кудай менен болгон мамилеңерди жекелештиргиле – Аны өзүңөрдүн Теңириңер деп атагыла.
3. Ага Андан башка эч нерсе каалабай турганыңарды айткыла.
4. Ал силер үчүн дайым биринчи орунда болсун.
5. Анын жогорулугун таанып, өмүрүңөр менен урматтагыла.
6. Кылган иштериңердин бардыгында Аны ээрчигиле.
7. Ал тарапта болгула, анткени - жүк анын үстүндө жатат.
8. Коё бергиле, кубангыла – жүк силердин желкеңерде эмес.
9. Бул күчтүү чындыктарга таянып, Андан тынчтык тапкыла.

Биз Кудай менен сүйүү, келишим жөнүндө сүйлөшкөндө, ортобуздагы байланыштар бекемделет. Биз жашообуздагы бардык мамилелерге сөздөрүбүз жана иш-аракеттерибиз аркылуу кирип, аларды ошолор менен өнүктүрөбүз. Сөздөр жан дүйнөбүздүн ыйык мейкиндигин айыктыра да, тазалай да алат ошондой эле, анын эң терең маңызын жарадар да кылышы мүмкүн.

Жүрөгүңөрдү Кудайга багытташ үчүн сүйлөй турган сөздөрүңөрдү дос тандагандай эле акылмандуулук менен тандагыла. Ошондо аз болсо да, бирок алар чындап маанилүү болот. Сөздөрүңөр менен Ага умтулгула, жана Дөөт сыяктуу, Ага болгон сүйүүңөрдүн бекемделе баштаганын байкайсыңар.

*Теңирим, мен Сени билгим келет — мен Сага эң жакын адамым менен мамиле түзгөндөй эле, кумарлануу жана аң-сезимдүүлүк менен умтулгум келет. Ар бир сыйынуумда Сага болгон сүйүүм өссүн.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, МЕНИН СӨЗДӨРҮМ КУДАЙДЫН СҮЙҮҮСҮ МЕНЕН ТОЛГОН.

4

# ИШЕНИМДҮҮ КОРГОНУУНУН АСТЫНДА

*“Теңир эзилген адамга баш паана, кайгы учурунда таяныч болот”.*

ЗАБУР 9:10

Бүгүнкү күндө жыныстык жана физикалык зомбулук эпидемиялык деңгээлге жетти. Атам мага кандай мамиле кылынышын каалайт эле? Бул биздин жакын чөйрөбүздөгүлөрдүн баарына тиешелүү маанилүү суроо: дарыгерлерибиз менен мугалимдерибизден баштап досторубуз жана үй-бүлө мүчөлөрүбүзгө чейин. Бул сүйүктүү адамыбыз же күйөөбүз сыяктуу жакын адам болушу да мүмкүн. Бирок, суранам мени уккула: эгер силерге зыян келтирилип жатса, өзүңөрдү коопсуз сезбесеңер же коркунучта болсоңор, бул тууралуу үн катпасаңар – анда өзүңөрдү сүйбөй жана кам көрбөй турганыңарды билдирет. Силерге жаман мамиле кылгандар менен мамиле түзбөгүлө. Адеп-ахлактуу жана такыбаа аталар кыздарын коргогондой эле, силердин коопсуздугуңар Асмандагы Атаңар үчүн эң маанилүү.

Асмандагы Атаңар эч качан зомбулукка кабылганыңарды каалабайт. Ал, силерди коргоп, баалашын каалайт. Эч кимге - башка адамдарга да, өзүңөрдүн каталарыңарга да, өзүңөргө болгон ишенимдүүлүктү, кадыр-баркыңарды тартып алууга жол бербегиле. Атаңар силерди өз укугуңарды коргогон маалыңарда колдойт. Ал: «Өзүң күнөөлүүсүң, ал жакка өзүң бардың» же «Өзүң ушуну башыңа чакырдың» деп айтат деп ойлобогула. Ал эч качан антип айтпайт, тескерисинче: «Ал жактан кет, үйгө кайт, коопсуз

бол!» - дейт. Силер зордук-зомбулук жөнүндө ачык айтып, тиешелүү органдардан жардам сурап кайрылууга толук укугуңар бар.

Бул романтикалык мамилелерге, достук мамилелерге, ишкердик байланыштарга - силерди башка адам менен байланыштырган ар кандай тыгыз байланышка тиешелүү. Лукадан болгон Жакшы Кабарда айтылган: "Силерди кордогондор үчүн сыйынгыла" – деп, бирок алыста болуп сыйынуу деле күчүн жоготпойт. Элчи Пабыл мындай деп жазат: "Мүмкүн болушунча, бардык адамдар менен тынчтыкта болгула"( Римдиктерге 12:18). Бул жобо тынчтык өз ара даярдыкты талап кылаарын билдирет. Силерге зыян келтиргиси келгендер менен өз көз карашыңарды коргоого, дени сак тартипти сактоого укугуңар бар. Эгер силерди башкарууга аракет кылган адам менен байланышыңар болсо жана ага түз бетме-бет туруштук бере албасаңар, аны менен бетме-бет жолукпагыла. Эсиңерде болсун: эч кандай абалда жыныстык жана физикалык зомбулук менен макул болбошуңар керек.

Силер менен силерге зыян келтирген адамдын ортосунда аралыкты түзүү силерди коргоп гана тим болбостон, мындай жүрүм-турум кабыл алынгыс экенин, тийиштүү чараларды көрүүнү талап кылаарын көрсөтөт. Андай адамды жашооңорго киргизбей эле кечирип коё берсеңер деле болот. Кечирүү – бул Кудай эң бир жогору баалаган жаныңарга карата болгон камкордуктун актысы.

Силер Кудайдын сүйүктүү кыздарысыңар. Анын каалоосунда силерге кандай мамиле жасалышы керек экенин билишиңер керек.

*Ыйса, жашоомдогу ар кандай кыйратуучу мамилелерди чечүү үчүн мага күч-кубатыңды жана акылмандыгыңды бер. Сен мени колдооруңа ишенем.*

*Мен күчтүүмүн*

КАЧАН, КӨҢҮЛҮМДҮ ООРУТКАН ЖАНА КЕМСИТКЕН МАМИЛЕЛЕРГЕ КАРШЫ ТУРГАНДА.

5

# АКЫЛДУУ КУРБУ

*“Жашыруун сүйүүгө караганда, ачык айтылган ашкере жакшы. Сүйгөн адамдын жемеси чын жүрөктөн чыгат, жек көргөн адамдын өбүүсү жалган”.*

НАКЫЛ СӨЗДӨР 27:5,6

Достук бизге катуу таасирин бериши мүмкүн. Чыныгы достор бизге чындыкты – биздин намысыбызга тийген, бирок акыр-аягы айыктырууну алып келген сөздөрдү айтат. Алар биз каалап жаткан сөздөрдү эмес, бизге керек сөздөрдү айтышат. Ошол эле убакта Жазуу эскертип атат: “Алданбагыла, акылсыз адамдар менен достошкон адам бузулат” (1 Корунтуктарга 15:33). Ошондуктан, өзүңөрдү, жек көрүү сезимин чакырган адамдар менен эмес, силер окшошкуңар келген адамдар менен курчагыла.

Күчтүү аял кантип дос тандаары жөнүндөгү бир нече ойлор:

Биринчиден, досторуңар каршы эмес, силер үчүн экенин аныктап алгыла. Силер көбүнчө арызданyy таризинде сүйлөшөсүңөрбү? Жолугуудан кийин, чарчоо, кыжырлануу, боштук сезиминде каласыңарбы? Силердин өсүшүңөргө кызыкдар болгондорду издегиле – өзүңөр да алар үчүн ошондой болгула. Экинчиден, жакшы дос - силерди өсүүгө үндөгөн жана силер болгуңар келген версияга көңүл бурууга жардам берген адам. Накыл Сөздөрдө айтылган: “Темирди темир курчутат, адамды адам курчутат” (Накыл Сөздөр 27:17). Силер чындыкты сүйүү менен айткан, кошоматтанбаган, жага турган сөздөрдү эле айтпай, чындыкты айта билген досту каалайсыңар жана өзүңөр да ошондой дос болгуңар келет. Келишпестиктер пайдалуу болушу мүмкүн, анткени “чыныгы жемелөөлөр сүйүктүү [досуңдан]”.

Чыдамкай болгула. Ишеним убакытты талап кылат. Достук

убакытты талап кылат. Жакындык – бул ашыкча ачыктыкка окшош нерсе эмес. Бир адам менен бири-бириңер жөнүндө керектүүдөн көбүрөөк билгениңер, бири-бириңерди жакшы билесиңер дегенди түшүндүрбөйт. Заматта пайда болуп – ошондой эле, бат эле өчүп калган достуктарды көргөм. Бардык баалуу нерселердей эле, достук да аракетти талап кылат. Келишпестикти баштан өткөрмөйүнчө, досубуз чыныгы доспу же жокпу биле албастыгыбызды түшүндүм.

Социалдык уюмдар чыныгы достукту курууга ылайыкташып жаратылган эмес – алар жөн гана таанышууга жардам бере алат. Ошондуктан, дос тандаарда кылдат, ойлонуп аракет кылгыла. Сыйынып, Атаңардан жашооңорго ушул учурда силер менен бир жолдо боло турган досторду алып келүүсүн сурангыла. Ал силерге "антташкан дос" менен, силер менен бир тарапка кетип бараткан адамдын айырмасын көрсөтө алат. Эгер бирөө силерди дайым басынтып, сатып же этибарга албаса, өзүңөрдөн эмне үчүн аны менен достошуп атканыңарды сурап көргүлө. Сыйынууларыңарды текшергиле. Оорулуу мамиленин тузагына түшүп калбадыңарбы? Балким, силер ушундай жол менен таанылуу жана статусту табайын деп жаткандырсыңар? Ыйык Рух силерге Кудайдын эркин таанып, акылман тандоо жасаганга жардам берсин деп сыйынгыла.

Биз ар кандай адамдар менен мээримдүү, достук мамиледе болуп, жакшы байланыштарды колдой алабыз. Бирок, жакын тартып, жүрөгүңөрдү багыштаган бардык адамдар үчүн мунун өзү жетишсиз. Экөөңөр тең бири-бириңерге чындыкты сүйүү менен айтууга даяр экениңерге ишенимдүү болгула.

*Кудайым, мен адамдардын арасында жашап, мамилелерди түзүп жана аларда өсүү - Сенин эркиң экенин билем. Жашоо жолумду бөлүшө турган адамды акылдуулук менен тандоого жардам бер.*

*Мен күчтүүмүн*

КАЧАН МЕНИ МЕНЕН ЧОГУУ ӨСҮП ЖАТКАНДАРДЫ ДОС КАТАРЫ ТАНДАГАНДА.

6

# АДИЛЕТТҮҮЛҮКТҮН КУДАЙЫ

*Атаандашы келип, изилдегиче, биринчи келгендин кеби жүйөөлүүдөй туюлат.*

НАКЫЛ СӨЗДӨР 18:17

Бир бөлмөдө бирден ашык адам болгондо, чыныгы жашоодогу баарлашуудабы же онлайн баарлашуудабы, чыр-чатак чыгып кетүү коркунучу бар. Көп учурда эки тарап тең коргонууга өтүп, угуудан баш тартышат – анткени, ар бир тарап өзүн туура деп эсептейт.

Мисирде кулчулукта жүргөндө, ысрайылдыктар ар дайым чыр-чатактардын зордук-зомбулук жана коркутуу аркылуу чечилип жатканын көрүшкөн. Бирок, жаңы, эркин жашоосунда аларга пикир келишпестиктерди чечүүнүн башкача, дени сак модели керек болчу.

Алар Мисирдеги кулчулук жашоодон баш тартып, Кудайдын катышуусунун коргоосунда асман астындагы жашоону тандашкан. Бул таш буркандардын жана сокур айкелдердин күчүнөн — тирүү, ыйык жана адил, сүйгөн жана урмат менен коркуу туудурган Кудайга өтүү болгон. Бул от менен сүйүүнүн Кудайы, курмандыктар менен ыраазы болгон мисир кудайларына такыр окшош эмес болчу. Ысрайылдын Кудайына рух жана чындык менен кызмат кылуу керек болчу. Анын бийлигинин негизи адилеттүүлүк болгон. “Бирок Теңир Өз тактысына түбөлүк

отурат. Сот жүргүзүү үчүн, Ал Өз тагын даярдады” (Забур 9:7).

Бизге адилетсиз мамиле жасалганда, акыры адилеттүүлүк орнойт деп үмүттөнөбүз. Ар бирибиздин жүрөгүбүздүн түпкүрүндө адилеттүүлүккө болгон катуу каалоо бар, бирок, чынын айтканда биз көп учурда үмүттөрүбүздө жаңылып калабыз. Канча жолу өзүмдү туурамын деп ишенгем — бирок, башка тараптын окуясын укканга чейин. Дал ушул себептен улам Пабыл эскерткен: “Ошондуктан Теңир келгенче, алдын ала эч соттобогула. Теңир келгенде, караңгыга жашырылганды жарыкка чыгарат, жүрөктөгү ниеттерди ачыкка чыгарат. Ошондо Кудай ар бир адамга ишине жараша мактоо айтат” (1 Корунттуктарга 4:5).

Биз чыңалуу же кайчы пикирлерде Анын даанышмандыгын издей алабыз жана акыры соттоп да, куткарып да алуучу Ал экени бизге жеңилдик берет. Анын жетекчилигине баш ийүү менен, биз соттун, өч алуучунун же түрмө сакчысынын ролун аткарбастан, адилдик жана ырайым менен жооп бере алабыз. Биз Ага сыйынып, Ал кандай аракет кылганын, багыт берип, кеңеш берип, жол көрсөткөнүн көрө алабыз. Анткени, Ал - дайыма жанында болуучу Кеңешчи.

*Теңирим, мындан ары жүк көтөрбөй калганым үчүн, Сага ыраазымын. Пикир келишпестиктер болгон учурларда мен Сага ишенем жана Сенин жетекчилигиңе таянам.*

*Мен күчтүүмүн*

КАЧАН ТАЛАШ-ТАРТЫШТАРДЫ ЧЕЧҮҮДӨ АДИЛЕТҮҮЛҮКТҮН КУДАЙЫНА ИШЕНГЕНДЕ.

7

# УШАК ҮЧҮН КОЛ ЖЕТКИС

*“Кем акыл жакынына жек көрөрүн айтат, ал эми акылдуу адам унчукпайт. Сөз ташыган адам жашыруун сырды ачат, ал эми ишенимдүү киши ичинде сактайт”.*

НАКЫЛ СӨЗДӨР 11:12,13

Баарыбыз ушундай кырдаалга туш болгонбуз: силер адамдар менен жакшы баарлашып жатасыңар, анан күтүлбөгөн жерден алардын бири жалпы досуңарды ушактай баштайт. Бирөө ушакчыны токтотор деген үмүттө эки жакты карайсыңар, бирок, андай болбойт. Канчалык көп уккан сайын, ошончолук жан дүйнөңөргө оор болот. Силер жетилген, акылдуу жана калыс адам болгондуктан, муну көтөрө аларыңарга өзүңөрдү ишендиресиңер. Анан кийин гана көз карашыңар бүдөмүк болуп калганын түшүнөсүңөр. Сөз болуп жаткан адамды жолуктурганда, өзүңөрдү ыңгайсыз сезесиңер. Балким, ошол адамдын жасаган иши гана эмес, ниетин да айыптоону каалайсыңар. Ушакка катышпоо кыйын, бирок, жөн гана угуучу болсоңор да - бул өзүнөн-өзү силерге талкалоочу таасир тийгизет (Накыл Сөздөр 17:4). Бул көрүнүшкө күн сайын социалдык тармактарда туш болуп жатпайбызбы.

Эгерде биз ушактарга аралашкыбыз келсе, анда алгач алар эмнеге алып келерин түшүнүп алалы. Merriam-Websterдин сөздүгүнө ылайык, ушакчы – бул “башка адамдар жөнүндө жеке же купуя маалымат бөлүшүү адаты бар адам”. Бул - кырдаалга түздөн-түз тиешеси жок адамдарга терең жеке маалыматты жеткирүү адаты. Баарыбыз эле өмүрүбүздө жок дегенде бир жолу ушакташканбыз. Бирок, ушакчы

муну оңой эле кылат. Мындай адамдардын мотивдери ар түрдүү болушу мүмкүн: өзүн маанилүү сезгиси келген эч зыянсыз каалоодон баштап - кимдир бирөөнүн аброюн аёосуз талкалоо ниетине чейин. Ушак мамилелерди ууландырып, чындыкты жок кылат. Бул ар дайым ишенимге кыянаттык кылуу болуп саналат. Кимдир бирөөнүн пайдасы үчүн баары ачыкка чыгарылат - жеке сыр, ыңгайсыз окуя, унутулуп калынса жакшы болмок болгон чыр-чатак. Башкасы коопсуздукка, таасирге же өзгөчө кызматка ээ болушу үчүн, бир адам “сатылат”. Кээ бир адамдар статусун көтөрүү, көңүл бурдуруу, көңүл ачуу же өзүн жакшы сезүү үчүн ушактайт. Башкалары – бирөөнү жазалаш же ордуна коюш үчүн.

Бул биздин жол эмес. Ыйык Рух жүрөгүбүздү жумшартат, ошондуктан, бирөөгө сүйлөгөндө, өтүп кетпеш керек болгон чек бар экенин сезебиз. Эгер душман силердин сөздөрүңөрдү байкап турганыңарды билсе, ал силер көргөн, окуган же уккан нерселер аркылуу чаташтыргысы келет. Ага муну кылууга жол бербегиле. Ушактан алыс болуу менен, жүрөгүңөрдү коргойсуңар. Мындай сүйлөшүүлөргө катышпоону чечкенден кийин, акылмандык үчүн Рухка кайрылгыла: мындай кырдаалда өзүңөрдү кантип алып жүрүүңөр керек? Кээде силер кыла турган эң жакшы нерсе - жөн гана туруп, кетип калуу. Тилиңер караңгы жолго алып барышын каалабайсыңар да. Эч кимге жакындарыңар жөнүндө жаман сүйлөгөнгө жол бербегиле. Анын ордуна сыйынгыла, сүйгүлө, эгер керек болсо, андай адамдарга каршы туруудан уялбагыла.

*Теңирим, жүрөгүмдү булгабашым үчүн, эриндерим менен кулактарымды сакта. Мени чындыкта жумшак, бирок бекем турууга, жашоомдо өз жолумду аныктоого жана абийиримдин үнүн ээрчүүгө үйрөт.*

*Мен күчтүүмүн*

КАЧАН УШАКТЫ ЭМЕС, ӨМҮР СӨЗДӨРҮН ТАНДАГАНДА.

8

# ГОРМОНИЯДА ЖАШАГАН

*"Өз ара бир ойдо болгула. Өзүңөр жөнүндө жогору ойлобогула, тескерисинче, момундардын жолун жолдогула. Өзүңөрдү акылдуу эсептебегиле. Жамандыкка жамандык менен жооп бербегиле, тескерисинче, бардык адамдардын алдында жакшылык кылууга аракеттенгиле".*

РИМДИКТЕР 12:16,17

Бири-бирибиз менен тынчтыкта жана ынтымакта жашоо деген - Машаяктын денесинде башка адамдар менен ынтымакта, үндөштүктө жана достукта жашоо дегенди билдирет. Бул көрсөтмө жыйындын ичиндегидей эле, анын сыртындагы жашоого да тиешелүү. Бизге маанилүү көрүнгөн айырмачылыктардан баш тартуу оңой, анткени, Машаякта баарыбыз бирбиз. Муну түшүнгөндөн кийин, жашоо деңгээлине карабастан, Кудайга кызмат кылып жаткан эң күтүлбөгөн адамдардан досторду табабыз. Бүгүнкү аят бизди текебердик менен менменсинүү башка адамдар менен болгон мамилелерде дисгармонияга алып келерин эскертет. Анткени, текебердик бизди жамандыкка жамандык менен жооп берүүгө укугубуз бар деп ойлоого мажбурлайт - бул Ыйык Жазуунун рухуна түздөн-түз карама-каршы келет. Машаякта биз кызмат кылуу жолун кабыл алышыбыз керектиги эсиңерде болсун. Бул – кантип туура жашаш керектигин, өзүңдүн мисалың менен көрсөтүү дегенди билдирет.

Текебердик жана менмесингендиктен баш тартуу менен, биз

жаакка чапканга экинчи жаагыбызды тосуп, көйнөк сураган адамга пальтобузду берип, дагы бир аралыкты басып өткөн болобуз. Биз башкаларга туура иш кылуу үчүн колубуздан келгендин баарын жасоого жана өзүбүздөн көз каранды болгон учурда, баары менен тынчтыкта жашоого чакырылганбыз. Ал үчүн биз Атабызга чексиз жана жаш баладай ишенишибиз керек. Ал гана баарын көрөт - тарыхтын ар бир барагындагы ар бир сапты көрөт. Ал ишенимдүү жана чынчыл Автор.

Биз, коом чегинен ашып түшкөн мезгилде жашап жатабыз - бирок адамдар дагы эле боорукердикке жооп кайтарышат. Күн бою мен, колдоого муктаж болгон адамдарга көз салып турам – аларга комплимент айтам, бир нерседе жардам берем же жөн гана саламдашып коём. Өтө көп адамдар кулагына кулакчын тагынып, аңдоосуз тиктеген көз караш менен жашоодо шашып-жүгүрүшөт. Мен силерден суранам: күчтүү болгула, жакшылык кылгандан коркпогула! Рассалык бейкалыс пикирлерди же материалдык мүнөздөмөлөргө негизделген бөлүнүүлөрдү четке кагуу аларды айыктырууга жардам бербейт - иш-аракет жардам берет. Андыктан, келгиле, алдын ала чара көрөлү. Теңир жүрөгүңөрдө жашырылган ар кандай бейкалыс пикирлерди ачып берсин деп сыйынгыла. Эгер кандайдыр бир калыс эместикти байкасаңар, аны моюнга алгыла, ага тике карап туруп, тобо кылгыла. Шылтоолорду жана актануулары издөөгө түрткү болгон текебердиктин пардаларын ыргытып, өзүңөргө момундуктун чапанын кийгиле.

*Ата, мен башкалар менен тынчтыкта жана ынтымакта жашай алышым үчүн, мага текебердик жана бейкалыс пикирде мени артка тарткан нерселердин баарын көрсөт.*

*Мен күчтүүмүн*

КАЧАН БАШКАЛАР МЕНЕН ГАРМОНИЯДА ЖАШАГАНДА.

9

# КУДАЙГА ЖАККАН КООМДО ӨСҮП КЕЛЕ ЖАТКАН

*“Эгерде силер Менин айткан сөздөрүмдү аткарсаңар, Менин досторумсуңар.”*

ЖАКАН 15:14

Машайактын достору силерге да чыныгы дос болушат. Алардын сөздөрү таза болот – анткени, алардын жашоосу ошондой. “Эгерде силер Менин айткан сөздөрүмдү аткарсаңар, Менин досторумсуңар” (Жакан 15:14). Бул жакта Ыйса эмнени айтып жатканы түшүнүктүү. Машайактын достору Анын келишимин сактайт жана башкаларды да ошого үгүттөйт. Ага өзүнүн сүйүүсүн далилдеш үчүн эмес, жөн гана Аны сүйгөндүктөрү үчүн.

Чыныгы достор силерди ар дайым өркүндөөгө шыктандырып, Теңирге жаккандай жашоого үндөйт. Алар жаныңарда болгусу келет, руханий өсүшүңөргө кам көрүшөт, силер менен кошо күлүп, кошо ыйлашат. Жашоо силерди бир азга ажыратышы мүмкүн, бирок, эгер достук жүрөктөн чыкса, анда кайра жолукканда эч качан ажырабагандай сезилет. Чыныгы достор силердин өсүшүңөрдөн, ийгилигиңерден же жетишкендигиңерден коркуп кетпейт - алар силер үчүн өздөрүнөн бетер кубанышат. Баарыбызга жашоодо чогуу жүрө турган аялдар керек: бизге үлгү болгондор, жолдо бизди колдогондор жана бизден үлгү ала тургандар. Бул чындыктар бардык куракта зарыл – жаштыкта да, улгайганда да.

“Эгерде кимдир бирөө жалгыз адамды жеңе ала турган болсо, анда экөө ага каршы тура алат. Үч катталган жип да оңой менен үзүлбөйт”( Насаатчы 4:12). Чыныгы достор силер менен жанаша туруп жана силер үчүн күрөшөт. Алар силерге сыйынып, жалгыз өзүңөр кыла албаган жерде күч-кубат берет. Достор Теңирдин атынан чогулганда, кудуреттүү бир нерсе болот. Анткени, Ыйса айткан: “Кайсы жерде Менин ысымым үчүн эки же андан көп адам чогулса, Мен да ошол жерде, алардын арасындамын” (Матай 18:20). Ушундай баа жеткис достукка ээ болуу – бул улуу бата.

Достор Ыйык Жазууну чогуу изилдешет жана бири-бириндеги Ыйык Рухтун күчүнө таң калышат. Кудай жер жүзүндөгү Өзүнүн кыздарында сонун, терең иш жасап жатат. Достордо да пикир келишпестик болот, бирок, бул алар ар башка жолдор менен кетиши керек дегенди билдирбейт. Бири-бирибизди коргоп, баалайлы, анткени, биз чогуу өсүү үчүн жаралганбыз. Өсүү дайыма жаңылуу, ийгиликсиздик менен коштолот. Эгерде биз бири-бирибизге чындап берилген болсок, анда биз эң жаманын издебейбиз - эң жакшысын үмүт кылабыз. Эгер жашооңордо мындай мамиле болбосо, анда аны издеп, куруу чечимин чыгаргыла. Сыйынгыла, Кудайдын жол көрсөтүүсүн сурагыла, ыймандуу байланыштарды бекемдөөнүн жаңы жолдоруна жүрөгүңөрдү ачкыла. Алгач кээ бирлер үчүн коркунучтуу болушу мүмкүн, анткени, баары эле мындай милдеттенмелерди алууга даяр эмес. Тобокелге салып, ага карай бир кадам жасап көргүлө. Бул аялдар менен чогуу сыйынуу, бирге окуу же жөн гана маектешүүнүн кубанычы — бул жыргалчылык эмес тескерисинче, ансыз чыныгы өсүү болбой турган нерсе.

*Ыйса, мен чыныгы дос болуп, бекем достук мамилелерди түзгүм келет. Мага досторду кайдан тапса болорун жана достукту кантип өрчүтсө болорун көрсөт.*

*Мен күчтүүмүн*

КАЧАН МЕНИН ЖАНЫМДА МАШАЙАКТАГЫ ЭЖЕ, СИҢДИЛЕРИМ БОЛГОН КЕЗДЕ.


# MessengerX

***Күнүмдүк шакирттик үчүн сиздин колдонмоңуз***

## Таптакыр бекер!

Мобилдик түзмөгүңүзгө жөн гана жүктөп алып, колдонууну баштаңыз! Же сайттагы веб-версиясын колдонуңуз:

MessengerX.com




## 130+ тилдер жана бул да чек эмес

- 130 дан ашык тилдеги материалдарды карап чыгыңыз жана жүктөп алыңыз.
- Материалдарды досторуңуз менен бөлүшүңүз же изилдөө тобун баштаңыз.
- Жаңы материалдар дайыма кошулуп турат.

## Көрүңүз. Окуңуз. Угуңуз.

Кеңири каражаттардын китепканасын изилдеңиз: курстарды, электрондук китептерди, аудиокитептерди, кыска метраждуу фильмдерди жана башка көптөгөн нерселерди көрүп, окуп жана уга аласыз.



## Өтө маанилүү багыттардагы өсүш

Үй-бүлө, жакшы мамилелер, жашоодогу максат, порнографиядан эркин болуу, ишенимди бекемдөө, Кудайдын үнүн угуу, бизнес лидери жана башка ушул сыяктуу темаларды изилдеп көрүңүз!

## Сиздин өсүшүңүзгө карай жол


**MessengerX** тин максаты жашоодогу кийинки кадамды жасоого жардам берүүгө багытталган. Биз ошол жолдо калууңузга жардам берүүчү шакирттик жолду жана күчтүү куралдарды иштеп чыктык.



## Сизге жага турган дагы да көбүрөөк мыкты функциялар бар!

- Бул материалдарды бөлүшүүгө жана ал тургай, изилдөө топторун баштоого жардам бере турган жөнөкөй жана жеңил куралдар.
- Сиздин сүйүктүү смарт сыналгыңыздан көрүү үчүн Chromecast жана AirPlay.
- Бардык түзмөктөрүңүздөгү жетишкендиктериңизди сактаңыз. Өзүңүзгө жаккан материалдарга тез жетүү үчүн, аларды китепканаңызга сактап коюңуз.
- Офлайн режиминде көрүү үчүн түзмөктөрүңүзгө материалдарды жүктөп алыңыз.
- Сиз издеп жаткан нерсенин так өзүн табуу үчүн акылдуу издөө жана чыпка.
- Аудио китептердин, аудио Библиялардын ыраattуу бөлүмдөрүн жана атүгүл мактоо ырларын өз тилиңизде автоматтык түрдө ойнотуңуз!

# **MessengerX** -1-2-3 сыяктуу оңой!




**1** **MessengerX** тиркемесин App Store жана Google Playден жүктөп алыңыз

**2** Аккаунт ачып туруп, тиркемени өз тилиңизде колдонуңуз

**3** Өзүңүзгө жаккан каражаттарды карап, окуп, көрүп, угуп, жүктөп алыңыз да жана башкалар менен бөлүшүңүз

## Шакирт болгула, шакирт даярдагыла

**MessengerX** тин бир бөлүгү катары, сиз которулган каражаттарды дүйнө жүзүндөгү адамдарга жеткирүүгө жардам бересиз.

***Анткени ар бир адам билүүгө татыктуу!***

**MessengerX.com**

Бул жерден жүктөп алууга болот App Store

Бул жерден алууга болот Google Play

</> Бардык браузерлерде жеткиликтүү.

# Күрөштө күчтүү

I

# ЭСТҮҮ ЖАНА САК

*“Эстүү жана сергек болгула. Силердин душманыңар шайтан кимди жутуп жиберсем деп, айкырган арстан сыяктуу тегеренип жүрөт”.*

1 ПЕТИР 5:8

Биздин душманыбыз бизди уйкусурап турганыбызда жана кармайт деп күтпөгөн маалда сергектик менен аңдып жүрөт. Яков падышанын Библиясынын котормосунда *сак жана сергек* деген сөздөр колдонулат. Сергек дегендин карама-каршысы – мас болуу; ичип алган адамдар айланасында эмне болуп жаткандыгын билишпейт. Анын кабылдоосу бүдөмүк, көзү тумандап, кыймылы жай, чындыкты кабылдоосу бурмаланган. Сергек жана эстүү болуу – демек, сак болуу жана ойдогу айкындык жана кыймылдагы тездик.

Петирдин биринчи Катында шайтан өз олжосун издеп жүргөн, ырылдаган арстан менен салыштырылат. Ал бизди түздөн түз эле жеп албайт – ал митайымдык менен аз-аздан биздин жаныбызды жута берет. Анын чабуулдары анчалык көрүнбөйт, бирок, муну менен ал опурталдуу болбой да калбайт. Ал биздин кубанычыбызды, тынчтыгыбызды, күчүбүздү, алат, ден соолугубузду, мамилелерибизди, оюбузду бузат. Ал дүрбөлөң менен коркунучту чакырган айыптоолорду

тагат. Шайтан бизди кандай гана чечкиндүүлүк жана кежирлик менен аңдып жүргөндүгүн көрсөтүү үчүн, Кудай чоочута турган ач арстандын образын берип жатат. Арстан өз жемин сезгендей эле, ал дагы таарынычты, ачууну сезет.

Арстандар жарааттан аккан кандын жытын билишет. Биз ооруганын байкамаксан болуп же аны бирдеме менен жашырып жараатыбыздан кан ага беришине жол бербешибиз керек. Сергек жана сак болуу, бул өз жараатыбызды өз убагында айыктырууга Атабызга алып келүү болуп эсептелет. Ал аны таңып жана Өзүнүн Ыйык Рухунун жардамы менен айыктырат. Келгиле, ал тургай анчалык чоң эмес жана коркунучтуу эмес деген жарааттарга да көңүл буруп көрөлү. Эгерде биз аларды убагында таба турган болсок, бул бизге сергектик берет жана караңгыдагы сааттар үчүн айкындык берет.

*Атаке, жутуп жиберсем деп ырылдап жүргөн душмандын ойлорун таанып-билүүгө мага жардам бер. Сен аларды айыктырышың үчүн, өз жараатымды Сага алып келгенге кайраттуулук бер. Мени корго, айыктыр жана согуштун кызуу мезгилинде сергек жана сак болгонго жардам бер.*

## *Мен күчтүүмүн*

КАЧАН САК БОЛУП ТУРГАНЫМДА
ЖАНА БИР НЕРСЕНИН БАШКАЧА БОЛУП
ЖАТКАНДЫГЫН БАЙКАГАН КЕЗИМДЕ.

2

# ЭРКЕК МЕНЕН АЯЛДЫН ОРТОСУНДАГЫ ТЫНЧТЫК

*“Аял экөөңөрдүн ортоңорго, экөөңөрдүн тукумуңардын ортосуна кастык коём. Аялдын тукуму сенин башыңды жанчыйт, сен болсо анын согончогун чагасың”.*

БАШТАЛЫШ 3:15

Кайсы жакты карабагын, бардык жакта эле эркек менен аялдын күрөшү. Кыйналган, капаланган эркектер менен жабыркаган, каарданган аялдар өз жарааттары үчүн бири-бирин айыпташууда, анан да ар кимиси башка бирөөнүн оңолушун каалашат. Бирок, айыгууну эркектер да, аялдар да бере айлышпайт. Бир гана Кудай бизди кыялыбыздагы бакка алып келе алат.

Башталышта (3:15) айтылгандай, шайтан Обону бутага алгандан бери эле ал күрөш уланып келе жатат. Кудайдын кыздары, жердеги Адамдын уулдары силерди жыландан куткара алыбайт. Бул асмандагы Төрөнүн гана колунан келет. Жылан дайыма бир гана максатты көздөгөн: Обонун кыздарын алардын ар-намысынан ажыратуу, күчүнөн, абийиринен ажыратуу, аларды алсыздандыруу. Ал эми, качан аял өз ар-намысынан ажыраганда эркек да сынат, анткени аял – бул эркектин таажысы (1Кор. 11:7).

Бул күрөштү өзүндөй көрүүгө кайраттангыла: жылан силерди ар-намысыңардан жана кийиминерден айрыйт! Силер муну көрүшүңөр керек жана наразычылыкка толушуңар керек. Ошондо

гана силер кайраттуу болуп, өзүңөрдүн чыныгы душманыңар менен күрөшөсүңөр жана чыныгы Падышага берилген ишенимдүүлүк менен курчанасыңар. Ошондо силер өз жылаңачтыгыңарды жабыш үчүн, эң сонун кийимге ээ болосуңар. Силер ошондо эркектер менен эмес, күйөөңөр менен эмес, биздин жаныбыздын душманы менен күрөшүп жатканыңарды билесиңер. Биз жаман нерселерден ойгонуп-бошонуп жана кыялыбызга кайрылууга умтулушубуз керек.

Мен жан дүйнөнүн ошол кыйкырыгы тууралуу айтып жатам. Силер эркек бере ала тургандан да көбүрөөк терең сүйүү, жакындык, биригүүгө чаңкап турасыңар. Силер жерден таба ала турган коопсуздук жайдан да көбүрөөк баш калкалоочу жайга умтулуп жатасыңар. Силер Асман Төрөсүнүн сүйүүсү жөнүндө сыйынып жатасыңар. Мен силерге бир сырды ачып берейин – Ал дагы силерди эңсеп сагынып жатат. Биздин жүрөгүбүздүн эң бир терең жашыруун жерине Ал гана ошол үрөндү сээп койгон, анан бир гана Ал ошол чаңкоону басууга жөндөмдүү.

Ырахатты туура эмес жердн издөө менен, биз дайыма көңүл калууга дуушар болобуз. Эркектер – көйгөй да эмес, жооп да эмес. Көздөрүбүздү асманга көтөрөлүчү, анткени биздин жардам Теңирден, асман менен жерди Жараткандан келет (Забур120:1,2). Ошондо гана, ошол жактан гана биз кубанычтын булагына жана кайрадан күчкө жана татыктуулукка ээ болобуз.

*Атаке, мен башка душмандар менен күрөшүүдө азгырыкка багынып калсам же сооронууну башка жактан издеген кезимде, мени Өзүңө каратып алчы. Сен менин Куткаруучумсуң жана кубанычымдын булагысың.*

## *Мен күчтүүмүн*

КАЧАН МЕН КУДАЙДЫН УУЛ, КЫЗДАРЫНЫН ОРТОСУНА ТЫНЧТЫКТЫН ҮРӨНҮН СЕПКЕНДЕ.

3

# КЕЧИРБЕСТИКТИН КИШЕНДЕРИ

*“Ошондуктан Асман Падышачылыгын кулдары менен эсептешмекчи болгон падышага салыштырса болот. Эсептеше баштаганда, падышанын алдына он миң талант карыз болгон бир кулду алып келишти. Карызынан кутулууга анын эч нерсеси жок болгондуктан, падыша анын өзү, аялы, балдары жана колунда болгону сатылып, карызы төлөнүүсүн буйруду. Ошондо ал кул падышанын алдына жыгылып: “Падышам, күтө тур, бардыгын төлөп берем”, – деди. Падыша кулуна ырайым кылып, анын карызын кечирди да, аны бошотуп жиберди”.*

МАТАЙ 18:23-27

Кечиримдүүлүк – бул айыгуу актысы. Ал бизди ачуудан, күнөөлүү сезимдерден бошотот. Мындан тышкары, кечиримдүүлүк руханий согушта күчтөрдүн тең салмактуулугун өзгөртүү күчүнө ээ. Чыныгы күрөшүңөр силерге зыян келтирген адам менен эмес, жаныңардын түбөлүк душманы менен. Кечиргенде, биз аны куралсыздандырабыз, анткени, кечирбестикте жашагандар кол салууга алсыз болушат.

Бүгүнкү үзүндү бизге кечиримсиздиктин караңгы тереңдигине көз чаптырып, анын кыйратуучу мүнөзүн таанууга мүмкүндүк берет. Өзүңөрдү кулдун ордуна коюп көргүлө. Силерди коркунуч басты – силерди төлөй албаган карыздарыңды өндүрүп алуу үчүн падышага алып барышат. Алсыздыктын жана үмүтсүздүктүн оордугу астында жүзтөмөндөп жыгылып, андан чыдамдуу болушун суранасыңар,

баарын кайтарып берем деп убада бересиңер. Бирок, падыша убадаңарды кабыл алгандын ордуна, ырайымдуулук жарыялап атат. Ал силердин эч качан төлөй албасыңарды билет ошондуктан, ал бүт карызды кечирет. Көтөрүлбөс жүгүңөрдөн арылдыңар. Падышанын боорукердигине таң калып атасыңар.

Падышанын үлгүсүнө ээрчип, ырайым кылгандын ордуна, силерге карыз болгондордун баарын эстейсиңер. Аларды таап, карызды кайтарууну талап кыласыңар, бирок алар да, мурунку силердей эле, муну аткарууга күчү жетпейт (Матай 18:28-31). Инжилдеги мисалда кечирилген кул дал ушуну кылат. Падыша муну укканда аны чакырып мындай дейт: "Эй, жаман кул! Жалынып-жалбарганыңдан улам, бүт карызыңды кечирдим эле. Мен сага ырайым кылгандай, сен да тиги кулга ырайым кылсаң болбойт беле?" (Матай 18:32-33).

Мисалда падыша — биздин Асмандагы Атабызды, кул — өзүбүздү, анын кул-кесиптештери — Машаяктагы бир туугандарыбызды, ал эми жаныбыздын душманы — кыйноочунун ролун аткарат. Башкаларды кечирүүдөн баш тартканда, биз аларды күнөө жана айыптоо кишендерине салабыз жана өзүбүз да төлөй албай турган карызды толук төлөгөнгө чейин азаптоочулардын колуна түшөбүз. Бул жер үстүндөгү тозоктун бир түрү деп ойлойм. Баарыбыз башкаларды кечирүүдөн баш тарткандыгы үчүн кыйналган адамдарды жолуктурганбыз. Бул аракеттерибиз менен душмандын ишин анын ордуна аткарып жатабыз. Бул кишендерди өзүбүздөн алып салып жана башкаларды бошотууга убакыт келди.

*Теңирим, менин кечирбегенимдин кишендеринде кыйналгандардын баарын мага ачып бер. Сен мени бошоткондой эле, мен да аларды бошотууну тандайм.*

*Мен күчтүүмүн*

КАЧАН КЕЧИРГЕН УБАКТА, АНТКЕНИ ӨЗҮМ ДА ПАДЫША ТАРАБЫНАН КЕЧИРИЛГЕМ.

4

# СИЛЕРДИН БАШ ПААНЕГИҢЕР

*"Анткени Ыйык Жазууда: "Ал Өз периштелерине Сени сактоону буйруйт".*

ЛУКА 4:10

Мен көп учурда периштелердин коргоосунда экенимди унутуп калам, бирок, муну эстен чыгарбашым керек. Мен Дөөттүн Забурда берген образдарына жакынмын: "Ырайым кыл мага, Кудайым, ырайым кыл мага, анткени менин жаным Сага таянат, кыйынчылык артта калганга чейин Сенин канатыңа корголой турайын" (Забур 56:2).

Кудай – биздин коргоочубуз. Мен өзүмдү өзүм толугу менен коргой албашымды мурда эле түшүнгөм. Биз таяна турганыбыз – Кудай. Эгер силерге жалган айып тагылып, жалаа жабылып же жөн гана силер жөнүндө калп айтылса, телефонду коюп, ноутбугуңарды жаап, Анын канаттарынын көлөкөсүндө баш калкалоо үчүн шашылгыла. Мындай нерсе мени менен болгондо, мен эшикти жаап, музыканы коюп, сыйынууга кирип сүңгүп кетем. Эмне кылаарың билбей аткан учурда, сыйынуу - бул эң туура жол. Эгерде жашоо силерди болушунча кыйнаса да, силер Анын алдында ар дайым коргоо табасыңар.

Душман силерди капканга илип, коргонууга мажбур кылышына жол бербегиле; эгер муну жасасаңар, ийгиликке жете албайсыңар. Кудай бизди бороон өтүп, биз баарын

чыныгы ачыктыкта көргөнгө чейин баш калкалоочу жай издегенге Өзүнө чакырат.

Жалган баш калкалоочу жайлар Анын канаттарынын көлөкөсү болуп саналбайт. Алар өздөрүн ошондой көрсөтүүгө аракет кылышса да, өч алган жана ачууланган жерден баш калкалоочу жай табуу мүмкүн эмес. Кудайдын алдына кирүү үчүн, бул жасалма жамынчыларды таштап салуу керек.

Өзүн коргоп, өз күчүнө таянуу - Ага салыштырмалуу алсыз баш калкалоочу жай. Качуу, өзүн-өзү дарылоо жана көйгөйлөрдөн качуу - бул убактылуу гана тыныгуу. Ар кандай кеңештер, өзүнө-өзү жардам берүү системалары жана "сыналган ыкмалар" Анын алдында эч нерсеге арзыбайт.

Эгер силерге баары урап жаткандай, тереңдикте калгандай жана андан чыгуунун эч кандай жолу жоктой сезилсе - кубангыла. Бул белги: Кудай жакын дегендик. Ал келип, силерге оор болгон нерсенин баарын жасайт. Ал силерди периштелерине кайтарууну буйругандан башка, Өзү да келет. Душман каарданганда, биз убадага ишенебиз: "Алардан коркпогула, анткени силердин Кудай-Теңириңер силер үчүн Өзү күрөшөт" (Мыйзам Кайталоо 3:22).

Салгылашуу чарчаткан кезде – Ага жакындагыла.

*Теңирим, Сен менин коргоочумсуң. Мен Сага сыйынып кайрылам жана менин күчүм түгөнгөндө, салгылашууга Сен аралашасың деп ишенем.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, КУДАЙДЫН КАНАТТАРЫНЫН КӨЛӨКӨСҮ АСТЫНДА КООПСУЗДУКТАМЫН.

5

# РУХАНИЙ КҮРӨШТҮН ОРТОСУНДА

*“Анткени биз адамдарга каршы эмес, башчыларга, бийликтерге, бул караңгы дүйнөнүн башкаруучуларына жана асман астындагы жаман рухтарга каршы күрөшөбүз”.*

ЭФЕСТИКТЕР 6:12

Душман бизди чаташтырууга аракет кылып, биз караңгылыктын көрүнбөгөн күчтөрү эмес, чыныгы адамдар менен күрөшүп жатабыз деп ойлоого мажбурлайт. Бирок, бул андай эмес. Элчи Пабыл бул тууралуу бизди коркутуу үчүн эмес, биз эмне болуп жатканын түшүнүү үчүн айткан. Бизге эч качан өз алдынча жеңе албаган караңгылыктын бүтүндөй падышачылыгы каршылык көрсөтүп атат. Пабыл минтип улантып атат: “Ошондуктан кыйын күндөрдө каршы тура алышыңар үчүн, бардыгын жеңип, туруштук бере алышыңар үчүн, Кудайдын бардык курал-жарагын алгыла” (Эфестиктер 6:13).

Биз туруштук бере ала тургандай нерсенин баарын Кудай бизге берди. Бирок, Пабыл бул насаатты кокусунан кайталап жаткан жок. Бул мени “ал бизди руханий куралдарыбызга этиятсыз мамиле кылбоого чакырып жатат” деген ойлорго түртөт. Ал биз соотсуз-куралсыз согушка кирип, ошол эле учурда туруштук бере

алабыз деген жаңылыш ишенимге түшүп калуубузду каалабайт. Туруштук берүү деген эмнени билдирет? Бул бекем позицияны ээлеп, андан чегинбеш керек дегенди билдирет. Пабыл айтат: “Ошентип, чындык менен курчанып, адилдикти соот кылып кийип, бут кийимиңерди кийип, тынчтык жөнүндөгү Жакшы Кабарды таратууга даяр тургула”(Эфестиктерге 6:14,15).

Биз чындыкка чөмүлүп, жүрөгүбүздү жана эң алсыз нерселерибиздин баарын Машаяктын адилдиги коргойт жана бутубуз дүйнөгө Жакшы Кабарды жеткирүүгө даяр. Коомубуз тынчтыкка абдан муктаж. Бирок, чыныгы тынчтык чындык жана адилдиксиз мүмкүн эмес, алар биринчи орунда турат. Чындыкты четке каккан сайын, бутубуздун алдындагы жерди жоготуп, өзүбүздөн жардам сурагандай болобуз. Биз ачуулануу менен эмес, тынчтык менен күрөшкөндө күчтүү болобуз. Машаякта тынчтык алсыздык эмес, тескерисинче, бороон-чапкындарды баскан, жүрөктү айыктырган жана жандарды жаңырткан күч.

*Асмандагы Ата, мага Сендеги тынчтыкта күрөшүүнү үйрөт. Мен Сенин Сөзүңө кулак төшөп, аны бузбашым үчүн Сенин чындыгың жаным менен сиңсин.*

## *Мен күчтүүмүн*

КАЧАН ЧЫНДЫКТА, АДИЛДИКТЕ ЖАНА ТЫНЧТЫКТА ТУРГАН КЕЗДЕ.

6

# КАЛКАНДАР ЖАНА ЖЕБЕЛЕР

*“Баарынан мурун амалкөйдүн оттуу жебелеринин баарын өчүрө алышыңар үчүн, ишенимди калкан кылып алгыла”.*

ЭФЕСТИКТЕР 6:16

Бизге шайтандын аткан ар бир оттуу жебесинен коргой турган калкан берилген. Пабыл аны ишенимдин калканы деп атайт. Эврейлерге жазылган Каттагы 11:1де айтылган: “Ишеним – бул үмүттөнүп күтүп жаткан нерсенин ишке ашарынан шектенбөө жана көрүнбөгөн нерсеге бекем ишенүү”. Албетте, биз так ошол бизди коргоп жатканын көрөбүз, бирок аны сезүүнү да үйрөнө алабыз. Ишеним биз Кудайдын Сөзүн угуп, сиңиргенде келет. Мен ишенимди күч талаасы катары элестетем: ишенимибиз канчалык күчтүү болсо, коргоо ошончолук ишенимдүү болот. Кээде ишеним биз алган нерседен башталат, бирок, ал ар дайым биз бере ала турган нерсеге айланышы керек.

“Ошондой эле куткарылгандыгыңарды туулга кылып кийип, Кудай Сөзүн – рухий кылычты алгыла” (Эфестиктер 6:17). Куткарылуу – бул биздин акылыбызды коргой турган туулга. Мен жаңы гана ишенип калганда, башыма көп учурда коркунучтуу ойлор келе берчү. Мага коркунучтар

келчү, алар кайдан келишкенине оюм да жетпечү. Менин үрөйүм учуп, алар кайдан пайда болгонун түшүнө албай калчумун. Куткарылгандан кийин, мен өзүмө таандык эмес ойлорумду таанып - билүүнү үйрөндүм. Куткарылуу биздин акыл-эсибизге тынчтык берет. Анан тынчсыздандырган ой кайрадан келгенде, биз кылычыбызды сууруп чыгабыз. Кудайдын Сөзү – бул Рухтун кылычы. Ыйса шайтан тарабынан азгырылганда кандай кылган болсо, биз да ошондой эле жаныбыздын душманына Ыйык Жазуунун сөздөрү менен жооп беребиз. Ал биздин тынчтыгыбызга кол салганда, биз Кудайдын Ышайа пайгамбардын китебиндеги убадасы менен соккуну кайтарабыз (26:3): “Руху бекем адамды Сен жеткилең тынчтыкта сактайсың, анткени ал Сенден үмүттөнөт”.

*Асмандагы Ата, мени душмандын чабуулунан коргогон ишеним белеги үчүн, жанымдагы тынчтык үчүн жана колума берген Рухтун кылычы үчүн Сага ыраазычылык билдирем.*

## Мен күчтүүмүн

АНТКЕНИ, МЕН ИШЕНИМДЕ ӨСҮП ЖАТАМ — СЕНИН ЫЙЫК СӨЗҮҢДҮ ОКУЙМ, АНЫ ЖЕТКИРЕМ ЖАНА ОШОГО ЫЛАЙЫК ЖАШАЙМ.

7

# ЧЫНЫГЫ СОГУШ

*“Бул дүйнөдө жашап жатканыбыз менен, адамдык кылып күрөшпөйбүз”.*

2КОРУНТТУКТАР 10:3

Биз жер бетинде жашап жатканыбыз менен, анын мыйзамдары менен согуша албайбыз. Маселе салгылашууга киребизби же жокпу дегенде эмес, аны кантип жүргүзгөнүбүздө. Айырма мотивдерде жатат, башкача айтканда эмне үчүн биз салгылашып жатабыз деген суроонун жообунда. Кандай болгон күндө да, биз жөн гана каршы эмес, *бир нерсе* үчүн күрөшүшүбүз керек. Биз бул дүйнөнүн мыйзамдары боюнча согуш жүргүзгөндөрдүн ниеттеринен алда канча терең чындыкты билебиз: адамдар эч качан биздин чыныгы душмандарыбыз болбойт. Билем, кээде бул чындыкка ишенүү кыйын, айрыкча оорунун изи жаңы болуп, жооп кайтарууга татыктуу көрүнгөн адамдар бардай сезилген учурда. Бирок, Кудай Өз элин сүйөт — бул Ыйса куткарыш үчүн келген адамдар. Ошондуктан, биз аларга каршы күрөшпөшүбүз керек, анткени биз туткундарга каршы эмес, туткундарды бошотуу үчүн күрөшүп жатабыз. Биз түрмөгө эмес, алардын жүрөгү камалган чепке чабуул коюп жатабыз.  “Анткени күрөшө турган куралдарыбыз адамдык куралдар эмес, алар – чептерди талкалаган Кудайдын күчүнө ээ куралдар”( Корунттуктар 10:4).

Бизге кудайлык күчкө ээ курал ишенип тапшырылган жана ал

бул дүйнөнүн куралдарынан түп-тамырынан айырмаланат. Ооба, эң негизгиси, ал ушунчалык күчтүү болгондуктан, биз аны өзгөчө этияттык менен колдонушубуз керек. Көп учурда бир сөз да бата же каргыш алып келиши мүмкүн экенин унутуп калабыз. Андай болсо, аракеттер жөнүндө эмне айтууга болот? Бул дүйнөнүн куралдары өлтүрүү үчүн, биздин куралдарыбыз болсо өмүр алып келет. Дүйнөнүн куралдары элдерди, маданияттарды жана жүрөктөрдү ажыратат, биздин сыйынуу куралыбыз болсо, Анын падышачылыгынын бийлигинин астында бизди бириктирет. Жердеги куралдар биз душман деп эсептегендерди жарадар кылып, майып кылат, бирок Кудайдын Сөзүнүн кош миздүү кылычы чындыкты жалгандан бөлүп, айыгуу менен кайра жаралууну шарттайт. Жердеги курал душмандар деп эсептегендерибизди жарадар кылып майып кылатт, ал эми Кудай Сөзүнүн эки миздүү кылычы чындыкты жалгандан бөлүп, айыкканга жана кайра жаралуу үчүн жол ачат. Бул дүйнөнүн куралдарын адамдар башкаларды коркутуп-үркүтүү үчүн жаратат, ал эми биздин асманда жасалган куралдар туткундарды бошотуп, аларга өздөрүнүн кудайлык чакырыгын ээрчип, өз жолу менен жүрүүгө кайрат берүү үчүн. Биз туткунга түшкөндөрдү бошотуу үчүн, чепке кол салабыз.

*Асмандагы Ата, ар бир салгылашууда мага чындап эмне үчүн күрөшүп жатканымды көрсөт. Ыйык Рух, мага: мен туткунду жеңүү үчүн эмес, чепти талкалоо үчүн чакырылганымды ар дайым эскертип тур.*

*Мен күчтүүмүн*

КАЧАН БАШКАЛАРДЫ КУТКАРУУ ҮЧҮН САЛГЫЛАШЫП АТКАНДА.

8

# ЖАРЫКТАГЫ КҮРӨШ

*“Кудай – жарык, Анда эч кандай караңгылык жок”.*

1 ЖАКАН 1:5

Жашыя китебинде Кудайдын эли менен душмандарынын ортосундагы катуу салгылашуу жөнүндө айтылат. Теңир алар менен жанаша согушту. Ошол учурда ысрайылдыктардын башчысы Жашыя салгылашууларды улантуу үчүн аларга көбүрөөк жарык керек деп чечти. Ошондо ал айтты: “Күн, Гибондун үстүнө токто, ай, Айалон өрөөнүнүн үстүнө токто!” Ыйык Китепте мындай деп айтылат: “Ошондо эл кас душмандарынан өч алгыча күн токтоп, ай төбөдө турду... күн асмандын дал ортосунда токтоп турду да, дээрлик бир күн бою батышты карай шашкан жок... анткени Теңир Ысрайыл үчүн Өзү салгылашты!” (Жашыя 10:12-14).

Кыязы, ал салгылашууда жарык жетишсиз болгон жана Кудай ал боштукту керемет жолу менен толтурган. Күндүн жарыгында израилдиктер ким алар менен жана ким аларга каршы экенин ачык көрө алышкан. Ал эми, караңгыда душманды дос менен чаташтырып, сапты бузуу оңой. Биздин руханий күрөштө да дал ушундай – салгылашуу үчүн, бизге жарык керек! Кудай бизге бул жарыкты ашыгы менен берип жатат. Асмандагы күн сыяктуу эле, Ал бизди чаташтырган, башыбызды айландырган жана күчүбүздөн ажыраткан караңгылыкты жок кылат. Душман караңгылыкта гүлдөп жатканда, биз Кудайдын сүйүүсү менен

чындыгынын жарыгында гүлдөп-өнүгөбүз. “Анткени мына, жерди караңгылык, элдерди коюу караңгылык каптаганы жатат. Ал эми сенин үстүңөн Теңир жаркырайт, Анын даңкы сенин үстүңө келет (Ышайа 60:2). Ысрайыл уулдары сыяктуу эле, биз айланабыздагы караңгылыкка баш ийбейбиз, анткени, Теңирдин Уулу биздин үстүбүздө жаркырап турат. Ысрайыл аскерлери түндүн келишин токтотуу мүмкүн эмес деп ойлошкон, бирок адам үчүн мүмкүн болбогон нерсе Кудай үчүн мүмкүн. Биздин Кудай мүмкүн эмес нерселерди кылат. Ал айтат: “Жерге жана адамдардын жүрөгүнө караңгылык түшүп жатканын көрүп жаткандыгыңды билем, бирок коркпо, анткени Мен сенин жарык чатырыңмын”.

Салгылашуу кызып жаткан мезгилде силерди курчап аткан караңгыга карабагыла. Ичиңердеги жарык ар дайым эсиңиерде болсун. Кудай силер үчүн жаркырап, караңгылыкты жок кылууну улантат, ал күн бою жана түн бою созулса да.

*Теңирим, Сен мага жаккан жарык мага күч берет.*
*Салгылашуу басылганга чейин мага Өз жарыгыңды чач.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, САЛГЫЛАШУУДА
КУДАЙ МЕНИН ЖАРЫГЫМ.

9

# ЧЕЧКИНДҮҮЛҮККӨ ТОЛГОН

*"Силер карап тургула, Теңирдин силерге жиберген куткаруусун көрөсүңөр".*

2 ЖЫЛНААМА 20:17

Жашоодо баарына кол шилтеп таштагың келген учурлар болот. Баарыбызда эле жөн эле жатып, кайра тургубуз келбеген күндөр болот. Бирок, багынгандар менен жеңгендердин айырмасы, кээ бирлери жатканды уланта берет, башкалары болсо өйдө турушат. Көптөгөн салгылашуулар күч менен эмес, туруктуулук менен жеңишке жетет — көп учурда жеңүүчү жөн гана чегинбеген адам болот. Ар бирибиз кулап түшүшүбүз мүмкүн жана көп учурда анын алдын ала албайбыз. Бирок, туруу - ар дайым биздин тандообуз. Өзүңөрдү жетиштүү деңгээлде күчтүү сезбесеңер да, ишенимде турууну чечкиле. Сезимдер силерди чектеп коюшу мүмкүн, бирок чындыгында, силер кадам таштамайынча эмнеге жөндөмдүү экениңерди билбейсиңер. Биз бутубузда бекем турганда, Теңир биз үчүн күрөшөт. Бул оңой болбойт. Силер чын эле салгылашуусуз жеңиш болот деп ойлодуңар беле? Жашооңордо силер дагы эле качып жүргөн күрөш барбы? Руханий жашооңордо артка чегинген кайсы бир тармак барбы? Кудай силерди өз позицияларыңарга кайтууга чакырат. Убада берген ишенимдүү. Кудай күчтүү жана Ал силердин да күчтүү болушуңарды каалайт. Ал силерге Өзүнүн күчүн ачып берет, ал силер аркылуу көрүнсүн деп. Чарчап, токтогуңар келгенде, Анын Экинчи Жылнаама китебиндеги 20:17де эмне деп айтканын эстегиле:

> Бул жолу силер согушпайсыңар. Силер карап тургула, Теңирдин силерге жиберген куткаруусун көрөсүңөр. Жүйүт менен Иерусалим! Коркпогула да үрөйүңөрдү учурбагыла! Эртең аларга каршы чыгасыңар, Теңир силер менен болот.

Теңир биз үчүн салгылашат. Кээде жеңиш биз багынбаганыбыз үчүн гана келет. Биз сүйүүнү, берүүнү, кызмат кылууну, үйрөгөндү токтотпогон кезде жеңишке жетебиз. Кээ бир салгылашуулар ыр менен жеңишке жетилет. Биз Кудайдын Сөзүн ырдаган кезде - биз Рухтун кылычын колдонобуз. Анын убадалары жөнүндө сыйынуу ишенимдин ырына айланат. Кээ бир салгылашууларда күч эмес, тынчтык жана Ага баш ийүү жеңет. Биз Кудай жакшы жана жакшылык кылат деп чын жүрөктөн ишенебиз, ошондуктан болуп жаткан окуяларды жөн гана жылмайып карап тура алабыз, билебиз: Ал жеңишке жетет. Анын күчүнө таянып, биз жашоо бизди кандай сыноо менен жолуктурбасын — кайгы, чарчоо же ачык каршылык болобу, каршы тура алабыз. Ал айтат: "Коркпо, анткени Мен сени мененмин, үрөйүңдү учурба, анткени Мен сенин Кудайыңмын. Мен сени бекемдейм, сага жардам берем. Мен сени Өзүмдүн адилеттигимдин оң колу менен колдойм" (Ышайа 41:10).

*Кудуреттүү Кудай, Сен мен үчүн күрөшүп жатканыңда, Сенин берилгендигиңе ишенип турам. Салгылашууда жеңишке жеткенге чейин күн сайын мен чечкиндүүлүктү жана туруктуулукту тандайм .*

## *Мен күчтүүмүн*

ТЕНИРИМ, МЕНИН КУДАЙЫМ, МЕН ҮЧҮН САЛГЫЛАШЫП ЖАТКАНЫНА ТОЛУК ИШЕНГЕН КЕЗИМДЕ.

# Жакшылыкта күчтүү

# СИЛЕРДИН ӨТКӨНДӨГҮҢӨР, КЕЛЕЧЕГИҢЕР ЭМЕС

*“Ошондо Ыйса башын көтөрүп, аялдан башка эч ким жок экенин көрдү да: «Аял, сени айыптагандар кайда? Эч ким сени айыптаган жокпу?» – деди. Аял Ага: «Эч ким, Теңир», – деп жооп берди. «Мен да сени айыптабайм. Бара бер, мындан ары күнөө кылба», – деди Ыйса”.*

ЖАКАН 8:10,11

Баарыбыз күнөөсүз эмеспиз. Биз көп учурда өз баалуулугубузду эркектерден, динден жана дүйнөдөн издейбиз. Бирок, мунун баары көңүл калуу гана алып келет. Акыр-аягы, күнөө адамды алдайт, ал эми дин анын жүгүн оорлотот. Жакандын Жакшы Кабарынын 8-бөлүмүндө Ыйса элге таштап берилген, эч кимге белгисиз аялга кадыр-барк, күч жана урмат тартуулайт. Ыйса башкалардан көбүрөөк көргөн, ошондуктан анын чыныгы тагдыры бүт өмүрүнө чыгарылган өкүм экенин мойнуна алуудан баш тарткан. Кыскасы, Ал ага мындай деди: “Сенин өткөндөгүң келечегиңди аныктабайт! Бара бер, мындан ары күнөө кылба! Сенин өткөнүң күнөө болгон, бирок келечегиң — ыйман. Сен туткунда болгонсуң, бирок алдыңда боштондук. Сенин өткөнүң уят болгон, бирок сенин келечегиң – кадыр-барк.

Сенин өткөнүң жылаңачтык болгон, бирок келечегиң - кереметтүү кийимдер".

Ыйса бул аялды жөн эле кечирбестен, Ал ага эркиндик берип атат. Эркиндик кечиримдүүлүктөн башталат. Күнөөнүн кишендеринен бошогондо, биз кайрадан анын торуна түшүп калбаш үчүн, ырайым бизди алдыга түртөт. Алгач Ыйса бизге ырайымын төгөт, андан кийин Ал бизди Өзүнүн батасы менен бекемдейт. "Күнөө силердин үстүңөрдөн бийлик жүргүзө албайт. Анткени силер мыйзамдын бийлиги астында эмес, Кудайдын ырайымынын астындасыңар" (Римдиктерге 6:14).

Ырайым өткөндөгү иш-аракеттерибизге тиешелүү, бирок бата бизге азыркы учурда иш-аракет кылууга күч берип, Ыйсанын биз үчүн кылган ишин даңазалайт. Кудайдын ырайымы жана батасы бизге күнөөлүү жашоону таштап, Анын үмүтүнө толгон келечекке кадам таштоого күч берет.

Бизге ырайым берилди. Биздин өткөнүбүздүн талкаланбас сезилген кишендери талкаланды. Кишендердин күчүнө эмес, биздин куткаруучубуз - Машайактын сөздөрүнүн күчүнө ишенген убакыт келди. Кишендер сенин үстүңдөгү Анын талаптарындай бекем эмес. Ишенүүгө кайраттуу болгула жана өткөнүңөрдүн көлөкөлөрүн артта калтыргыла!

*Асмандагы Ата, кечирим үчүн жана берген келечегиң үчүн, Сага ыраазымын. Мен караңгылыктын калпына эмес, Сенин жарык сөздөрүңө ишенем.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, МЕНИН ӨТКӨНҮМ
МЕНИН КЕЛЕЧЕГИМ ЭМЕС.

2

# КЕЧИРИЛГЕН

*“Бири-бириңерге кайрымдуу, боорукер болгула. Кудай силерди Машайак аркылуу кечиргендей, бири-бириңерди кечиргиле”.*

ЭФЕСТИКТЕРГЕ 4:32

Машайакка келгенге чейин, менде бир топ каталар жана күнөөлөр топтолуп калган эле. Жолдошум Джон менин куткарылышым үчүн сыйынуумду багыттап жатканда, ал мага анын артынан кайталап айтуумду айтты: “Теңирим, мен өз күнөөлөрүмдү мойнума алам”.

Мен дүрбөлөңгө түштүм. “Алардын баарын эстей алам деп так айта албайм!” Эгер мен бир нерсени унуткан болсом, Кудай менин тобо кылганымды кабыл албайт деп корккам.

Джон мени тынчтандырды: “Баарын санап чыгуу шарт эмес – жөн гана күнөө кылганыңды мойнуңа ал”. Мен жеңилдеп дем алдым, анткени Кудай менин “кемчиликтеримдин тизмесин” сөзсүз менин өзүмдөн да кылдат карап жүргөн. Мен күнөөкөр экенимди жана ырайымдуулукка муктаж экенимди да билгем. Мага кечирим керек болчу жана мен аны Кудайдын ырайымы менен алдым.

Бирок, машайакчы болгондон көп өтпөй, мен өз жүрөгүмдө башка машайакчыларга, Машаяктагы бир туугандарыма карата кечиримсиздикти байкадым. Мага алар бир нерсе карыздай сезилчү, кечирим суроолорун күттүм. Мен бул сезимге өзүмдү талкалоого жол бердим. Ошол убакта мен ички дүйнөмдүн оор күрөшүн башыман өткөрдүм. Мен өзүмдү жабырлануучу

сездим – чынында ал ошондой эле болчу. Машайакчы болуп калгандан кийин да мен шайтандын оюндарынан жабыркадым. Мен көп убакытты колуман келишинче жамандыкты байлап жана чындыкты бошотуу максатында сыйынууда өткөрдүм, бирок тыянаксыз. Мен өзүмдүн тузагыма өзүм түшүп калдым жана өзүмдү кишендерге байладым. Акыры менин алдымда чындык ачылганда, мен башкысын түшүндүм: мага кандай таарыныч тийгизгени маанилүү эмес. Ким күнөлүү, ким жок маанилүү эмес. Маанилүү болгон бир нерсе - Теңирдин айткандарына баш ийүү: мен кандай кечирилген болсом, ошондой эле кечирүү.

Мен канчалык жаңылып атканымды билгенде таң калдым. Мен өзүмдүкүн толугу менен туура деп эсептегем, бирок аябай жаңылыптырмын. Бул нерсени түшүнгөндөн кийин кечирүү жеңил болуп калды. Мен Теңирден мени кайрадан Өзүнүн ырайымынын тазалоочу дарыясында жууп салуусун сурандым, Ал, албетте, ошондой кылды. Мындай дейлик: мен өзүмдүн тажрыйбам менен кишенделип жана эркиндикте болуу кандай экенин түшүндүм – эркиндикте болуу жакшыраак. Эркиндикке болгон жол кемсинүү жана өзүңдүн туура эмес экендигиңди моюнга алуу аркылуу болсо да – эркиндик баары бир жакшыраак.

*Асмандагы Ата, менин жүрөгүмдөгү жабылып калган жаңылыштык менен кечирбестикти көрсөт.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, ӨЗҮМДҮ ДА,

БАШКАЛАРДЫ ДА КЕЧИРЕМ.

3

# КАЙРЫМДУУ

*“Акыл-эстүү адам ачууга алдырбайт, бирөөнүн кылмышын кечирип коюу – ал үчүн даңк”.*

НАКЫЛ СӨЗДӨР 19:11

Накыл Сөздөр китебинин автору, таарынычтарды кечирүү жөндөмдүүлүгү адамга урмат берет дейт. Башкалардын каталарына сабырдуулук көрсөтүү жөндөмү машайакчынын ички жетилгендигин көрсөтүп турат, аны көтөрөт жана башкалардан айырмалайт. Бул чыныгы машайакчынын жүрүм-туруму.

Бирок, биз өзүбүздү адил Сот болгон Атабызга тапшырган учурда гана башка адамдардын кол салууларына, кемсинтүүлөрүнө жана коркутууларына чыдамдуу боло алабыз. Джон экөөбүздүн балдарыбыз бири-бири менен урушканда, алар биздин адилдик сезимдерибизге кайрылышат. “Ал артынан жыйнаган жок!” же “Ал эртеден бери компьютерде ойноп отурат!”. Алар угулушун жана колдон келишинче алар тарапка чечүүнү каалашат. Джон экөөбүз абалга киришип, адилеттүү чечим чыгарганга аракет жасайбыз. Бирок адатынча, балдар биздин чечимдерибизди адилетсиз деп эсептешет. Анда алар “адилетүүлүктү орнотууга” өзүлөрү киришет жана кыйынчылыктардан качуу мүмкүн эмес. Сөз чыр-чатакты токтотууда эмес, биз андай нерсеге кубанмакпыз. Алар өч алууну каалап атышат. “Өз бир тууганыңды эмнеге урдуң?” “Анткени ал...” Өзүңөр улантып алсаңар болот. Аларга урушкандын ордуна, көйгөйлөрү менен бизге келсин дегенде, алар мындай деп жооп беришет: “Бирок, өткөнкүсүндө силер эч нерсе кылган жоксуңар”. Башкача айтканда: “Өткөнкүсүндө

болгон чечимиңер мага жаккан жок; ошондуктан, мен эми тобокелчилик кылбайм. Өзүм чечем!"

Джон экөөбүз чындыкты айтып коёлу: ата-эне катары биз да ката кетиребиз. Бирок, жакшы жаңылык, Кудай ката кетирбейт – Ал адил жана кемчиликсиз Сот. Анын чечимдери ар дайым биз күткөн учурда кабыл алынат жана алар дайыма эле биздин каалоолорубузга жооп бере бербейт, бирок, Анын жолдору кемчиликсиз, ал эми биздики кемчиликсиз эмес. Биз таарынычты кечирген кезде, ишенчээк балдардай болуп: "Ата, мен бул нерседе Сага ишене алаарымды билем. Бул мен үчүн өтө оор жана кыйын. Мен соккуга сокку менен жооп бергим келбейт, кечирем жана бул ишти Сенин колуңа тапшырам" – деп айтабыз. Бул падышалык ишарат. Ошентип, биз жердеги жашообузда Кудайдын Уулуна окшош болобуз. Ыйса Өзүнүн шакирттерине минтип айткан: "Эгерде ал [сенин бир тууганың] бир күндүн ичинде сага каршы жети жолу күнөө кылып, сага жети жолу келип: "Күнөөмдү мойнума алам", – десе, аны кечир" (Лука 17:4).

Ар бирибиздин жашообузда аны аттап өтүп кеткенибиз жакшы болгон таарынычтар болот. Аттап өтүү дегени – таарынычтан бийик болуп, абалдан өйдө көтөрүлүп, ага акылмандыктын чокусунан кароо. Айыптоону эмес, ырайымдуулукту жана боорукердикти тандоо.

*Теңирим, мага башкаларга болгон чыдамкайлыкты бер, таарыныч менен жашашыма жол бербе. Бардык иштеримде Сенин ырайымыңды жана мээримиңди төгүүгө уруксат бер.*

## *Мен күчтүүмүн*

КУДАЙ МАГА КАРАТА ЧЫДАМКАЙ БОЛГОНДОЙ ЭЛЕ, МЕН ДА БАШКАЛАРГА ЧЫДАМКАЙ БОЛГОНУМДА.

4

# ӨЗҮН ӨЗҮ ЖЕМЕЛӨӨНҮН ОРДУНА ӨСҮҮ

*“Ошентип, азыр Машайак Ыйсанын ичинде күнөөкөр табияты боюнча эмес, Рух боюнча жашап жаткандарга эч кандай айып коюлбайт”.*

РИДИКТЕРГЕ 8:1

Эмнеге биз өзүбүзгө мынчалык катуу мамиле кылабыз? Биз муну менен чынында эмнеге жеткибиз келет? Мурда, уктаардын алдында, мен өткөн күндүн ийгиликсиздиктерин баарын эстеп чыкчумун. Мен өзүмдү кыйнап, бардык күнөөлөрүмдү жууш үчүн ар бир катамдын уятын кайрадан башымдан өткөрчүмүн. Кээде күндүн аягында өзүбүзгө болгон нааразычылыкты жана көңүл калууну башыбыздан өткөрөбүз. Биз өзүбүздү керектегидей жазаласак, эртең менен башкача – жакшыраак жана туурараак болуп ойгонобуз деп сезишибиз мүмкүн. Бирок, бул андай эмес. Бул стратегия бизди өзгөртпөйт, тескерисинче ичибизден талкалайт.

Өзүңдүн каталарыңды түшүнүү менен өзүңдүн тандооңо өкүнүүдө эч жаман нерсес жок. Ыйык Рух бизге ката кетирген сөздөрүбүз менен аракеттерибизди, биз аларды кайра карап чыгышыбыз үчүн эскерткени жакшы. Бул биз күнөөлү сезимди өөрчүтүшүбүз үчүн эмес, биз өсүшүбүз үчүн керек. Түндөн түнгө,

күнөөнүн жүгү көтөрүлгүс болуп калганга чейин, мен өзүмдү өткөн күндүн каталары үчүн урушчумун. Ошондон кийин гана мен өзүмө сыйынып, кечирим сураганга уруксат берчүмүн. Бирок, ал мезгилге жеткенде, күнөлүү сезим мени топон сыяктуу өзүнө тартып, жаңы күндүн ырайымы мага жеңилдик алып келет деген ишеним жок болуп калчу.

Мисалы, эгер бир күнү мен балдарга болгон мамилемден өзүм канааттанбасам, мен өзүмдү мындай суроолор менен чынжырлай баштачумун: “Эмне үчүн сенде чыдам жок?”

Эртең кантип көбүрөөк чыдам көрсөтөмүн деп ойлонгондун ордуна, мен өзүмө ийгиликксиздиктин белгисин илип койчумун, ал болсо мени жаңы ийгиликсиздиктерге түртүп койчу.

Өзүңдү өзүң жек көрүү, өзүңө кыжырың келүү – мунун баары талкалоочу күнөөнүн сценарийин баштап салат.

Күнөөнүн жүгү биз үчүн өтө оор экенин, Ыйса түшүнгөн, дал ошол үчүн Ал аны Өзүнө арткан. Биздин каталарыбызды Анын Сөзүнүн жарыгына чыгарышыбыз керек. Ошол жактан гана биз күнөлөө эмес - түшүнүү, өкүм эмес - кеңеш таба алабыз. Жарык жөн гана ачыктык бербейт – ал айыктырат. Күнөө – бул караңгылык, ырайым – бул жарык. Ошондуктан келгиле, кайра-кайра өзүбүздүн каталарыбызга кайрыла бербейли. Келгиле, баарын жөнгө салуучу жарыкка кайрылалы.

*Асмандагы Атаке, мени өзүмдү-өзүм жемелей бергендигим үчүн кечир. Сенин Сөзүңдүн жарыгы менин жүрөгүмдү чындык менен толтурсун. Мен өзүмдү өзүм айыптай бергенди токтотуп, Сенин ырайымыңды кабыл алайын.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, МЕН КҮНӨӨЛҮҮ СЕЗИМДИ ЭМЕС, ӨСҮҮНҮ ТАНДАЙМ.

5

# ЖҮРӨКТҮН БАКЧАСЫ

*“Эч ким Кудайдын ырайымынан ажырап калбашы үчүн, кандайдыр бир ачуу тамыр өсүп чыгып, зыян келтирбеши үчүн жана ал аркылуу көптөр булганбашы үчүн сак болгула.*

ЭВРЕЙЛЕРГЕ. 12:25

Бала чагымда көбүнчө мени отоо чөптөрдү жок кылуу үчүн жумшашчу. Мен дайыма тапшырылган ишти тез бүтүп коюп, анан оюнга көбүрөөк убакыт бөлүүнү каалар элем. Көбүнчө мен шашкандыктан, отоо чөптөрдүн тамырын суурубай эле үстү жагын жулуп кете берчүмүн. Тамырларга жетиш үчүн кир жерди казыш керек эле, а менин болсо муну менен алектенгим келчү эмес. Мен өсүмдүктүн сабагы жана жалбырактары жок болсо, ал өлүп калат, апам баары бир байкабайт деп ойлогом. Мен чыгып турган тамырга топурак чачып, качып жөнөчүмүн. Анан бир нече жуманын ичинде ошол эле жерден жаңы өнүп чыккан бүчүр пайда болчу. Апам мага өсүмдүктүн түбүн тамыры көрүнгөнгө чейин казып, аны бекем кармап туруп толугу менен кантип сууруп чыгыш керек экенин көрсөтүп берди. Башында жөнөкөй түйшүк катары каралган нерсе, азыр чарчатуучу күрөшкө айланды.

Биз жүрөгүбүздүн бакчасына да көп учурда ушундай эле мамиле кылабыз? Ачуу тамырлар Кудайдын Сөзүнүн өсүп-өнүгүшүн кысмакка алмайынча, шайтан бизге үмүтсүздүктү, жалган ойлор менен каардануулярды улам-улам себе берет.

Атайын өстүрүлгөн өсүмдүктөргө караганда, отоо чөптөр тезирээк өсөт. Бул жөнөкөй, жапайы өсүмдүктөр ар кандай

топуракка ыңгайлашып алып, тез эле сойлоп, жайылып кетип жатышат. Ал эми, адам үчүн абдан маанилүү болгон жашылча жемиштер менен мөмө жемиштер өзгөчө көңүл бурууну жана камкордукту талап кылат. Ылайыксыз топурак жана отоо чөптөр аларды оңой эле өлтүрүп коюшат.

Ачуу тамырлар абдан ыңгайсыз убакытта да адаттагыдай эле өсө берет, аны иретттөө өтө кыйынга турат. Аларды тамыры менен жулуп салуу таптакыр мүмкүн эмес, бирок көңүл бурбай коюуга да мүмкүн эмес – убакытты өткөрүп жиберсек, абдан опурталдуу болуп калат. Бардыгын өз алдынча коюп койбогула жана тамыры өзү эле соолуп калат деп, үстүлөрүн гана отоп койбогула. Өзүңөрдү алдабагыла тамыр дагы да бекемделип, кайра эле өсүп чыгат. Көбүнчө биз Ыйык Рухка бизде терең иштерди жүргүзүүсүнө жол бербей эле, иллюзиялар менен көңүлүбүздү көтөрүп жүрө беребиз.

Келгиле анда, сергек багбандардан бололу. Өз жүрөгүбүздө ачуу тамырларды байкап калсак, биз аны башкы Багбанга дароо алып келели, анткени ал жашоонун ар бир мезгилинде тамыр жая алат. Башкы Багбан бизге эң терең кирүүгө жана тамырдын түбүнө жетүүгө жардам берет. Эгерде Анын үрөнү биздин жүрөгүбүздүн жакшы топурагына түшсө, анда биз керемет түшүмдөрдү жыйнап алабыз.

*Атаке, өзүмдүн жан дүйнөмдүн бакчасын жакшы өстүрүүгө мага жардам бер. Менде өсүп кетиши мүмкүн болгон ачуу тамырларды ачыктоого (жылаңачтоого) мага жардам бер. Аны кичинекейи эле өсүп чыкканда көрүүгө мага жардам бер жана өмүр алып келбеген ар кандай ачуу тамырды түбү менен жулуп салуу үчүн, мени Өз күчүңө толтур.*

*Мен күчтүүмүн*

КАЧАН ӨЗ ЖҮРӨГҮМӨ БАКЧА
СЫЯКТУ КАМ КӨРГӨНҮМДӨ.

6

# ӨКҮМДӨРДҮН АЛКАКТАРЫ

*"Айыптабагыла, ошондо өзүңөр да айыпталбайсыңар. Кандай айыптасаңар, силер да ошондой айыпталынасыңар. Кандай өлчөм менен өлчөсөңөр, силерге да ошондой өлчөм менен өлчөнөт".*

МАТАЙ 7:1,2

Биздин көпчүлүгүбүзгө, ар нерсе өз ордунда турганда жагат. Ар бир жащикте комод бар жана ал жакка эмнелерди жайгаштырса болорун так билгенибизде өзүбүздү бейкапар сезебиз. Эгерде биз ченеп койгон алкакка эмнедир же кимдир бирөө туура келбей калса, анда аны айыптап, ар кандай жардыктарды тага баштайбыз. Бирок, чынында бул нерсе биз айыптап жаткан адамга караганда, биз тууралуу көбүрөөк айтып турат. Машайакчылыкты кабыл алгандан эки жылдан кийин мени көпкө чейин тынчсыздандырган бир кырдаал болуп өттү. Мен жөн гана өз координатымдын системасында ага ылайык келе турган "жащик" таба албай жаттым.

Сөз машайакчы түгөйлөрдүн аларды Кудай никеде кантип бириктиргендиги жөнүндө болуп жатты. Биз алардын экөөсү менен тең сүйлөшчүбүз, алар Кудайды, Анын элин чындап сүйүшчү. Анан алар жөнүндө ушундай бир ыплас сөздөр жайылды. Биз эсибизге келгенге чейин алар никенин кыйрап калышы мүмкүн болгондой процессти баштан кечирип жатышты. Алар эч кимиси бири-бирине кыянаттык кылышкан эмес, болгону шайкеш келишкен эмес. Мени бул жөн гана адаштырып жиберди. Ошондо өз никем үчүн өзүм күрөшө баштадым, үй-бүлөлүк көйгөйлөрдө Кудайга таяндым, анткени Джон экөөбүздү

Ал кошконуна ишенем. Өз никелерин Кудайдын эрки менен курулган деген бул түгөйлөр ажырашты.  Бул таржымал Кудай менин никеме таасир эте алат деген ишенимимди солкулдатып жиберди. Мен ал түгөйлөрдөн кандайдыр бир кемчилдик издедим. Эгерде менде машайакчылык "туура" моделге ылайык келбеген бир нерсени тапкан болсом, аны ылайыктуу бир "жащиктеги комодго" салып коймокмун.

Жан дүйнөмдөгү дүрбөлөңдү өзүм ишенген рухий устатым менен бөлүштүм, андан Библиядагы сөздөргө негизделген кенен жоопту күттүм. Ал жөн гана оор үшкүрүп, минтип айтты: "Бул оор суроо. Мага бул тууралуу сүйлөөнүн кереги жок болгондугу үчүн кубанам". Желкемден оор таш түшкөндөй болду. Анын жөнөкөй гана сөздөрү мени оор жүктөн бошотту. Аныкы туура болчу. Мен Кудайдын ишенимдүүлүгүнө шектенип, башкаларды айыптоо менен, душманга жүрөгүмдү ылайлантууга жол берип коюптурмун. Өз никемди башка адамдардын никеси менен салыштырып, өлчөп, ал үчүн Кудайдын катышуусуна шектенгендей болуптурмун. Сүйгөндүктөн эмес, коркунучтан улам айыптаптырмын.

Биз көбүнчө көңүл ооруп калуудан же сындан коргонгубуз келип, айыптайт экенбиз. Жогорудагы аяттан кийинки аятта мындай деп айтылат: "Эмнеге өз көзүңдөгү дөңгөчтү көрбөйсүң да, бир тууганыңдын көзүндөгү кыпынды көрөсүң?" (3-аят).  Ыйса көзүбүздөгү баа бере турган "дөңгөчтү" алып салып - туура көрүп, өзүбүзгө да, башкаларга да жардам бериш керек дейт. Качан биздин алкагыбызга туура келбей турган кимдир бирөө болуп кала турган болсо келгиле, өз жүрөгүбүздүн тереңине үңүлөлү да, айыптоо – биздин ишибиз эмес экендиги үчүн ыраазы бололу.

*Атаке, эгерде мен бирөөлөрдү айыптай баштасам, мени да мен өлчөгөн өлчөм менен өлчөшөрүн эстетип кой. Мени боорукер болууга үйрөт, анткени мен өзүм ошого муктажмын.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, МЕНИН ЖАШООМ ӨКҮМДӨРДҮН АЛКАГЫНДА КИШЕНДЕЛГЕН ЭМЕС.

7

# МОЮНГА АЛУУ ЖАНА БОШОТУУ

*“Эгерде күнөөлөрүбүздү мойнубузга алып ачык айтсак, ишенимдүү жана адилеттүү Кудай күнөөлөрүбүздү кечирет жана бизди бардык адилетсиздиктен тазалайт”.*

1 ЖАКАН 1:9

Бул убадада көптөгөн эркиндик бар. Качан күнөөлөрүбүздү ачык айтканыбызда, Ал жөн гана кечирип койбойт, бизди анын калтырган издеринен тазалайт дагы. Эмне үчүн күнөөлөрдү башкага оодарып, актангыбыз келет? Катаны моюнга алаар менен, ал үстүңдөн бийлигин жоготот. Ыйса биздин күнөөбүздү алып турган кезде, “ким күнөөлүү” деген оюнду ойноонун кереги деле жок. Биз ачыкка чыгарып, андан ары кете беребиз.

Келгиле, алгач ачык моюнга алуу тууралуу сүйлөшүп алалы. Жаш кезимде мен Джеральдин деген каармандын ролун ойногон, куудул Флип Уилсонду көргөм. Анын дайыма айткан мындай сөзү бар болчу: “Бул, шайтан мени мажбурлады!” Биз дагы өзүбүздүн актануударыбызда абдан ойлоп табуучу болуп кетебиз, бирок, чынында шайтан каалабаган нерсеге бизди мажбурлай албайт. Жоопкерчиликти башка бирөөгө өткөрүп, өзүн актоонун дагы бир алда канча тымызын жолу бар. Бул биз: “Мен өзүм менен эч нерсе кыла алган жокмун” же “Мен жөн гана өзүмдү башкара алган жокмун” деген. Күнөө бизди басып алды, биз аны жеңе албайбыз деп айтуу менен, бизди бекемдеген Машайак аркылуу баарын кыла алабыз деген Кудайдын сөзүнө каршы чыгып жатабыз. Бул сөздөрдү айтпасак да, кылган иштерибиз өзүлөрү жөнүндө айтып турат. Тобо

кылуу башкача айтылат: “Ооба, мен муну кылдым, мени тазалайсың деп, тобо кылып, Сага кайрылып атам, Теңирим”.

Катабызды чындап моюнга алгандан кийин дагы ооруraак кадам күтөт: коё берүү, өзүбүздү бошотуу. Бул эмоционалдык, физикалык жана руханий саламаттыгыбыз үчүн өтө маанилүү. Эгер Кудай кечирип, унутуп койгон нерсе үчүн өзүбүздү жазалаганды улантсак, бул жакшылыкка алып барбайт. Ал биздин мыйзамсыз- дыгыбызды чыгыш менен батыш сыяктуу алыстатып койсо (Забур 102:12), анда аларга кайра-кайра кайтуунун кажети барбы?

Бизди тобо кылууга жетелеген нерсе - Кудайдын жакшылыгы жана боорукердиги. Бул ичибизде терең тамырлаган нерселердин баарына каршы келет. Эсепти төлөгүбүз келет; ошондо бизге сезилгендей, күнөөдөн кутулабыз. Бала кезимде дайыма: “Сенин тобо кылганыңа, сөзгөрүлгөнүңдү көргөндө гана ишенем” – дешчү. Бирок, Кудай баарын башкача кылат: биз татыктуу болбогондо да Ал Өзүнүн ырайымын көрсөтөт, сен өзгөрө аласың деп. Ырайымдуулук – бул бизге татыктуулугубузга жараша берилбегендик. Көбүнчөбүзгө бул мамилени түшүнүү оор. Бизге “көзгө көз, тишке, тиш” деген эреже көбүрөөк түшүнүктүүрөк. Мыйзам, биздин душманыбыз жана ички үнүбүз, ар дайым сотту талап кылат, бирок Рух - ырайым кылат. Андыктан, бул ырайымды кабыл алгыла, достор. Күнөөдөн боштондукка карата болгон Кудайдын жолун кабыл алгыла.

*Теңирим, күнөөдөн куткарылуу үчүн Сенин жардамыңа кайсы жерде каршы чыгып жатканымды мага ачып бер. Мага эмнени мойнума алып, коё беришим керектигин ачып бер.*

## *Мен күчтүүмүн*

КАЧАН ӨЗҮМДҮН КАТАЛАРЫМДЫ ЧЫНДАП МОЮНГА АЛЫП, МЕН ТАТЫКТУУ ЭМЕС БОЛГОН ЫРАЙЫМДЫ КАБЫЛ АЛГАНДА.

8

# ЖЕК КӨРҮҮДӨН ЭРКИН

*"Бир тууганын жек көргөн бардык адам – киши өлтүрүүчү. Киши өлтүрүүчү адам өзүндө бар болуп турган түбөлүк өмүргө ээ эмес экендигин силер билесиңер".*

1 ЖАКАН 3:15

Биздин дүйнөдө жек көрүүчүлүк өтө көп. Бул аяттын сөздөрүнө көңүл буруга убакыт келди. Бир тууганын жек көргөн адам – ал ким? Өлтүрүүнүн дарбазаларын жек көрүүчүлүк ачат. Ыйык Жазуудагы бул аяттын кантип жазылганына көңүл бургула: "бардык", бул дегени – бардыгы. Бул жакта : "өзүнүн бир тууганынан таш боордукту көргөндөрдөн башка" деген сөз жок. Биз Ыйык Жазууда "кайсы болбосун", "каалаган", "ар бир" – деген сөздөрдү көргөндө – бул биз жөнүндө да сөз болуп жатат дегенди билдирет. Буга катышуудан баш тартуу каралган эмес.

Жакшы жаңылык бул өкүм эмес, күчкө ээ болуу жана ырайымда өсүү мүмкүнчүлүгү дегенде камтылат. Биз Анын Сөзүнө баш ийгенде, Ал бизге чындык менен жашаш үчүн керек болгон нерсенин баарын берет. Бул аятта бир тууганын жек көргөн адам, киши өлтүрүүчү деп айтылып турат. Бул жакта өзгөчөлүк, башка чечмелөөлөр, айланып өтүүчү жолдор жок - баары конкреттүү жана бир жактуу. Мени киши өлтүрүүчү деп атаганын каалабайм. Бирок, машайакчылык сапарымдын кээ бир учурларында жүрөгүмдүн эң караңгы бурчтарында жашырынып жаткан жек көрүүнү байкадым. Демек, мага түбөлүккө кылмышкер же атүгүл киши өлтүрүүчү деген ярлыкты (клеймону) көтөрүп жүрүү жазылганбы?

Биз Кудайдын күчкө толтурган ырайымын да, бизди

коргоп-каптап турган мээримин да таанып билдик. Ал канчалык караңгы жана коркунучтуу болбосун, Кудай кечире албаган күнөө жок. Кудай тобо кылган киши өлтүргүчтөрдү да кечирет.

Биз жашоого жердеги соттук система менен эмес, падышачылыктын көз карашы менен карайбыз. Биз бул жердин жөн эле жашоочулары эмеспиз, анткени Жазууда айтылган: "Демек, силер эми чоочундар жана келгиндер эмессиңер, ыйыктардын мекендештерисиңер жана Кудайдын Өз элисиңер" (Эфестиктерге 2:19).

Бизди жогорку асмандын буйругу башкарат жана биз бул жердин мыйзамдары менен сотторунун алдында эмес, асман алдында жооптуубуз. Асман ташка чегилген тышкы эрежелерге же жоболорго баш ийбейт — ал биздин жүрөгүбүзгө жазылган жашыруун код аркылуу бизди өзгөртөт. Кургак жансыз эрежелер, катууланган, өлүк жүрөктөргө арналган. Ал эми ,тирүү жүрөктөргө болсо – эркиндик мыйзамы. Ошондуктан, эгер силер чындап өлтүрсөңөр, жердеги сот силерди киши өлтүргүч катары тааныйт, бирок падышачылыкта жек көрүү сезиминин өзү силерди киши өлтүргүч кылат. Жүрөгүбүздө жашынып турган кандай гана жек көрүү көлөкөсү болбосун, анын баары менен чынчыл түрдө бетме-бет келишип, өз ички дүйнөбүзгө терең көз чаптыра турган убак келди. Өлтүргүчтүн тамырын түптамыры менен жок кылуунун убактысы келди.

*Асмандагы Ата, менин жүрөгүмдүн бардык бурчтарында сакталаган жек көрүүлөрдү ачып бер. Мен өлтүргүчтүн күнөөсүнөн баш тарткандай эле андан да баш тартам. Мен аларды кечиргендей эле, мени да кечир.*

## Мен күчтүүмүн

КАЧАН КУДАЙДЫН ЖОГОРКУ КҮЧҮНӨ, МЭЭРИМДҮЛҮҮГҮНӨ ЖАНА ЫРАЙЫМДУУЛУГУНА ТАЯНГАНЫМДА.

9

# АЙЫПТООСУЗ

*“Мен да сени айыптабайм. Бара бер, мындан ары күнөө кылба», – деди Ыйса”.*

ЖАКАН 8:11

Бул сөздөр күнөөсү ачык-айкын көрүнүп турган аялдарга кайрылып Теңир айткан сөздөр.

Тилеке каршы, шайтандын Обо эненин кыздарына болгон эң күчтүү чабуулдары, диндин шылтоосунун астында болот. Жакан жазган Жакшы Кабарда, 8-бөлүмдө, биз бул карама-каршылыкты. ачык көрөбүз: мыйзам менен диндин катуулугу жана Кудайдын ырайымы менен сүйүүсүнүн коздугу. Келгиле, бул көрүнүштү чогуу карайлы дагы, аны башка көздөрүбүз менен көрүүгө аракет кылалы.

Эрте таңдын бүдөмүк жарыгында элдин чоң тобу көрүнөт — алар жаш раввин Ыйсаны угуш үчүн чогулган. Ал башка ораторлорго окшош эмес, Ал сүйлөп атканда, Кудай Атанын сөздөрү угулат. Таңдын биринчи нурлары менен чогуу, Ыйса шакирттери менен кошо пайда болду. Ал чогулгандар менен учурашып, отуруп жана насаат айта баштайт. Элдер ар бир сөздү жүрөгү менен кабыл алып, кунт коюу менен угуп атышат. Бирок, алыстагы кандайдыр бир ызы-чуу баарынын көңүлүн бурду.

Баары башка топ жакындап келе жатканын көрүштү – караңгы силуэттер көрүнүп, чыр-чатактар угулуп жатты, алар бирөөнү күчкө салып алып келе жатышты. Бул чачы-башы салбырап кеткен аял, кийиминин калдыктарын колуна кармап, жылаңач денесин жашырууга аракет кылып жатат. Аны ойноштук кылып жаткан жерден кармап келишти, бирок аны менен кармалган эркек эч жерде көрүнбөйт.

Алар Ыйсага: “Устат, бул аял ойноштук кылып жаткан жеринен кармалды! Тооратта Муса бизге мындайларды таш бараңга алууну осуят кылган. Ал эми Сен эмне дейсиң?” (Жакан8:4,5). Алар жоопту күтүп жатышты, бирок Ыйса сүйлөгөнгө шашкан жок. Эч кимге карабастан, Ал эңкейип манжасы менен чаңга жаза баштады. Андан кийин Ал, күнөөлөп аткандарга кайрылып: “кимдин күнөөсү жок болсо ошол биринчи таш ыргытсын” деп сунуш кылды. Пайда болгон жымжырттыкта, алар биринин артынан бири кете баштады. Ыйса, эл жана баягы аял эле калышты. Алардын арасында Ал жалгыз күнөөсүз эле, бирок Ал таш ыргыткан жок. Ал соттош үчүн эмес, куткаруу үчүн келген. Күнөөлөп аткандардын акыркысы кеткенге чейин Ыйса үн каткан жок.  Анан Ал өйдө туруп андан сурады: “Аял, сени айыптагандар кайда? Эч ким сени айыптаган жокпу?” – деди. Аял Ага: “Эч ким, Теңир”, – деп жооп берди. “Мен да сени айыптабайм. Бара бер, мындан ары күнөө кылба”, – деди Ыйса (Жакан 8:10,11).

Ал башын көтөрүп, көзү Анын көзүнө урунду. Ал Анын көзүндө кечиримди, сүйүүнү ал тургай, ооруну көрдү. Эми ал өлүм менен караңгылыктын кызы эмес – ал өмүр менен жарыктын кызы.

Жылаан уятыбызды сыртка чыгарып, бизди күнөөлөгөн кезде, ошол аял караган көздөргө биз да карап, анан муну биле алабыз: Ал бизди айыптабайт. Анын ырайымы бизди коргойт, ал эми Анын мээрими: “Бара бер, мындан ары күнөө кылба,” – деп айтат.

*Теңирим, качан биз өзүбүздү өзүбүз коргой албаган кезибизде Сен бизди коргогонуң үчүн, ыраазычылык билдирем. Сен айыптабаганың, куткарганың үчүн ыраазымын.*

## *Мен күчтүүмүн*

КАЧАН МЕН КУТКАРУУЧУГА МЕНИ АР КАНДАЙ КОЛ САЛУУЛАРДАН КОРГООГО МҮМКҮНЧҮЛҮК БЕРГЕНИМДЕ ЖАНА КАЙРА ЖАРАЛЫП, УЯТТАН КУТУЛГАНЫМДА.

# Өзүн-өзү башкара билүүдө күчтүү

I

# УГА БИЛҮҮГӨ ЖӨНДӨМДҮҮ

*"Сүйлөгөнгө шашылба, жүрөгүң да Кудайдын алдында сүйлөгөнгө ашыкпасын, анткени Кудай асманда, сен болсо жердесиң, ошондуктан аз сүйлө".*

НАСААТЧЫ 5:2

Ыйык Жазууда сөздүн күчү жана тилди тыя билүү жөнүндө көп айтылган. Бирок, уга билүү дагы көп мааниге ээ. Уга билүү убакытты, көңүл коюуну, ички тартипти талап кылат. Угуу менен бирге, биз айтылган нерсенин эң бир орчундуу жерине кирүү үчүн, суроолорду беребиз. Адамдарга аларды чындап эле угуп жатышкандыктарын сезүү маанилүү.

Бул үчүн башкалардын ордуна ойлонгонду таштоо керек, жыйынтык чыгарганга шашылбаш керек. Маектешиңерге силерди таң калтырууга мүмкүнчүлүк бергиле. Менин эсиме жөнөкөй бирок, акылман бир сөз түшүп жатат: "Сен жолуккан ар бир адам, сени бирдемегедир үйрөтүшү мүмкүн". Дайым үйрөнүп, кандайдыр бир жаңы нерсени билүү менен, өсөбүз. Өз оюңарды айтуу үчүн эмес, бирдеме үйрөнүү үчүн уккула. Маектешиңер оюн айтып бүтө электе эле жоопту камдабагыла. Кимдир бирөөнүн жүрөгүндөгүсүн угуу- бул абдан жакшы нерсе. Адамдар аларды укпай коюшкандыгын сезишет. Мен көп саякаттайм, учуу мезгилинде Анын жарыгын жана сүйүүсүн бөлүшүүгө көп мүмкүнчүлүк болот. Ар бир ушундай сүйлөшүүлөр жөн гана бир нерсени угуудан башталат. Эгерде адамдарды уксаңар, алар да угушат. Алардын муктаждыгына, азабына, алардын ойлоруна көңүл бура билгиле. Анан Рухтан

силер аркылуу сүйлөөнү сурангыла. Башкаларды көңүл коё угуп жатканда өз ичибизде бир нерсе пайда болушу да мүмкүн. Эгерде өзүбүздөгүнү бөлүшүүгө шашпасак, кээде бизге жетпеген нерсени угушубуз да мүмкүн.

Накыл сөздөр бизди минтип эскертет: "Көп сүйлөгөн адам күнөөгө батпай койбойт. Тилин тыйган адам – акылдуу адам. Адил адамдын тили – тандамал күмүш, мыйзамсыздын жүрөгү эч нерсеге арзыбайт" (Накыл. 10:19-20). Жакшы алтын от менен сыналат. Кудайдын Сотунун отуна мүмкүнчүлүк бергенибизде, маегибиздеги артыкча, үстүртөн болгон нерселердин баары кетет. Жакыптын Каты бизди сүйлөөдө шашпоого чакырат. Мени да тилимди тиши-ме басканым бир нече жолу сактап калган. Канчалык көбүрөөк уккан сайын, сөздүн маанисин ошончолук тереңирээк түшүнөм.

Кудай менен сүйлөшүүдө да биз көп сөздүү болбошубуз керек. Ал асманда, биз болсо жерге байлангандбыз. Кудайды сыйлоонун жана Анын алдындагы ыйык коркунучтун бир белгиси, качан сүйлөгөндү, качан унчукпай койгонду билүүдө. Сүйлөп жатып эмес, угуп жатып үйрөнөбүз. Бул деген сыйынуучу жашоо-ңордо тынчтык үчүн – угуу үчүн да орун болушу керек дегендик. Кудай менен ыңгайсыз жымжырттык болбойт. Тынчтангыла да, уккула. Кудайды жана Ал силердин жолуңардан кездештирген адамды уга билгиле – ошондо күчтүүрөөк болуп каласыңар.

*Теңирим, адамдар сүйлөп жаткан сөзүнүн артында, алардын жүрөктөрүндө эмне тургандыгын угууга жана аларга Сен буюргандай жооп берүүгө мени үйрөтчү. Менин жүрөгүмдү бардык жерде жана бардык убакта Сенин Сөзүңдү угууга үйрөт.*

## *Мен күчтүүмүн*

КАЧАН КУДАЙДЫ ЖАНА АДАМДАРДЫ
ЧЫНДАП УГА БИЛГЕНИМДЕ.

2

# ТАМАККА КАРАТА НАПСИСИН ТЫЯ БИЛҮҮ

*“Мага баарын кылууга болот, бирок баары эле пайдалуу эмес. Мага баарын кылууга болот, бирок эч нерсе менин үстүмөн бийлик жүргүзбөшү керек”.*

1 КОРУНТТУКТАРГА 6:12.

Моюндайм: мен кара шоколад менен кофеге абдан көнүп алдым. Кээде ойлоп кетем – мен кара шоколадды эч качан ооз тийип көрбөгөн болсом да, мен аны ошондой эле катуу каалайт белем? Кофеничи? Эгер эртең менен сергийин деп ысык кофеме Breyer’s кофе балмуздагынан толук кашык кошуп, үстүнө корица сеппесем, шоколаддуу латтеге ошончолук тартылаар белем?

Жок, тартылбайт элем. Мен жада калса, мага бул нерсе жетпей атканын билмек эмесмин. Мен бул даамдарга берилбейт да болчумун. Кофе мен үчүн жөн гана коюу кара, даамы ачуу суюктук болуп турган кезде, мен аны таптакыр жактырчу эмесмин. Мен ак же сүт өңдүү шоколаддарды гана билген учурларымда, алардан оңой эле карманчумун.

Чынында эч кандай күрөш жок. Кээде бир кесим шоколад жегим келип кеткен же жыттуу таңкы кофе ичүү жөрөлгөсүн өткөргүм келген учурлар менен күрөшпөйм — өзүмө бул ырахатка уруксат берем. Бул мени башкарып турган мырза эмес, өзүмө кам көрүүнүн бир жолу — кичинекей гана ырахат жөрөлгөсү. Мен эч кыйналбастан, кара шоколадсыз бир, бир жарым жума жүрө алам. Ал жок болсо, жаман эч нерсе деле болуп кетпейт, бирок, ал менде болсо, мага жагымдуу

болот. Ал эми кофе тууралу айтсак, мен аны уйкусураган тумандан шашпай чыкпай, тез арада иштөө режимине кириш үчүн ичем.

Эгер бул даамдардан алган ырахатым чын эле пайдалуу тамактарды жегим келген каалоомдон ашып кетсе, анда эмне болот эле? Эгер мен сезимдик ырахат (кара шоколаддан) жана сергектик сезими (кофеден) жашоомдогу башка бардык сезимдерге караганда маанилүүрөөк деп чечсемчи? Балким, ошондо жашылчалардан болгон салаттар шоколаддай таасир бербегендиктен, жагымдуулугун жоготуп коюшу мүмкүн эле. Балким, башка тамактар жана суусундуктар да кызыксыз жана кадимкидей эле сезиле баштамак. Мен чындыктан кетип, эки жумадай жалаң гана шоколад жана кофе менен жашайм деп чечсем эмне болот? Балким, мен бактылуу, келбеттүү жана сергек болмокмун… жок дегенде алгачкы бир нече күнгө. Бирок, анда тең салмактуулук бузулуп, мен айла жоктон көз карандылыктарымды көзөмөлгө алышым керек болмок.

Менин айтайын деген оюм, биз өзүбүздүн тандоо жана каалоолорубузду өзүбүз курабыз. Бул тамак, жакындык, көңүл ачуу же социалдык тармактар болсун, каалаган адат көз карандылыкка айланышы мүмкүн, чындыктын сезимин жоготуп, тең салмакты бузушу ыктымал. Мына ошондуктан, биз күчтүү болуп, өзүбүзгө ээ болуп, каалоолорубузга баш ийбешибиз керек. Алар канчалык бийликке ээ болору, бизден гана көз каранды.

*Асмандагы Ата, мага өзүмдүн каалолорумдун*
*ченин билгенди үйрөт. Каалоолор менден күчтүү*
*болуп кетүү коркунучун жаратканда, алардын кулу*
*болуп калбашым үчүн, мага акылмандык бер.*

## *Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, МЕН ТЕҢ САЛМАКТУУЛУКТАМЫН
ЖАНА КААЛООЛОРУМДУ БАШКАРЫП, АЛАР
МЕНИ БАШКАРЫШЫНА ЖОЛ БЕРБЕЙ КОЁ АЛАМ.

3

# АЧУУ - БУЛ ЖАКШЫ ЭЛЕ

*"Ачууланганыңарда күнөө кетирбегиле"*

ЭФЕСТИКТЕРГЕ 4:26

Эфестиктерге жазылган Каттын 4:26нын биринчи бөлүгү жөн эле: "Ачууланганыңарда" деп угулат. Бул үчүн мен аракет кылышым да кереги жок. Кудай бизге ачууланууга уруксат берет, анткени, рухта болбогондук – бул табигый нерсе. Ачуулануу кубаныч, кайгы, ишеним жана коркуу сыяктуу эле табигый нерсе. Кудай Өзү да ачууланат жана андай көп эле болот. Байыркы Келишимде Анын Ысрайыл жана башка элдерге карата ачууланганына байланыштуу жүздөгөн шилтемелер бар.

Эгерде биз сезимдерди жөн гана жагымсыз деп эсептегендиктен басып койсок, алар акыры баары бир жолду табышат, көп учурда бурмаланган түрдө. Тескерисинче, эгерде сезимдерге толук эркиндик берилсе, артынан күнөө сөзсүз түрдө ээрчийт. Кудай ачууланууну адам табиятынын бир бөлүгү катары кабыл алат. Бирок, көпчүлүгүбүз муну түшүнбөйбүз. Бул эмне дегенди билирет? Кийимдерди ыргытып, жакындарыбызга кыйкырууубу? Же саткындык үчүн кек сактап калуубу? Жок, булардын баары ачуулануунун бузулган түрлөрү, алар күнөөгө алып барат. Анткени, ачуулануу менен күнөөнүн ортосундагы сызык өтө ичке жада калса, жакшы байкалбайт.

Америкалык мурас сөздүгү күнөөнү "күчтүү, адатта убактылуу

канааттанбоо сезими, аны кандайча көрсөтүү жөнүндө эч кандай маалымат жок" деп аныктайт. Бир окуяга же бирөөнүн аракетине ачуулануу же ичтен каршылык көрсөтүү – табигый нерсе. Бул сезимдер баарына тааныш жана күндө болушу мүмкүн болгон нерсе. Ал эми, "күнөө кылбагыла" деген чакырыкты аң-сезимде кармоо үчүн, ички эмгек керек. Баладан чоң кишиден күткөндөй эле реакция күтүү, акылга сыйбайт. Өзүн-өзү башкаруу жөндөмдүүлүгү жашыңдын өсүшү менен чогуу келет. Капа болгонубуз – жаман эмес, бирок, биз капа болгонубуз үчүн башкаларды жазалоо туура эмес. Машайакчылар болгондуктан, биз өзүбүздү гана эмес, Аны да чагылдырабыз жана бул бизди токтоп, «Биздин реакциялар башкаларга кандай таасир этет?» деп ойлонууга мажбурлайт. Биз менен болуп жаткан окуяларга таасир эте албайбыз, бирок, биз аларга кандай реакция жасаганыбыз – биздин колубузда.

*Теңирим, мага кызыңа тийиштүүдөй ички жетилгендик жана асылдык менен сезимдеримди башкарууну үйрөт. Мага адилет ачууланууменен күнөөдөн болгон ачууланууну айырмалаган назик сызыкты көрсөт. Эгер ошол сызыкка өтө жакын келсем, мени Өз Рухуң менен туура жолго сал.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, ӨЗҮМДҮН АЧУУМДУ БАШКАРА АЛАМ.

4

# СӨЗДҮ САЛМАКТАЙ БИЛҮҮГӨ ЖӨНДӨМДҮҮ

*"Анткени баарыбыз көп жаңылабыз. Оозунан жаңылбаган адам – бүт денесин ооздуктай алган жеткилең адам."*

ЖАКЫП 3:2

Андан ары, Жакыптын Катындагы 3 жана 4-аяттарда өз тилибизди башкаруунун маанилүүлүгү көрсөтүлөт:

> *"Баш ийдириш үчүн, биз атты ооздуктап, анын бүт денесин башкарабыз. Кеме канчалык чоң болсо да, канчалык катуу шамалдар менен жүрсө да, кемечи аны кичинекей эле бургуч менен каалаган жагына бурат".*

Биз айткан сөздөр бүтүндөй жашообуздун багытын аныктап, бизди жакшылыкка же жамандыкка алып барышы, жетектеши же жок кылышы мүмкүн. Андан ары Жакып сөздү чоң өрткө айланып кетүүчү майда учкун менен салыштырып атат. Анткени, эч кимибиз катастрофанын себепкери болууну каалабайбыз. Бирок, мунун дагы бир жагы бар - Римдиктерге жазылган Катта сөздөрдүн куткарылууну алып келүүчү жана бизди караңгылык падышачылыгынан жарыктын падышачылыгына алып баруучу күчү жөнүндө айтылат. Римдиктерге жазылган Катта 10:9, 10до убадаланган:

*“Эгерде сен өз оозуң менен Ыйсаны Теңирим деп ачык таанысаң, Кудайдын Аны өлгөндөрдүн арасынан тирилткенине чын жүрөгүң менен ишенсең, анда куткарыласың. Себеби адам чын жүрөгү менен ишенүү аркылуу акталат, оозу менен ачык таануу аркылуу куткарылат”.*

Бизге кыйынчылык алып келе турган нерсе, куткарылуу да алып келиши мүмкүн: “Өлүм менен өмүр тилдин бийлигинде, аны сүйгөндөр анын жемишинен татышат” (Накыл Сөздөр 18:21). Биз Асмандагы Атабыздын бейнесиндей жаратылганбыз; Ал сөзү аркылуу жаратат жана өмүр берет. Демек, биздин сөздөрдө да күч бар жана тандоо – бата берүү же каргоо, биздин эркибизде.

Менимче, бул тынымсыз үйрөнүү жана өсүү үчүн эң сонун мүмкүнчүлүк. Биздин оозубуздан чыккан нерсе, талкалоо жана өлүмгө эмес, айыктырууга алып барсын. Биздин жашоо өзүбүздүн сөздөрүбүз менен салган жол менен өтөт. Келгиле анда, алар бизди биз жеткибиз келген жакка алып баратканын текшерип көрөлү.

*Теңирим, менин оозумду сакта. Андан агып чыккан сөздөр компас сыяктуу болсун, мени кыйроо эмес, чындык менен жарыктын жолуна багыттасын.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, МЕН СӨЗДӨРҮМДҮ ОЙЛОНУП ТАНДАЙМ.

5

# КҮНӨӨНҮ ЖУУП-ТАЗАЛООЧУ ӨКҮНҮЧ

*“Себеби Кудайга жаккан кайгы тобо кылып куткарылууга алып келет, ал эми бул дүйнөнүкүндөй кайгы өлүмгө дуушар кылат”.*

2 КОРУНТТУКТАР 7:10

Ар бирибизге өкүнүч сезими таанымал, бирок эсиңерде болсун: ал жашообузду аныктабаш керек. Талкалоочу өкүнүч Пабыл “дүйнөнүн кайгысы” деп айтканга алып келиши мүмкүн. Бул эмне? Бул - кадыр-баркты, акчаны, мүлктү, мамилени же дагы башка бул дүйнөгө байланган нерселерди жоготуудагы кайгы. Бул учурда биз кылган ишибизге, башкаларга алып келген ооруга эмес, жоготкон нерсебизге өкүнөбүз. Бул өкүнүчтү баштан өткөрүп жатып, сөзүңөрдүн күчү же диндин жардамы менен аны оңдоого аракет кыласыңр. Бирок, мындай ыкма көбүнчө жүрөктүн чыныгы ниеттерине жетүүгө мүмкүнчүлүк бербейт.

Кудай үчүн болгон кайгы андан аркы натыйжалардан коркуудан да тышкары кетет – ал негизинен Кудай менен же башкалар менен болгон мамилелерге келтирилген зыянга багытталган. Бул кайгылардын мүнөзү талкалоочу эмес, куруучу десек болот. Кудай үчүн кайгы бизге баарын чыныгы жарыкта көрүүгө жардам берет. Эң сонун мисал Забур 50:3тө: “Кудайым, мени Өзүңдүн улуу ырайымың боюнча ая, Өзүңдүн улуу кайрымдуулугуң боюнча күнөөлөрүмдү өчүрүп сал” деп айтылат. Дөөт Кудайдын өзгөрүлгүс сүйүүсүнө кайрылат. Күнөө кылгандыгын моюнга алат. Ал актанууга же күнөөнү башкага оодарууга аракеттенбейт, чынчылдык менен күнөөсүн моюнга алат. Күчтүн баары

ушунда, анткени качан биз өз катачылыгыбызды моюндаганыбызда, алардын биздин үстүбүздөн болгон бийлиги күчтөн ажырайт. Баарыбызга кайрымдуулук керек, качан моюн сунганыбызда Кудай бизди ар кандай кырдаалдын үстүнө көтөрөт.

Дөөт өзү тазалана албастыгын билген, ал Теңирге кайрылган. Кудай гана күнөөнү кечирет, кечирип гана койбостон жан дүйнөдө калган анын бардык издерин жана көлөкөсүн алып сала алат.

Ал күнөө жүрөктү тоңдуруп, эркти майтарып салаарын билген. Өз сыйынуусунда Дөөт минтип айтат: "Менден жүзүңдү бурба, менден Өзүңдүн Ыйык Рухуңду алба. Мага Өзүңдүн куткаруу кубанычыңды кайтарып бер, бийлиги бар Рухуң менен мени бекемде" (Забур. 14:15).

Бул Забурда мурда өкүнүч менен жарааттар болсо, эми анын ордуна кубаныч жаралып, жаңы жолдун башталышы жөнүндө убадалар жаңырат. Кудай ичибиздеги кемчилдиктерди бир сонун нерселерге айландыра алат. Ошондо биздин жыгылганыбыз башкаларга Кудайдын өзгөрүлгүс сүйүүсүн, кайрымдуулугун көрсөтө алат. Атакебиз өкүнүчтүн ар бурчтарын Өз ишенимдүүлүгүнүн, чындыгынын жаркыраган маягына айландырсын. Кудай биздин тазаланышыбызда ушинтип даңкталат. Жараатыңарды сулуулуктун, тирүүлүктүн тирүү күбөлүгүнө айландыргыла, бир кезде силерди эркиндикке чыгарган ошол сүйүүнү, чындыкты башкалар менен бөлүшкүлө. Бул Кудай үчүн болгон кайгынын эң бир жаркыраган жемиши болуп саналат.

*Теңир, ылайым менин кайгым дүйнө үчүн болгон кайгы эмес, Сен үчүн болгон кайгы болсун. Өкүнүү менен мен аны Сага табынтууга алып келем жана Сенин айыктырууңду кабыл алам. Биздин жараксыз нерсебизден сулуулукту жарата алаарың үчүн ыраазымын.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, ӨЗ КҮНӨӨЛӨРҮМДҮ
КУДАЙГА АЛЫП КЕЛЕМ.

6

# СӨЗДӨ ТАМЫРЛАНГАН

*“Бул мыйзам китебинде жазылгандар оозуңдан түшпөсүн, анда жазылгандардын бардыгын так аткарыш үчүн, алар жөнүндө күнү-түнү ой жүгүрт, ошондо сен өз жолдоруңда ийгиликке жетишесиң жана акылмандуулук менен иш кыласың”.*

ЖАШЫЯ 1:8

Эч нерсе бизди Ыйык Китептеги сөздөрдөй бекемдей албайт. Мына ошондуктан дагы, ага күн сайын кайрылууну адат кылып алган маанилүү. Кудайдын Сөзүн окуп, аны колдоно баштаганыбызда, мурдагыдай болбой калабыз. Жүрөгүбүз жумшарып, Атабыздын иштерине карата сезимтал боло баштайт, биз болсо анын жетекчилигине ачыла баштайбыз. Сөздү окуп, үйрөнүү – бул бизди күчкө толтурган жана биздин рухий жашообуздун калган жактарын шыктандырган рухий тартип.

Кудайдын падышачылыгында Жазуудан үзүндүлөрдү канчалык билүү эмес, алардын канчасы менен жашоо маанилүү. Ошондо гана Сөз силердин жашооңорго жемиш алып келип жана жашооңордун жемиши болуп калат.

Анда эмнеден баштоо керек? Варианттар, окуу программалары абдан көп. Библияны “майда-баратына чейин” окуунун планын тандасак болот, же кызыктырган темаларды изилдесек болот, же турмуштагы талабыбызга ылайык келген аяттарды издесеу болот. Негизгиси – Жазууну окуганга күн сайын убакыт бөлүү керек.

Кыйналып кетпеш үчүн, ашыкча күч келтирбегиле, бирок күндө Библияны ачууну адатка айландыргыла. Анан ал адат болот да, жашооңорго бекемделип кире баштайт.

Күндөлүктү жана калемсапты колго алгыла. Ыйык Рухтан силер менен Жазуу аркылуу сүйлөшүүнү суранып сыйынгыла. Тандап алган аятыңар жөнүндө ой жүгүрткүлө, андан кийин кийинки кадамды жасагыла – күндөлүктү алып, силерге ачылган аятты кантип колдонгону жатканыңарды жазгыла. Бул чындыктарды жашоодо ишке ашыруу үчүн кандай аракеттерди кыласыңар? Жүрөгүңөргө түшкөн чындыктын үрөндөрүн өстүрүү үчүн жакынкы 24 саатын ичинде же жакынкы аптада эмне кыласыңар? Өзүңөрдүн өсүүңөргө кантип көз саласыңар?

Тартип жөнүндө сөз кылып жатып, биз жагымсыз нерсе же ал тургай, жазалоо жөнүндө ойлойбуз. Бирок, Библия менен убакыт өткөрүү жөнүндө сөз болуп жатса, анда "тартип" деген сөз – туура тамактануу жөнүндөгү адат сыяктуу жаңы мааниге ээ болот. Ал жаңылайт, күч берет, бейкуттукка толтурат. Бул - жашооңордун ар бир сферасына билип туруп Анын сөзүн киргизип, силерге Кудай эмне деп айткысы келип жатканын издей турган ыйык мейкиндик. Бул айыктыруучу практиканы бүгүн баштагыла, канча колуңардан келсе, ошончо – беш мүнөт же жарым күн бөлгүлө жана ал силерди күн өткөн сайын бекемдеп бара жатканын көрөсүңөр.

*Атаке, Сенин Сөзүң үчүн ыраазымын. Андан күн сайын издөө үчүн мага чаңкоо бер.*

## *Мен күчтүүмүн*

КАЧАН КУДАЙДЫН СӨЗҮН ЖҮРӨГҮМӨ СЭЭП, АЛАРДЫ СЫЙЫНУУ МЕНЕН СУГАРЫП, КАМ КӨРҮП ЖАНА ӨСТҮРҮҮГӨ АРАКЕТТЕНИП ЖАТКАНЫМДА.

7

# СЕБҮҮ ЖАНА ОРУУ

*“Алданбагыла: Кудай шылдың болбойт, анткени адам эмнени сепсе, ошону орот. Себеби өзүнүн күнөөкөр табиятына сепкен адам күнөөкөр табиятынан чирий турган нерсени алат, ал эми Рухка сепкен адам Рухтан түбөлүк өмүрдү алат”.*

ГАЛАТИЯЛЫКТАР 6:7,8

Себүү, оруунун мыйзамы ушундай. Жакшы үрөн себүү менен, биз мол түшүм алабыз. Ыйык Жазуунун үрөнү тирүүлүктүн берекелүү түшүмдөрүн берет.

Көп жылдар мурун, адилдиктин түшүмүн жыйнап алуу үмүтү менен жүрөгүмө Ыйык Китептен аяттарды себе баштадым. Жакыптын Катындагы менин сүйүктүү аяттарымдын бири: “Сүйүктүү бир туугандарым, ар бир адам укканга даяр болсун, ойлонуп сүйлөсүн, ачууга алдырбасын” (1:19).

Бирок, ал кезде такыр башкача болчумун: тез сүйлөп, укканга маани бербей, бат ачууланчумун. Менде баары туура эмес эле.

Мен Кудайга кайрылып, өзүмдү кармануукга жардам берүүсүн сурандым. Мен да Дөөт сыяктуу сыйындым: “Теңирим, менин оозума сакчы кой, оозумдун каалгасын кайтар” (Забур 140:3).

Бул оозуңузду жарадар кылышы мүмкүн болгон туура эмес сөздөрдөн алыс кармоо дегенди билдирет. Ыйык Рухтун туура эмес сөздөрдүн тилибизден чыгып кетишине жол бербей, туура учурда сүйлөө үчүн, жүрөгүбүзгө Ыйык Жазууну жайгаштырарын билдим.

Илимий жактан алганда, адаттан арылуу үчүн жыйырма бир

күн талап кылынат. Адаттар күчтүү. Булар биз ойлонбостон эле чыгарган автоматтык реакциялар. Бир кезде ачуулануу мен үчүн ошондой адат эле. Ансыз жыйырма бир күн жашоо акылга сыйгыс көрүнчү — жыйырма бир жыл жөнүндө айтсаң да айырмасы жок эле. Ал менин жан дүйнөмө ушунчалык терең сиңип кеткен болчу.

Ошентип, адаттан кантип арылабыз? Аны кантип тапсак, ошол эле жол менен. Ачылып кеткен сезимди бир жолу баскыла, кийин-киде беш мүнөткө, бир саатка, анан болсо бир күнгө. Мына ушинтип мен ачуулануунун жаман айлампасын үзө алдым. Төшөктөн турбай атып сыйынчумун: “Кудайым, мага Сенин колдооң керек. Оозумду катуу коргоого ал. Сенин алдыңда да, башканын алдында да күнөө кылбайын. Сүйлөөгө жай, угууга тез жана ачуга токтоо болууга жардам бер”. Бул Ыйык Жазуудагы эскертүүлөр күнүмдүк сыйынууларым жана күчүмдүн булагы болуп калды.

Мен аны оңой болду деп айтпайм - оңой болгон жок. Бирок, бир нерсени так айта алам: Кудай менен баары мүмкүн. Жыйырма жылдан ашык убакыттан бери мен ачуулануу бийлигинен эркин жашап келем. Бул менин Ыйык Жазуунун эки кичинекей үрөнүн сээп, ага ылайык жашоо менен алган эң сонун түшүмүм.

Силер бүгүн жүрөгүңөргө эмне себесиңер? Кандай түшүм жыйнагыңар келип турат? Жазуудан үрөн издеп, аларды сепкиле – ошондо Кудай аларга өсүүнү берет.

*Кудайым, мага жандүйнөмдө өстүрүшүм*
*керек болгон Сөздү көрсөт. Мен Сенин Сөзүңдү*
*сепкенимде жана ага ылайык ишеним менен*
*жашаганымда, Сен түшүм бересиң деп ишенем.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, ЖҮРӨГҮМӨ КУДАЙДЫН СӨЗҮН
СЕБЕМ ЖАНА АНЫ МЕНЕН ЖАШАЙМ.

8

# ЭС АЛУУНУН КҮЧҮ

*“Ошентип, жетинчи күнгө оогондо, Кудай Өзүнүн иштерин бүтүрдү; Өзүнүн бардык иштерин бүтүрүп, жетинчи күнү эс алды”.*

БАШТАЛЫШ 2:2

Эс алуу күнүнө же шаббатка келгенде, көбүбүз күнөө сезимин сезебиз. Аял болгонубуз үчүн, дайыма биздин көңүл бурuubuzду талап кылган жоопкерчилик менен камкордуктун жүгүн ийиндерибизде сезип турабыз. Бизди үйүлгөн кир кийимдер жана улам көбөйүп, узара берчү иштердин тизмеси күтүп турат. Биздин көңүл буруубузду, чогуу болуубузду күткөн үй-бүлөлөр бар. Үй-бүлөнү чогултуп, жыйынга баруу да көп эмгекти талап кылат. Иштин баа-ры, төртүнчү осуятты сактагыбыз келбейт дегендик эмес. “Ишемби күндү ыйык тутууну эсиңден чыгарба” Чыг. 20:8). Көп учурда жөн гана эс алууга мүмкүнчүлүгүбүз бар экенине ишенбейбиз. Акыр-аягы, бул ишеним маселеси. Эгер токтоп калсак, өзүбүзгө эс алууга мүмкүндүк берсек - Кудай бизге кам көрө албайт деп коркобуз.

Чындыгында, Шабаттын мааниси - өзүңө, ден соолугуңа жана калыбыңа келишиңе кам көрүү. Көпчүлүк учурда жекшемби мен үчүн эс алуу күнү эмес, ошондуктан мен башкача эс алууну үйрөндүм. Атүгүл Ыйса да шакирттерин тыныгууга үндөгөн: “Өзүңөрчө бөлүнүп, ээн жерге баргыла да, бир аз эс алып алгыла” (Марк 6:31). Ал билген, чарчаганча иштей беришсе, алардын кызматта эч пайдасы болбойт, кыйналышат. Чарчаганда туура чечим кабыл ала албасымды башымдан өткөрдүм. Мындай абалда макул болушум керек болгон

нерселерден баш тартып, макул болбошум керек болгондорго “ооба” дейм. Ал эми, мындай туура эмес чечимдердин кесепеттери жашоодо мени ого бетер чарчатат.

Эмне үчүн Анын кеңешин угуп, жөн эле эс алууга болбойт? Бир күн, жарым күн же жок дегенде бир-эки саат (сөзсүз түрдө жекшемби эмес) тандап, аларды жаныңарды жана денеңерди калыбына келтирүүгө арнагыла. Муну артыкчылыктуу деп эсептегиле, алдын ала пландаштыргыла, телефонуңарды өчүрүп, ноутбугуңарды жаап, жакындарыңарга тармактан сырткары болоруңарды билдиргиле. Бул балдарыңар менен ойноого, досторуңар менен жолугушууга же күйөөңөр менен кеч өткөрүүгө болгон убакыт. Ресторанга баргыла же бир күн мурун даамдуу бир нерсе жасагыла. Иштердин тизмесин ойлогонду токтоткула. Кир жууганды кийинкиге калтыргыла. Офистен алып келген бардык иш-кагаздарын четке коюп койгула. Ал эч жакка кетпейт, жөн гана буларды башка күнү кыласыңар. Силерге Кудайдан берилген эс алуу күнү менен ырахаттангыла. Аны жүрөгүңөрдү азыктандыруу, тазалоо жана бекемдөө үчүн колдонгула. Ошондо силерде Кудай силер үчүн даярдап койгон иштерди аткарууга күчүңөр болот.

Жумушта болгондо, күчүңөр жете тургандай тырышчаактык менен иштегиле – ал эми, эс алуу убактысында эс алгыла! Кудайдын эс алууга чакыруусун баштапкы абалга келтирүү жана кайра күч топтоо мүмкүнчүлүгү катары кабыл алгыла.

*Теңирим, мен чарчап-чаалыккым келбейт. Мени жумуш менен эс алуунун ортосундагы тең салмактуулукту табууга үйрөт, эс алуу күнүм мени чындап канааттандырсын.*

## *Мен күчтүүмүн*

КАЧАН КУДАЙ БААРЫН КӨЗӨМӨЛДӨРҮН БИЛИП, ЭС АЛГАНДА.

9

# КУДАЙДЫН ЭЛЧИСИ

*“Ал эми силер тандалган уруусуңар, Падышанын ыйык кызмат кылуучуларысыңар, ыйык элсиңер, Кудай энчилеп алган элсиңер. Силерди караңгылыктан Өзүнүн ажайып жарыгына чакырып алган Кудайдын улуу иштерин жар салыш үчүн тандалгансыңар. Бир кезде эл эмес элеңер, азыр Кудайдын элисиңер. Бир кезде силерге ырайым кылынган эмес, азыр силерге ырайым кылынды”.*

1 ПЕТР 2:9,10

Олимпиада оюндарында жеңүүчүлөр сыйланышат, медалдар тапшырылат, өздөрү өкүлчүлүк кылган өлкөнүн желегин ийиндерине жаап коюшат. Эгерде аземдин ортосунда алтын медалды жеңип алган америкалык гимнаст күтүүсүздөн Канаданын атынан чыккысы келерин жарыяласа эмне болмок? Ага уруксат бермек беле? Албетте жок. Аны Канаданын эмес, АКШнын өкүлү катары тандашты. Ал башка өлкөнү эмес, Американын элин жана маданиятын тартуулашы үчүн чакырышкан.

Бизде да ошол принцип иштейт. Биз асмандын өкүлдөрү, элчилерибиз. Биз жолубузда жолугушкан адамдардын жүрөгүндө из калтыруу үчүн, өз жашообуз аркылуу ким экенибизди, кайсы Падышачылыктын өкүлү экенибизди айтыш үчүн, бул жактабыз. Элчи Пабыл бизди “Машайактын атынан келген элчилер” (2 Кор. 5:20), ал эми Петир Кудайдын элин “падышалык дин кызматчы-лары” деп атайт. Бизге элчилер жана ошол эле учурда Падышачылыктын ыйык кызмат кылуучуларынын үй-бүлөсүнүн бир бөлүгү болуу артыкчылыгы берилген.

Анда эмне үчүн биз күтүүсүздөн бир күнү берилгендигибизди бузуп, Атабызга таандык эмес падышачылыктын элчилери болгубуз

келиш керек? Петирминтип улантып атат:

> *“Бир кезде эл эмес элеңер, азыр Кудайдын элисиңер. Бир кезде силерге ырайым кылынган эмес, азыр силерге ырайым кылын-ды. Сүйүктүү бир туугандар, силер бул дүйнөдө жолоочу жана кел-гинсиңер, ошондуктан силерден өтүнөрүм, жаныңарга кар-шы күрөшкөн дене кумарларынан качкыла. Бутпарастардын арасында таза жашагыла. Алар силерди жаман иштерди кылуу-чулар деп жамандашса да, жакшы иштериңерди көрүп, Кудай өздөрүнө келген күнү Аны даңкташсын” (1 Пет. 2:10-12).*

Бир кезде биз Кудайга таандык эмес элек, азыр Ага таандык-пыз. Бир кезде Кудайдын сотунун астында болчубуз, эми болсо Анын ырайымынан ырахат алабыз. Б. а. биз мурда бул дүйнөнүн мыйзамдарына ылайык, анын сотунун астында жашачубуз, бирок азыр биз ага таандык эмеспиз; биз Кудайдын падышачылыгынан-быз. Бул биздин бир кездеги үйүбүз болгон бул жерде келгин, бей-тааныш болуп калганыбызды билдирет. Ыйык кызмат кылуучулар катары биз бул жерде Кудайдын өкүлдөрүбүз жана элчилерибиз. Бүгүн кандай иш-аракет кылууну жана кандай реакция кылууну тандап жатканда, кимдин тепкичинде турганыңарды унутпагыла. Өзүңөрдүн жашооңор өзү сүйлөп турсун — адамдар силерге карап, Кудайды мактап, силерге кошулуп, улуу мактоо хорунда үн көтөрүшсүн.

*Теңирим, мен Сенин элчиң болгонума сыймыктанам.
Менин жашоом жана иш-аракеттерим Сенин
боорукердигиңди жана ырайымыңды чагылдырсын.*

## *Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, МЕН ДАҢК ПАДЫШАЧЫЛЫГЫН
– КУДАЙДЫН ЫРААЗЫЧЫЛЫГЫН ТААЖЫ
КЫЛЫП КИЙГЕН ПАДЫШАЧЫЛЫТЫН
ЫЙЫК КЫЗМАТЫН ӨКҮЛДӨЙМ.

# Эркиндикте күчтүү

I

# КҮНӨӨДӨН АРЫЛГАН

*“Ыйса аларга мындай деп жооп берди: «Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, күнөө кылган адам – күнөөнүн кулу. Бирок кул үйдө түбөлүккө калбайт, уул калат. Эгерде силерди Уул эркин кылса, анда чындап эркин болосуңар”.*

ЖАКАН 8:34-36

Уул бизди бошоткондо, биз “чындыгында эркин” болобуз. Бул эмнени түшүндүрөт? Шексиз деген, демек: чындыгында, шартсыз, биротоло дегенди билдирет. Адамдар силердин эркин болуу укугуңарга шек келтириши мүмкүн. Өткөн жашооңор силерди уяттын коркунучу астында мурдагы каталарыңардын туткунуна кайрадан түртүп салууга аракет кылышы мүмкүн, бирок Кудай үчүн күнөө менен уяттын силердин жашооңорго тийгизген күчү бүттү. Адамдар дагы эле силерге таш ыргыткысы келиши мүмкүн, бирок Ыйсанын сөздөрү силердин жашооңор күнөөдөн таза экенин эскертип турат. “Мен да сени айыптабайм. Бара бер, мындан ары күнөө кылба, – деди Ыйса” (Жакан 8:11).

Күнөөбүздү мойнубузга алгандан кийин күнөөнү, уятты, башкаларды күнөөлөөнү жана өзүбүздүн өкүнүчүбүздү таштап, алдыга жылууга убакыт келди. Биз өз караңгычылыгыбыздан Анын жарыгына өткөн сайын алдыга жылып, мындан ары күнөө кылбоо үчүн күч алабыз. Эгер Кудай силерди айыптабайм

десе, анда силер ошол чындык боюнча эркин жүрө аласыңар. Бул жакта сезимдерге таянуунун кереги жок, алар силерди алдайт. Биз өзүбүздү чыныгы адил деп сезе албайбыз, анткени өзүбүздө адилдик жок. Биздин адилдигибиз – бул иштерибиздин жана аракеттерибиздин натыйжасы эмес, ал Машаякта болгондорго гана берилген белек. Бул бизге өткөн каталарыбызды жана ийгиликсиздиктерибизди артка калтырып, андан ары алдыга жүрүүгө мүмкүнчүлүк берет. "Бирок силер мурункуну эстебей жатасыңар, байыркылар жөнүндө ойлобой жатасыңар" (Ышайа 43:18).

Кечээки ийгиликсиздиктер бүгүнкү күнүбүзгө эми таасир этпейт. Биз ар бир таңда Кудайдын бизге жөнөткөн ырайымы менен тазаланып, жаңыча жашоого эркинбиз.

*Асмандагы Ата, мен Сенин ырайымыңды кабыл алам жана анын жашоомдун ар бир тармагында үстөмдүк кылышына жол берем. Мен бул күнөө жана өзүм жек көрүү сезиминин өрөөнүн таштап кетем. Мен ордумдан туруп, мындан ары күнөө кылбоо үчүн алдыга жылам.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, ЖОГОРКУ СОТ МЕНИ КҮНӨӨ МЕНЕН УЯТТАН БОШОТТУ.

2

# ЖАҢЫ ЖҮРӨК

*“Силерге жаңы жүрөк берем, ичиңерге жаңы рух салам. Силердин денеңерден таш жүрөктү алып салып, эт жүрөк берем.”*

ЖЕЗЕКИЕЛ 36:26

Машайакчылар катары биз жүрөгүбүздү ачык жана сезимтал кармоого аракет кылабыз — Ыйык Китепте бул «дененин жүрөгү» деп аталат. Бул жүрөктүн сүйүүгө, боорукердикке жана Кудайдын жетекчилигине болгон сезимталдыгына өсүп жатканы. Асман бизди жүрөгүбүзгө жазылган сүйүүнүн ыйык кодекси аркылуу жетектейт. Өлүк, ташка чегилген, жансыз эрежелер катып калган, өлүк жүрөктөр үчүн арналган. Эркиндик мыйзамы таштан жасалгандар үчүн эмес, сезимтал эт жүрөктөр үчүн.

Бирок, эскерте кетейин: таштай каткан жүрөккө салыштырганда, сезимтал жүрөктөр сүйүүгө да, ооруга да кыйла тез таасирленет. Таарыныч, эгерде ага жол берилсе, жүрөгүбүздү катуулантып коюшу мүмкүн. Эгерде биз этият болбосок, ал акырындык менен, бирок сөзсүз түрдө жашообуздан кудайлык нерселердин баарын сүрүп чыгарат. Бул абал оордук жана ички боштук сезими менен көрсөтүлүшү мүмкүн. Оор жүрөк менен кечирүү барган сайын кыйын боло берет, ал эми ачуулануу менен таарынычтын чегинде жашоо абдан оор.

Жакшы жаңылык, Кудайдын Сөзүндөгү чындык эң катуу жүрөктөрдү да бошотот. Машайакчылыкты кабыл алгандан

кийин да жүрөгүмдө жек көрүүчүлүктү таптым. Мен андан кутулуу үчүн аң-сезимдүү чечим кабыл алдым. Жүрөгүңөр чечилбеген нааразычылыктардан, ачуулануудан, жек көрүүчүлүктөн, таарынычтан жана бизди оңой эле адаштырган башка күнөөлөрдөн арылуу үчүн, аны коргоого муктаж. Өзүңдү коргоонун бир жолу - жүрөгүңдү дайыма чындыкка ачуу. Бул аракетти, момундукту жана чынчылдыкты талап кылат. Бирок, жүрөгүңөр ал үчүн күрөшүүгө татыктуу.

Азыр да ички күрөш акылыңызды бөлүп салышы мүмкүн. Бир үн силерге көңүлүңөрдү ооруткандарды эске салат, силерден аларды коё берүүнү жалбарып суранат. Ал эми, экинчиси: "силердин таарынычыңар негиздүү, силер аларды жек көрүүгө укуктуусуңар" деп, өзүнүкүн бербейт. Биринчи үнгө баш ийгиле. Катуу жүрөк силерди коргойт деп ишенбегиле... Ал андай эмес.

*Ата, мен жүрөгүмдөгү ар кандай катуулук үчүн тобо кылам. Катуулуктун кабыгын Сенин Сөзүңдүн ташы менен талкалап, менде эттен жаратылган тирүү жүрөк жарат.*

## Мен күчтүүмүн

АНТКЕНИ, МЕН ЖҮРӨГҮМДҮ СЕЗИМТАЛДЫКТА ЖАНА КУДАЙДЫН ҮНҮНӨ АЧЫК САКТАЙМ.

3

# АЧЫК АЙТУУНУН КҮЧҮ

*“Ошондуктан айыгышыңар үчүн, бири-бириңерге күнөөлөрүңөрдү ачык айтып, бири-бириңер үчүн сыйынгыла. Адил адамдын күчтүү сыйынуусу көп нерсени аткара алат”.*

ЖАКЫП 5:16

Ачык айтуу - эң татаал руханий дисциплиналардын бири. Бирок, эмне үчүн ал ушунчалык зарыл? Биз бардык күнөөлөрүбүздү Атабызга ачык айтканда, кечирим аларыбызды билебиз. Бирок, Жакыптын Жакшы Кабары мындан да ары барып, айыгуу табышыңар үчүн айрым учурларда бири-бириңерге ачык айтып, бирге сыйынуу керектигин айтат. Мен мунун чындык экенине ишенем жана мунун үч себеби бар.

Биринчиден, Падышачылык табигый мыйзамдар менен негизделбейт. Ыйсанын фарисейлерге аялды кумарлануу менен караган ар бир адам жүрөгүндө аны менен ойноштук кылган болот деп айтканын эстейсиңерби? Жүрөктөгү курттар Падышачылыкта өзгөчө мааниге ээ. Жүрөк – бул жакшы же талкалоочу үрөндөр түшө турган топурак. Фарисейлер менен болгон мисал муну көрсөтөт: күнөө иши кылынбаса дагы, жүрөк буга чейин эле күнөө менен бузулган.

Экинчиден, момун болуп, күнөөбүздү мойнубузга алып, Машаяктагы бир туугандарыбыз менен бирге сыйынсак, айыгуу жолу ачылат. Кабыл алган, түшүнгөн жана соттобогон адамдардын арасында күнөөнү жарыкка алып чыгуу менен, биз жүрөгүбүздүн эң караңгы бурчтарына айыгуунун кирүүсүнө

жол беребиз. Күнөөнү моюнга алуу күнөө менен уят жашаган жандын бардык бурчтарына жарык чачат, ал эми бул жарыктыкта сыйынуу, айыгуу жана калыбына келүү процессин баштайт.

Үчүнчү себеп, мойнуна алуу жоопкерчиликти алып келет. Сөз мындай дейт: "Сүйгөн адамдын жемеси чын жүрөктөн чыгат" (Накыл Сөздөр 27:6). Өзүмдү күнөөмдү мойнума алууга ачканда, мен боорукердикти издебейм, мага ал оор болсо да, чындыкты айта турган адам керек. Анан чогуу сыйынгандан кийин, уяттын жүгү ийнимден түшүп калганын сезем.

Бирок, адаттар көйгөйү калууда. Ыйса айтат: Анан Ыйса шакирттерине мындай деди: "Ким Мени ээрчигиси келсе, ал өзүнөн баш тартсын жана өз айкаш жыгачын алып, Менин артымдан ээрчисин" (Матай 16:24). Ачык айтуу – бул Кудайга толугу менен көз каранды экениңерди моюнга алуунун, "айкаш жыгачыңарды алуунун" бир жолу. Бул өзүн-өзү оңдоодон же күнөөнүн жаман айлампасын жалгыз өзү бузууга аракет кылуудан баш тартуу. Ачык айтуу - бул өз алдынча күрөшөө албасыбызды моюнга алуу практикасы. Бирок, Теңирдин жардамы жана руханий үй-бүлөбүздүн колдоосу менен биз айыга баштайбыз.

*Атаке, тобо кылуу аркылуу келе турган айыгууну көрсөтчү. Мен бул айкашты көтөрө алышым үчүн мага керектүү адамдарды алып кел жана мага чынчылдык, кайраттуулук, ачыктык бере көр. Мен Сенин артыңдан ээрчигим келет жана бул жолду жалгыз басып өтө албастыгымды моюнга алам.*

*Мен күчтүүмүн*

КАЧАН ӨЗ АЙКАШЫМДЫ КӨТӨРҮП ЖҮРГӨНҮМДӨ, ӨЗ ЖООПКЕРЧИЛИГИМДИ АЛГАНЫМДА.

4

# КҮНӨӨДӨН ЭРКИНДИККЕ ЧЫККАН

*“Бул ырайым бизди кудайсыздык менен бул дүйнөнүн кумарларын четке кагууга, азыркы мезгилде адеп-ахлактуулук менен, адилеттүү жана такыбаа жашоого үйрөтүп жатат. Биз ыйык үмүттү, улуу Кудайыбыз жана Куткаруучубуз Ыйса Машайактын даңкынын көрүнүшүн күтүп жашашыбыз керек. Бизди бардык мыйзамсыздыктан куткарып, тазалап, бизден Өзүнө таандык, жакшы иштерди кылууга тырышкан эл жаратуу үчүн, Машайак биз үчүн Өзүн берген”.*

ТИТ. 2:12-14

Бул чынында эле жакшы кабар! Күнөө мындан ары биздин үстүбүздөн реалдуу бийликке ээ эмес. Өткөн жашообузда ага канча жолу “ооба” дегенибиз маанилүү эмес – биздин келечегибизде ага орун жок. Ал бизди азгырууга аракеттенип же уяттын тузагына түшүргүсү келсе, бизде күнөөгө терс бурулуп, “жок” дегенге толук акыбыз бар. Ыйса аны биздин үстүбүздөн болгон бийлигинен ажыраткан жана бизге Кудайдын ырайымы менен жашаганга күч берген.

Машаякта биз татыктуу болгон өкүмдү албайбыз, анткени, Ал биздин күнөөбүздү Өзүнө алды. Биз кечирилип, кайра жаралдык - өлүмдөн өмүргө өттүк. Кудайдын сүйүктүү кыздары, жаныңардын душманы муну билишиңерди каалабайт. Ал силердин күнөөнүн

үстүнөн бийлигиңер бар экенин түшүнүшүңөрдү каалабайт, бирок ал ошондой. Ооба, биз муну өз алдынча жеңе албайбыз, бирок бул күрөштө биз мындан ары жалгыз эмеспиз. Биз Машаяктабыз жана куралдарыбыз күчтүү!

*Ыйса, күнөөнүн күчүн талкалаганың үчүн, Сага ыраазычылык билдирем. Мен душмандын калптарын четке кагып, алардан Сага кайрылам. Өз өлүмүң менен мага бул салгылашууда жеңишке жетүү үчүн курал бердиң.*

## *Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, МАШАЙАК МАГА КҮНӨӨНҮН ҮСТҮНӨН БИЙЛИК БЕРДИ.

5

# ЖАЗАДАН КУТКАРУУЧУ ӨКҮНҮЧ

*“Кудай алардын бардык көз жашын аарчыйт. Өлүм деген болбойт. Ый деген, өкүрүк деген, оору деген болбойт, анткени мурункунун баары өтүп кеткен”.*

АЯН 21:4

Мен силерге оорудан арылыш үчүн кадам жасоого жардам бергим келет. Силер жооп беришиңер мүмкүн: “Негизи эле оорудан бошонуу мүмкүнбү?” Мага силердин азабыңарды түшүнбөстүгүмдү, эмнеден өткөнүңөрдү билбестигимди, жаныңардагы жараат канчалык терең экенин элестете албастыгымды айтасыңар. Силердики туура. Мен чынында эле билбейм. Бирок, аны билген Бирөө бар. Адамдар бири-бирине ар кандай жол менен оорлук келтиришет – баарын санап бүтпөйсүң. Араңардан кимдир бирөө ишенген адамынын колунан зомбулукка же кордукка кабылгандыр. Кимдир бирөө бейтааныш адам тарабынан зордукталган. Кээ бирлери ар дайым жанында болорун убада кылган адам тарабынан чыккынчылыкка кабылса, башкалары жакын адамы тарабынан кемсинтилип, кордолгон. Кимдир бирөө баласын жоготту - трагедиялуу жана маанисиз. Кээ бирөөлөр бүгүнкүгө чейин өздөрүн жетиштүү жакшы эместей сезишет себеби, бир кезде ата-энелери аларга кайрылбай койгон. Көптөр терисинин түсүнөн же майыптыгынан улам шылдыңга алынышкан. Тилекке каршы, көпчүлүгүбүз

досубуздун чыккынчылыгын башыбыздан өткөрдүк.

Бул айтылган же айтылбаган ар кандай трагедиялар адамдын жанында терең жараат калтыра тургандай оор болот. Эң аялуу болуп турган учурда, шайтан жараланган жүрөгүбүзгө ачуу ойлорду жана өч алууга түрткү берген сезимдерди сээп коёт. Ал бизди башыбыздан өткөргөн нерселерге кайра-кайра кайтып келүүгө жана азапка толууга, аны жан дүйнөбүздө өстүрүүгө жана эч качан коё бербөөгө түртөт. Ал эгерде биз ооруну коё бербесек, ал бизди жаңы жарааттардан коргойт деп калп айтып, ишендирет. Бирок, бул калп.

Биз өз кайгыбызды жалгыз гана чындап түшүнө алган Ыйсага тапшырганыбызда чыныгы айыгуу келет. Ышайа Пайгамбардын китебинде, Ыйса "биздин күнөөлөрүбүз үчүн жарадар болду, биздин мыйзамсыздыктарыбыз үчүн кыйналды. Бизге тынчтык болуш үчүн, Ал жазага тартылды, Анын жарааты менен биз айыктык" (Ышайа 53:5) деп айтылган.

Ооруубузга жабышып, биз жарааттарыбызды ого бетер күчөтөбүз. Көздөрүңөрдү жумуп, бардык азабыңарды Ыйсага берип жатканыңарды элестетип көргүлө. Ал силер менен болгон окуянын олуттуулугун азайтпайт. Ооруну коё бергиле, Ага ооруну алып салып, силерге эркиндик берүүгө жол бергиле.

*Ыйса, мен ишенем — Сен менин айыгуумсуң, ошондуктан жанымдын жараатынын ар бир данын сага ишенип тапшырдым. Мага таандык эмес жүктөн баш тартам. Жарааттарымды Сенин ырайымдуу камкордугуңа аманат кылам. Өз даңкың үчүн оорумду басаңдат.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, ООРУМДУ ӨЗ ДАРЫГЕРИМЕ ТАПШЫРДЫМ.

6

# ЭРКИНДИКТЕ ТУРГАН

*“Машайак бизге тартуулаган эркиндикте жашагыла, кайрадан кулчулуктун моюнтуругун кийбегиле”.*

ГАЛАТИЯЛЫКТАРГА 5:1

Эркиндикке жеткенде, кээде чындап эркин экенибизге, ал эркиндик түбөлүккө экенине ишенүү кыйынга турат. Биздин маданият жана дин бир кезде бизди туткун кылган уяттын жана күнөөнүн оор жүгүн кайрадан мойнубузга артып, бизди кулчулуктун кишенине кайтарып салуу үчүн, колдон келгендин баарын кылат. Эркиндик дароо жана убакыттын өтүшү менен келет. Биз өмүрүбүздү Ага бергенде Ыйса бизди бошотот жана биз ошол эркиндикти талап кылууга укуктуубуз. Убакыт өткөн сайын биз мурда көтөргөн күнөөнүн жүгүнө каршы “бекем туруп”, жашоону үйрөнөбүз жана кемчиликсиз болууга өз күчүң менен умтул деген азгырыкка каршы тура баштайбыз.

Андыктан, эркиндигиңерде бекем туругула! Силерге жеңилген деген жарлык тагууга, депрессиянын сазына тартууга жана мурдагы күнөөлүү жашоого кайтарууга аракет кылган күнөө менен уятка багынбагыла. Өткөндөгү уяттын ар бир көлөкөсүнө каршы туруп, өзүңөргө зыяндуу жүрүм-турум үлгүлөрүнө “жок” деп айтуучу укугуңарды коргогула. Балким, мурда күнөө жана уят сезимдери силерге “жок” деп айтууга тоскоол болгондур, бирок силер өткөндөн бошондуңар, ал эми келечек, жаркын жана эркин!

Машаяк бизге берген эркиндик жана кереметтүү үмүттүн

аркасында бизде Теңирибиздин жана Куткаруучубуздун кайтып келишинен коркууга эч кандай себеп жок. Ал бизди бузукулуктан куткарып, Өзүнүкү деп атады. Мурда биз жамандык кылгыбыз келчү, бирок азыр болсо, биз кумарлануу менен жакшылык кылгыбыз келет! Жогорудан чыныгы төрөлүү, бизди жана биздин табигый каалоолорубузду өзгөртөт. Ал бизди кечирет, анан биздин мүнөзүбүздү төмөнкү сөздөр менен өзгөртөт: "Бара бер жана мындан ары күнөө кылба". Бул кечирим алыш үчүн болгон шарт эмес – кечирим белекке берилген. Бул — ишеничтин белгиси жана алдыда баары жакшы болооруна болгон ишеним.

Ыйса айткан сөздөрдү мындайча кайталап айтууга болот: "Мен сени кечирем жана күнөөнүн жазасынан бошотом. Эми бар да жана мындан ары күнөө кылба. Сен эркинсиң!" (Жакан 8:11). Кудайдын ырайымы болбосо, биз эч качан бизге көрсөтүлгөн мээримге татыктуу боло албайт элек, ошондой эле, эч качан такыбаа жүрө албайт элек жана күнөө менен дүйнөлүк кумарларга "жок" деп айта албайт элек. Күнөө мындан ары биздин жашообузга бийлик кыла албайт, анткени Машаяк бизге эркиндик берген.

*Теңирим, мага кечирим жана куткарылуу бергениң*
*үчүн бүт жүрөгүм менен Сага ыраазычылык билдирем.*
*Мага ушул эркиндикте жашоону үйрөт - мени*
*кулчулуктун кишенине кайтарган нерселердин*
*баарынан баш тартууга жардам бер.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, МАШАЙАК МАГА ЭРКИНДИК БЕРДИ
ЖАНА БУЛ ЭРКИНДИКТИН ДАЛИЛИ МЕНИН
ЖАШООМДО КҮН САЙЫН КӨБӨЙҮП БАРАТАТ.

7

# ЭРКИН

*"Ошондуктан, бир туугандар, биз «күң» аялдын балдары эмеспиз, «эркин» аялдын балдарыбыз".*

ГАЛАТИЯЛЫКТАРГА 4:31

Мен орто мектепте окуп жүргөндө бир тасма көргөм, анын башкы каарманы дал мен өзүмдү тааныткан образды чагылдырган. Бул Бонддун кыздарынын бири болчу. Ал эч кандай кооз кийимдерди кийип жана бантиктерди байлачу эмес, анын жашоосу болсо толугу менен таң калтырган окуяларга бай эле. Мага чыпташкан шорт кийген, тапанчаны чеберчилик менен кармаган жана эркектерден эч качан кем болбогон эр жүрөк сулуунун образы жакчу. Бул кыздар эч кимден кем болбой, эч кимге өзү менен эрежесиз мамиле кылууга жол беришчү эмес. Аларга коргоочу кереги жок болчу – алар өзүлөрүн өзүлөрү коргой алышчу.

Бирок, Бонддун кыздары менен баары анчалык жөнөкөй болгон эмес. Эгер эсимден чыгарбасам, ар бир 007 агенти жөнүндөгү тасмада жок дегенде бир кыз каза болчу. Соңунда Джеймс дайым тирүү калган кыздын төшөгүндө болуп калчу, бирок андан кийин аларды эч качан бирге көрүшкөн эмес. Ал жаңы окуяларда пайда болуп, ал эми берки кыз керексиз болуп калчу жана анын ордун кийинки сулуу кыз ээлечү. Аларды баалабаган системада, алар жөн гана керектелүүчү буюмга айланышчу. Мен түшүнөм, биринчи караганда чечкиндүү, келбеттүү жана өзүнө ишенген аял күчтүү көрүнүшү мүмкүн, бирок, ал андай эмес. Бонддун бардык кыздары бир нерседен коркушат, айрыкча кырдаалды көзөмөлдөй албай калганда. (Кандай ойлойсуңар,

аларга куралдын эмне кереги бар?) Алардын көбү бала кезинде аталарынан абдан керектүү болгон сүйүү менен коргоону эч качан алышкан эмес, ошондуктан, өздөрүнө гана таянууну чечишкен. Башкаларын тескерисинче сүйүп, коргоп жүрүшкөн, бирок алар коомчулуктун аял өзү үчүн туруп, Кудайдан жардам күтпөй, өзү аракеттениши керек деп шыктандандырып айтканына баш ийишкен, ал ойду кабыл алышкан. Бирок, акырында, Бонддун бардык кыздары сыртта калышат. Сулуу болуп көрүнсөң эле, эркин болосуң деп айтууга болбойт.

Биздин маданиятта биз эркин аялга караганда, туткунда калган кызга көбүрөөк окшошпуз. Бирок, биз эки чектен бирин тандаш керек деп ойлобошубуз керек, анткени бир жагында күчсүз, аз эле нерседен эсин жоготкон аял, экинчи жагында агрессивдүү жана табити күчтүү айым турат. Кудай ар бир кызына өзгөчө таланттарды жана эң сонун мүмкүнчүлүктөрдү берген. Силер кандайдыр бир адамдык шаблондор менен чектелгенсиңер деген калпка ишенбегиле. Биз падышанын кыздарыбыз, кулдар эмеспиз, бизди акырына жеткире турган нерсеге таянууга аргасызбыз. Өзүбүздүн кайталангыс өзгөчөлүгүбүз менен шартсыз сүйүктүү экенибизди билип, Анын балдары катары өзүбүзчө болууга эркин экенибизди түшүнүшүбүз керек.

*Ата, мен өзүмдү Сен жараткандай кабыл алам. Өзүмдү басынтканда, мага чыныгы ким экенимди эскертип кой.*

## *Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, МЕН ОЙДОН ЧЫГАРЫЛГАН
АЯЛДЫК НАЗИКТИККЕ ТААНДЫК
ЖАСАЛМА ОБРАЗ ҮЧҮН КҮРӨШПӨЙМ.
МЕН – ТИРҮҮ КУДАЙДЫН КЫЗЫМЫН.

8

# ЖАҢЫЛАНГАН

*“Ошентип, ким Машайактын ичинде болсо, ал – жаңы адам. Мурункунун баары өтүп кетти, азыр баары жаңы болду”.*

2 КОРУНТТУКТАР. 5:17

Машаяк биздин Куткаруучубуз жана Теңирибиз болгондо, күнөөлөрүбүз үчүн түбөлүк жаза бизден чыгыш батыштан кандай алыс болсо, ошондой алыс болот (Забур 102:12). Күнөө эми бизге үстөмдүк кыла албайт жана биздин рухубузду кулчулукта кармоого эч кандай негизи жок. Биз эркинбиз. Ошондой болгон кезде да, эркиндик менен кечирүү күнөөнүн табигый кесепеттерин жокко чыгарбайт. Эгер мен кылмыш кылып, түрмөгө камалсам, анан куткарылууну кабыл алсам, рухум бошонот, бирок денем дагы эле түрмөдө болот. Бул мен кечирилбегенимди билдирбейт. Бул мен өзүмдүн жашоомдо болуп жаткан нерседе жашоо үчүн, Анын акылмандыгын издейм дегенди билдирет.

Анда суроо мындай туулушу мүмкүн: бул чындык жалпысынан кандайча иштейт? Мен кечирилдим жана жаңы жаралуу болдум. Мурдагынын баары өтүп кетти, эми баары жаңы. Бул чындык акырындык менен бизде орнойт. Биз күнөөлөрүбүздү мойнубузга алаар замат кечирилебиз жана күнөөлөрүбүз тазаланат. Биз Машаяктын баарын жалмап кетүүчү ырайымын сезүү менен, руханий жактан жаңыланабыз. Бирок, бул мурунку тандоом мага таасир этпейт дегенди билдирбейт. Мен мындан ары күнөөлүү

эмесмин жана түбөлүк айыптоого бекитилген эмесмин, бирок өткөндүн жаңырыгы аргасыз угула берет.

Мисалы, мен шайыр жана бейкапар жаш кезимде кош бойлуу болуп калдым дейли, анан эмне болот? Бул балким, олуттуу сигнал болмок. Эгер мен кош бойлуу болгондон кийин Машаякка келсем эмне болмок? Баладан кутулмак белем? Албетте жок! Балалуу болушум, менин күнөөмдүн кечирилишин эч качан жокко чыгарбайт – кечирим, анын бар экендигинин далилин жокко чыгарбагандай эле. Бала – бул күнөө эмес, бул менин тандоомдун натыйжасы. Бала нике келишиминен тышкары бойго бүтсө дагы, ал белек катары сүйүлүп, кабыл алынмак.

Кудай биздин каталарыбызды, ийгиликсиздиктерибизди жана күнөөлөрүбүздү айыктырып, кун төлөп куткаруу менен алектенет. Кереметтер дайыма эле биз элестеткендей боло бербейт, бирок урандылардан да кооз нерсени жаратуу мүмкүн. Кудай үчүн мүмкүн эмес эч нерсе жок, ал эми жүрөк жараланганда, дал ошол нерсе Анын башкы камкордугуна айланат. Ал катууланган таш жүрөктү алып, анын ордуна сезимтал, тирүү эт жүрөктү салат. Анан Ал биз жаңы жаратылуу болуп жатабыз деп айтканда - биз Ага ишенсек болот.

*Теңирим, мага түбөлүк кечирим менен күнөөнүн табигый кесепеттеринин ортосундагы айырманы ачып бер. Сен мени бардык маанилүү нерселерде толук кыла аласың деп ишенем.*

*Мен күчтүүмүн*

КАЧАН ЧЕЧИМДЕРИМДИН БАРДЫК КЕСЕПЕТТЕРИН АЙЫКТЫРАТ ДЕП КУДАЙГА ИШЕНГЕНИМДЕ.

9

# АГА ТААНДЫК БОЛУШ ҮЧҮН, БОШТОНДУККА ЧЫККАН

*“Силердин Кудайыңар болуш үчүн, силерге Канаан жерин бериш үчүн, Мисир жеринен алып чыккан Кудай-Теңириңер Менмин”.*

ЛЕБИЛЕР 25:38

Араңардарда канча адам төмөнкү суроонун жообу тууралуу ойлонуп көрдү экен: “Эгер бүгүн түндө көз жумуп калсаңар, кайда бараарыңарды билесиңерби?” Анын максаты - силерди: “Менин бейишке баруу мүмкүнчүлүгүм кандай?” деп ойлонууга үндөө. Эгер адам бул суроого жооп бере албаса, анда ал сыйынып, өзүнүн түбөлүк максатына бекемделүүгө анын мүмкүнчүлүгү бар. Бирок, түбөлүк жашоо - бул өлгөндөн кийинки бара турган жер гана эмес, ал бул жерде, азыркы жашоо образы дагы. Бул Кудайдын Израилди Мисирден бошотуудагы эң терең каалоосун, максатын ачып берген төмөнкү аятта чагылдырылган: “Менин мисирликтерге эмне кылганымды көрдүңөр, Мен силерди бүркүт балапанын канатына көтөргөндөй көтөрүп жүрүп, Өзүмө алып келдим” (Чыгуу. 19:4).

Мен бул аяттын сулуулугуна жана күчүнө таң калдым. Кудуреттүү асман Падышасы Өзүнүн балдарын төрт жүз жылдык кулчулуктан баатырдык менен куткаруу үчүн түшүп келет. Аларды куткарып жатып, Ал ошол мезгилдеги эң кубаттуу мамлекет болгон Мисирди талкалап, аны урандыларга айлантат. Кечээ эле кул болуп жүргөн израилдиктер Мисирдин күмүшү менен алтынын алышат.

Бул Кудайдын Израилге болгон каалоосу гана эмес, бул Анын силерге болгон каалоосу.

Биздин кумарлуу жана ыйык Кудайыбыз силерге кол сунуп жатат! Ал силерге карап, Ага көз чаптырууңарды күтөт. Силер Ыйык Жазуунун көп жерлеринде Ал калтырган сүйүү каттарын окушуңарды каалайт жана Анын чакырыгына жооп бересиңер деп үмүттөнөт. Ал силерди караңгылыкка баткан дүйнөнүн туткунунан бошотуп, Анын жарыгындагы толук жашоого алып баргысы келет. Ал силерди ишенимсиз сүйүүчүлөрдүн кучагынан жулуп алып, Өзүнүн түбөлүктүү сүйүүсү менен кучактагысы келет. Ал бул дүйнөнүн катаал көзөмөлчүлөрүнөн, оор кишендеринен куткаруу-ну, силерге Өзүнүн берешен ырайымын көрсөтүүнү каалайт.

Убада Бергендин чек арасы жок болгондой эле, куткарылуу эч качан убада кылынган жер менен гана чектелген эмес. Акыр-аягы, Анын максаты - бизди Өзүнө алып келүү. Байыркы Келишимдеги убадалар келечекте эмне болорун алдын ала гана билдирген. Кудай үчүн куткарылуу – бул Өз балдарын Өзүнө кайтаруунун жолу. Сүйүктүүлөрүм, куткарылуу — бул өрттөн же өлүмдөн кийинки кепилдик гана эмес, ал андан да чоң жана терең мааниге ээ!

Бул дүйнөнүн катаалдыгынан кутулуп, Кудайдын тоосуна көтөрүлгүсү келбеген ким бар? Кантсе да, бул дүйнө биздин үйүбүз эмес, ошондуктан мындай каалоону баалоо табигый нерсе. Баарыбыз кулчулуктан жана соттон кутулууну кубатташыбыз керек, бирок куткарылуу муну менен эле бүтпөйт. Келгиле, Ага таандык болуу мүмкүнчүлүгүн пайдаланалы.

*Ата, Сеники болууга эч нерсе тоскоол болбосун деп мени бошотконуң үчүн, Сага ыраазычылык билдирем. Менин тандоом — убадамды аткаруу жана Сени билүү.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, АГА ТААНДЫК БОЛУШУМ
ҮЧҮН КУТКАРЫЛГАНМЫН.

# Ыйыктыкта күчтүү

# БУЛ ДҮЙНӨДӨН ЭМЕС

*“Эгерде силер бул дүйнөнүкү болсоңор, анда дүйнө өзүнүкүн сүймөк. Силер бул дүйнөнүкү эмессиңер, Мен силерди бул дүйнөдөн тандап алдым, ошондуктан бул дүйнө силерди жек көрөт”.*

ЖАКАН 15:19

Ыйса биздин бул дүйнөгө таандык эмес экенибизди айкын көрсөтүп турат. Бул чындык биздин жүрүм-турумубузга кандай таасир этиши керек? Дүйнө, же тагыраагы, биз жашап жаткан маданият, бизди өзүнүн моделине ылайыкташтырууга умтулат. Бирок, дүйнөлүк баалуулуктар мындан ары бизге оордук келтирбейт - биз адамдар жана Кудай менен мамиледебиз. Биз башка баалуулуктарга чакырылганбыз: дүйнө жек көрүү таркатканда сүйүүгө, ал катаалдык кылганда боорукер болууга. Ошол эле нерсе биздин моралдык компасыбызга да тиешелүү. Эфестиктерге жазылган кат биздин чыныгы көз карашыбызды аныктайт: “Араңарда ойноштук, ар кандай ыпыластык жана дүнүйөкорлук жөнүндө сөз да болбошу керек” (5:3).

Бул аят өтө так жазылган. Эмнеге мынчалык катуу? Менимче, кичинекей бир гана ишарат да маанисин бурмалап, башкаларды адаштырышы мүмкүн. Биз Кудайга таандыкпыз, ошондуктан биз айткан, кылгандарыбызда Аны урматтайбыз. Бул биздин сөздөрүбүз, иш-аракеттерибиз Анын жашообузга тийгизген таасирин чагылдырышы керек дегенди билдирет. Машаякта биз жөн гана кечирилбейбиз — биз ыйыкпыз. Биз бир кезде караңгылыкты чачкан жерге жарык чачабыз.

Эфестиктерге жазылган Катта андан ары мындай деп айтылат:

“Ошондой эле уятсыз, маңызсыз жана маскаралаган сөздөрдү сүйлөбөгүлө, мындай кылуу жарабайт, анын ордуна ыраазычылык билдиргиле” (5:4). Элчи Пабыл бул тизмеге баш аламан жүрүм-турумду, уятсыздыкты, акылсыздыкты, орой сөздөрдү кошот. Мунун баары такыбаалыктан алыс, чындыкты издегендерге тоскоолдук гана кылат.

Сөзүбүзгө ар кандай ылайыксыз сөздөрдү аралаштырбай, аны ыраазычылык менен толтуруубуз керек. Ошентип, биз Кудайдын боорукерлиги жана ырайымдуулугуна карата ыраазычылыктагы маанайыбызды сактайбыз. Бирок, мунун өзү да айрымдарыбызда сөз чеберчилигин ойготууга жетиштүү. Оройлонуп, наалыган, арыздангандын ордуна биз Атабызга окшоп, сөзүбүз менен бата берип, жашоо тартуулай алабыз. Куру сөздөрдүн алдамчылыгы кимден чыккандыгына карабастан, алданбоо керектиги бизге эскертилет. Бош сөздөр сергектигибизди басаңдатып, өзүн-өзү тынчтантууну жаратат. “Баары жакшы болот... Бул маанилүү эмес... Баары ошондой кылат...” Сөздөр бош болгондой эле, толук да болушу мүмкүн. Өмүр сөздөрү бизди жакшылыкка чакырат. Алар бизге башкалардай эмес экенибизди эскертип турат - анткени биз Эң Жогорку Кудайдын кыздарыбыз. Биз бул дүйнөдө жашайбыз, бирок, бул дүйнөдөн эмеспиз (Жакан 17:15, 16).

*Кудайым, мага ушул дүйнөнүн жашоо образы менен*
*Сенин Өз ишиңди жүргүзүүңдүн айырмасын көрсөт.*
*Мен Сени Сага жат болгон эч нерсе кошпостон,*
*өзүмдүн таза жана аралаштырылбаган сөзүм*
*жана аракетим менен даңктагым келет.*

*Мен күчтүүмүн*

АНКЕНИ, МЕН ДҮЙНӨНҮН ӨЛЧӨМҮ МЕНЕН ЭМЕС, КУДАЙДЫН ӨЛЧӨМҮ МЕНЕН ЖАШАЙМ.

2

# ТИЛ АЛЧААКТЫКТЫН ЖОЛУ

*"Теңирден корккон, Анын жолдору менен жүргөн ар бир адам бактылуу!"*

ЗАБУР 127:1

Балдар көп учурда чоңдордун унчукпай өтүп кетүүсүн үйрөнгөнүн ачык көрсөтүшөт. Экинчи уулум Остин эки жашка чыкканда, Кудайга баш ийүүгө аракет кылганда кээде кандай реакция кыларыбызды ачык көрсөткөн бир окуя болгон. Ошондо досторубуз балдары менен конокко келишти. Коштошоордо кичинекейлерге шириндик тартуулоону чечтим: ар бир балага мармеладдан жасалган динозаврчалардан бердим. Мен Остинге динозаврчаларды бердим, ал өзү бөлүштүрсүн деп. Балдар кезек менен мармелад алып жатышты. Остинде эки динозаврча калганда, муштумун катуу түйдү. Өзүнүн белегин күтүп турган дагы бир кыз бар эле. Мен ага: "Остин, баштыкта дагы көп бар. Бул экөөсүн ага бер" дедим. Ага жооп кылып, ал көчөгө чуркап чыгып, почта кутусуна катуу жабышып, башын терс чайкап койду. Ал ачык эле акырына чейин каршылык көрсөтүүнү чечкендей түрү бар эле.

Мен үйгө кирип, кичинекейге баштыктагы мармеладдан берип койдум. Анан досторум, алардын балдары менен кол булгалап коштошуп жатып, уулумду почта кутусунан сууруп алууга аракет кылып жаттым. Үйдүн ичине киргенде, абал ого бетер начарлады. Остиндин колунан эзилип калган мармеладдарды алып, тынчтануу үчүн аны жогорудагы балдар бөлмөсүнө жөнөттүм. "Мен бөлмөмө

барбайм!" – деди ал, ашканадан буту менен жер тээп чыгып баратып. "Жок, барасың", - деп жооп бердим, ашкананын ичинде туруп. Бул сөз алмашуу дагы бир нече жолу кайталанды, бирок акырындык менен анын добушу басаңдап, жай гана бөлмөсүнө кетти. Он беш мүнөт өткөндөн кийин, мен анын ишенимдүү түрдө: "Мен уктабайм. Эч кандай уктоо жок!" – деп айтканын уктум.

Андан кийин тынчтык орноду. Мен акырын жогору чыксам, ал керебетинде катуу уктап жатыптыр. Остин туура эмес кылганын түшүнүп тургандай, эмнеге муктаж экенин да билгендей көрүндү. Ошондуктан, ал уктап алууга жатыптыр. Бирок, эмне үчүн мындай нааразычылык жаратты? Мынчалык катуу каршылык эмнеден?

Бирок айтсаңар, биз да кээде ушундай эле кылбайбызбы? Менин оюмча, баш ийбестиктин себеби жөн эле чарчоо эмес. Уулум өзүнүн колундагы мармеладдарынын тез эле азайып бара жатканын көрүп, өзүн ажыратылып калгандай сезди. Ачык айтсам, ошол учурда мен Остинден өзүмдү көрдүм. Бул түшүнүксүз көңүл калгандык жана өзүн кемсинткендей сезимде болуу мага да тааныш болчу - аны сөз менен айтып жеткирүү кыйын. Ошондуктан, мен өзүмдүн көз карандысыздыгымды тастыктоо үчүн: "Кудайым, мен өз каалоомо каршы баш ием, бирок, качан гана өзүм даяр болгондо", - дегендей акылсыз сөздөрдү айтып да жиберчүмүн.

Жашыбыз өткөн сайын биз ачууланбай, өзүмчүл каалоолорубузга алдырбай, Кудай биз үчүн эмне жакшы экенин билерине ишенүүнү үйрөнөбүз. Чынында, күрөш, каршылык көрсөтүүгө караганда, ишти дароо туура жасоо алда канча оңой.

*Теңирим, качан мен баш ийгим келбегенде, мага ачуум менен иш-аракеттерди кылбоону үйрөт. Мага Сага акырында эмес, башында эле келүүнү үйрөт.*

*Мен күчтүүмүн*

КАЧАН КҮРӨШПӨЙ ЖАНА КАРШЫЛЫК КӨРСӨТПӨЙ ЭЛЕ КУДАЙГА БАШ ИЙГЕНДЕ.

3

# ЫЙЫКТЫККА ЭЭ БОЛГОН

*“Бардык жүрүш-турушуңар ыйык болсун, анткени силерди чакырып алган Кудай ыйык. Себеби Ыйык Жазууда: «Ыйык болгула, анткени Мен ыйыкмын», – деп жазылган”.*

1 ПЕТИР 1:15,16

Кудай ыйык... ошондуктан, биз да ыйык жашайбыз. Ыйыктык — бул жакшы болууга болгон дагы бир ийгиликсиз аракет эмес. Бул аян: биз Ага таандыкпыз. Ыйыктык — кызматкерлер үчүн гана берилип, аткарылуучу нускама эмес; бул ыйык Кудайдын алдында турган ар бир адамга берилген осуят. Биз ыйык болушубуз керек, анткени, Ал ыйык. Бизден ыйык болуп көрүнүү же өзүн ыйык көрсөтүү талап кылынбайт; биз ыйык *болууга* чакырылганбыз. Ал эми, болуу деген, ал биздин маңызыбыздын, ички табиятыбыздын, жашоо күчүбүздүн бир бөлүгүнө айлангандыгын билдирет. Биз Анын ыйык болгон Ыйык Руху менен толгонбуз.

Ыйыктык биздин жеке мамилелерибизде да, коомдогу жүрүм турумубузда да көрүнүшү керек. Биз ыйык адамдардай аракет кылышыбыз мүмкүн, бирок чындап ыйык болбой; ыйык көрүнүшүбүз мүмкүн, бирок жүрөгүбүз андай болбой калышы мүмкүн. Биздин ким экендигибизди, биздин өзүбүздүн ким болуп тургандыгыбыз аныктайт.

Ыйык болуу деген эмнени билдирет? Кийинки аят бизге

түшүнүүнүн ачкычын берет: “Биз Кудайдын алдында сүйүүдө ыйык жана кемчиликсиз болушубуз үчүн, Ал бизди дүйнө жарала электен мурун Машайак аркылуу тандап алган” (Эфестиктерге 1:4).

Биз биринчи демибизди ала электе эле тандалганбыз. Ал жерди жарата электе эле Анын ойлорунда болчубуз. Кудай бизди Машаякта ыйык жана кемчиликсиз кылуу үчүн тандап алган. Ыйса ыйык жана кемчиликсиз болгондуктан, биз да Атанын алдында Анын абалын мурастайбыз.

Машаякты тааныбаган кезде биз Анын күчүнөн да, убадаларынан да алыста элек. Бирок, айкаш жыгачта көшөгө айрылып кетти. Бизге каршы болгон нерсенин баары айкаш жыгачка кадалды жана биз Кудай менен бириктик (Эфестиктерге 1:14).

Ыйык болуу — демек, бул башкача болуу; рух, жан жана дене жагынан өзүнчө бөлүнүп туруу. Жөнөкөй сөз менен айтканда, ыйыктык - биздин Ага таандык экенибизди билдирет.

*Асмандагы Ата, мага Өзүңдүн улуу курмандыгың аркылуу ыйыктыкты бергениң үчүн Сага ыраазычылык билдирем. Сен ыйыксың жана мен кылган бардык иштер ыйыктыкта мени Сага жакындатсын.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, МЕН ЫЙЫКМЫН ЖАНА АГА ТААНДЫКМЫН.

4

# ОТ МЕНЕН ТАЗАЛАНГАН

*“Мына, Мен сени эриттим, бирок күмүштү эриткендей эмес, сени кыйынчылыктардын отуна салып сынадым”.*

ЫШАЙА 48:10

Алтын жана күмүш мештерде металл суюк абалга келгенге чейин жогорку температурада тазаланат. Шлак кошулмалары жогоруга көтөрүлөт - металлды булгаган нерселердин баары көрүнүп калат. Металлург эритме муздап, катуу болуп калмайынча анын үстүндөгү шлакты алып турат. Бул процесс металл булганыч заттардан тазаланганга чейин кайра-кайра кайталана берет.

Кудай бизди түзмө-түз оттуу меште тазалабайт. Анын жүрөгүбүздөн үстүртөн болгон нерселердин баарын алып салуусунун башка жолдору бар. Ал кыйынчылыктар аркылуу тазалоого кайрылат. Бул сөздүн ар кандай синонимдери бар: оорчулуктар, кыйынчылыктар, бактысыздыктар, кырсыктар, сыноолор. Эч ким жашоонун кыйынчылыктарын жактырбайт, бирок, эгерде биз эмгегибиздин жемишин көргүбүз келсе, анда тандалган жол менен жүргөнүбүз жакшы. Муну эстен чыгарбоо маанилүү, анткени “биз сыноолорго туш болобузбу?”- деген суроо турган жок. Чыныгы суроо “эгер” эмес, “качан” деген.

> “Сен суулардан өтүп бара жатканда, Мен сени мененмин, сен дарыялардан өтүп бара жатканда, алар сени чөктүрбөйт. Оттон өтүп бара жатканда, күйбөйсүң, жалын да сени куйкалабайт” (ЫШАЙА 43:2).

Кээде жашоодогу кыйынчылыктар сел жана өрт сыяктуу сезилет. Эч кимибиз кыйынчылыктардан алыс эмеспиз, бирок бизге бул убактылуу болот деп убада берилген. Кыйынчылыктардын бизди сындырышына жол бербегенибизде, аларды жеңебиз. Атабыз эмне кылып жатканын билет жана эгер Ал бизди тазалануу аркылуу өткөрсө, анда сыноолордун бороон-чапкындуу дарыясынан өткөндөн кийин, биз мурдагыдан да күчтүү болобуз. Акыр-аягында, Кудай биздин ыңгайлуулугубуздан да көбүрөөк жүрөгүбүздүн абалына кам көрөт. Демек, ички дүйнөбүздө жашырып жүргөн нерселер ачыкка чыгышы үчүн, Ал бизди ыңгайлуу аймагыбыздан чыгарат. Мындай тазалоо көп учурда биздин сыйынууларыбыздан улам пайда болот. Кудайдан биздин өсүшүбүзгө тоскоол болгон же Ага жакпаган нерселердин баарын алып салышын суранган сайын кырдаал курчуйт. От сыноосу биздин күчтүү жактарыбызды да, жолубузда кетирген каталарыбызды да ачыкка чыгарат. Мен силерге кайрылам: артка кайтпагыла, жалындаган оттун ортосунда да даңктап ырдагыла! Ыраазычылыкка толгон сыйынууңар селдин сууларынан да бийик көтөрүлсүн, анткени Кудай силерди Өз максаты үчүн жана күчүңөр артсын деп тазалап жатат.

*Теңирим, көзүмдү ач, мен чынында эле оорчулуктар жана кыйынчылыктар менин жан дүйнөмдүн жаңыланышына дем берчү күч экенин көрөйүн. Мени от менен тазалоо сыноосунда таштабай турганыңды билем, ошондуктан Сенин эркиң аткарылсын.*

*Мен күчтүүмүн*

КАЧАН ЖАШООМДОГУ КЫЙЫНЧЫЛЫКТАРДЫН ЖҮРӨГҮМДҮ ОТ МЕНЕН ТАЗАЛАШЫНА ЖОЛ БЕРГЕНИМДЕ.

5

# ДЕНЕДЕГИ ОРОЗО

*“Ошондуктан Кудайга моюн сунгула. Шайтанга каршы тургула, ошондо ал силерден качат”.*

ЖАКЫП 4:7

Орозо кармоо – жанды жеңилдетүүнүн, ички түйшүктөрдөн арылтуунун эң жакшы жолу. Руханий орозо кармоо – бул ойлордон, иштерден же адаттардан баш тартуу, ал эми физикалык орозо кармоо – бул Кудайга умтулуу үчүн, тамак-аштан баш тартуунун Ыйык Китептеги практикасы.

Орозо диетадан эмнеси менен айырмаланат? Диета келбетебизди өзгөртүп, таразанын көрсөткүчүн жогору же ылдый жылдырса, орозо көзүбүздөгү парданы алып, баарын жаңыча көрүүгө мүмкүндүк берет. Бул Кудайга баш ийүүбүздүн бир көрүнүшү. Ийилип, Ага өзүбүздү тапшырганда, душман чегинет. Тамак-аштан баш тартуу менен, бизде чыныгы ачкачылык пайда болот - Кудайга суусоо. Анын Сөздөрү менен азыктанып, Анын сүйүүсүн, жакшылыгын эстейбиз, кумарларыбыз өзгөрөт. Орозо биздин кабылдообузду курчутат жана жүрөгүбүздү жумшартат.

Эгер силер биринчи жолу орозо кармап жатсаңар, жөнөкөй жана пайдалуу нерседен баштагыла — мисалы, ак ундан же шекерден баш тартуу. Же болбосо, интернеттен Данилдин посту деп аталган билдирүү тууралуу маалыматты тапкыла. Балким, силердин орозоңор түшкү тамакты ичпей коюуну камтышы мүмкүн. Бирок, эгер силер суу менен гана орозо кармоону пландап жатсаңар, ден соолугуңарда көйгөйлөр болсо же дары-дармек ичип жатсаңар, анда алдын ала дарыгериңер менен кеңешип алгыла.

Орозо кармоо – бул денелик каалоолордон аң-сезимдүү түрдө баш тартуу. Бирок, руханий көз караштан алганда, бул — салтанаттын, ички майрамдын жана кубанычтын учуру. Эгер силер Падышаны урматтасаңар, Ал силерди Өзүнүн катышуусу менен урматтайт. Орозо кармоо жаза эмес, тескерисинче, ыйык артыкчылык. Бул өмүр менен өлүм маселеси экенин түшүнүшүңөр керек, анткени ал ошондой. Силер өлүмдү кишендеп жатасыңар.

Силер өзүңөрдү Кудайга арнабасаңар, тамактан баш тартуунун мааниси жок. Орозо учурунда жумуштарыңар менен алек болбой, жөн эле эс алышыңар үчүн, баарын алдын ала даярдап алгыла. Силерди эч нерсе алаксытпашы үчүн, үн алгы, телефон жана компютериңерди өчүрүп салгыла. Үйүңөрдө мактоо, сыйынуу музыкасы жаңырсын. Эс алып, уктап, Ага жакындагыла. Кудайдын Сөзүн - мисалы, Эстер китебин же орозо кармоо убадасын, ошондой эле, силерге дем берген машайактык китептерди окугула.

Орозо учурунда рухуңарды бекемдейсиңер. Сыйынуу өтүнүчтөрүңөрдү күндөлүккө жазып тургула. Атаңар менен ачык, чынчыл болгула. Ал силерге Ыйык Жазуу, сыйынуу аркылуу ачып берген нерселерди жазып алгыла. Бул сүйүү мезгили, мен чындап ишенем - Ал силерге тирүү суудан берип, силерди толтурат.

*Кудайым, орозо кармап жатканымда мени менен бол. Кумарларымды өзгөртүп, Сага карата суусоо бер. Сенин сөздөрүңдү күтүүдө тынчтыкка толом. Менин сезимталдыгымды ачып, зериктирген нерселердин баарынан тазала.*

## *Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, ОРОЗО КАРМАП ЖАТКАНДА,
МЕН ПАДЫШАМДЫН АЛДЫНДА ТУРАМ.

6

# ЖҮРӨК БЕРҮҮЧҮ

*“Бирок Теңир азыр да: «Мага бүт жүрөгүңөр менен, орозо менен, ый менен, өкүрүк менен кайрылгыла», – деп жатат. Кийимиңерди эмес, жүрөгүңөрдү тыткыла, Кудай-Теңириңерге кайрылгыла, анткени Ал жакшы жана боорукер, чыдамдуу, абдан ырайымдуу, Ал алаамат үчүн өкүнөт”.*

ЖОЕЛ 2:12,13

Кудай бизден эч качан баш тартпай, артыбыздан ээрчип жүрөт. Биз кайда болсок да, эмне кылсак да, Ал жердин четине чейин биз менен бирге болот. Кудай бул муунга мындай деп кайрылууда: “Азыр да! Баары үмүтсүз көрүнгөндө, өзүңөрдү кирдеп, бош калгандай сезгенде да… Азыр да! Башкалардын баары күчсүз болуп, бардык аракетиңер кайгы гана алып келгенде да… Мен көңүлүңөрдү калтырбайм. Азыр да, баары кеч болуп калгандай сезилсе да… бул андай эмес! Мага жүрөгүңөрдүн бүтүндөй тереңдиги менен кайрылгыла.”

Ал бизди ээрчийт жана Ал бизден күткөн нерсе – болгону, Ага биздин кайрылышыбыз. Ал бизди акылдуулукка, өзүбүзгө чынчылдык менен кароого чакырат – ал тургай, көрүп турган нерсебиз өзүбүзгө жакпаса да. Күнөөлөрүбүздүн сүрөтү мала кызгылт түстө эмес, кочкул кызыл түстө тартылган. Бирок, Кудайга биздин курмандыгыбыздын кереги жок — биздин ордубузга Аны Падыша кылып койгон. Кудай бизди тазалагысы келет. Ал бизге бош нерселерди, бизди азыктандырбаган нерселерди – курулай каалоолорду жана бул дүйнөнүн жалган

кубанычтарын бербейт. Тескерисинче, Ал бизге жер жүзүндөгү эң жакшы нерселерди сунуштады… Бирок, бул үчүн биз алгач даяр, андан кийин тил алчак болушубуз керек. Тобо кылууга жана жолубуздан адашканыбызды моюнга алууга даяр болушубуз керек. Ага кубаныч менен кызмат кылууга даяр болушубуз керек — анткени, Ал жакшылык кылуучу, берилген жана чынчыл. Айкаш жыгачыбызды көтөрүп, жашообузду Машайакта, денеге айланган Сөздө жашырып, Анын үлгүсүн ээрчигенге даяр болушубуз керек. Жоел пайгамбар бүгүн да ар бирибизге: "Мага бүт жүрөгүңөр менен кайрылгыла", - деп кайрылып жатат, жүрөгүбүздүн ичинде эмне болгондугуна карабастан, биз Ага кайрылышыбыз керек. Аялдардын жүрөктөрү үчүн болгон күрөш эч качан токтогон эмес жана ал талкаланган, жараланган жана кансырап турган болсо да, Кудай силерден аны Ага алып келүүңөрдү сурайт. Ал силерди бул дүйнөнүн жаман нерселеринен баш тартып, Анын кыялдарына кайтууга чакырат. Анткени, дүйнө башталгандан бери Ал дал силердей болгон колукту издеп келет.

*Ата, мени эч качан таштабай, дайыма артымдан ээрчип жүргөнүң үчүн Сага ыраазымын… Мага керек болгон нерсе — жөн гана артыма бурулуп, Сенин кучагыңа кулоо. Жүрөгүмдү Сага тапшырам жана кайрадан Сага кайтып келем.*

*Мен күчтүүмүн*

КАЧАН МЕНИ КААЛАГАНГА КАЙРЫЛГАНДА.

7

# ӨЗ АЙКАШ ЖЫГАЧЫН АЛГАН

*“Ыйса бардыгына кайрылып: «Ким Менин артымдан ээрчигиси келсе, өзүнөн баш тартсын жана күн сайын өзүнүн айкаш жыгачын алып, Менин артымдан ээрчисин. Ким өз жанын сактап калгысы келсе, ал андан түбөлүккө ажырайт. Ал эми ким Мен үчүн өз жанынан ажыраса, ал аны сактап калат. Анткени адам бүт дүйнөгө ээ болуп, бирок өз жанын жоготсо же өзүнө зыян келтирсе, ага андан эмне пайда?”*

ЛУКА 9:23-25

Ыйса бизге айкаш жыгачыбызды көтөрүүнү айтканы эмнени билдирет? Сөз моюнга илип коюучу кооздук жөнүндө эмес. Бул күн сайын жүрөгүбүзгө Ал үчүн тирүү курмандык экенибизди мөөрлөө дегент. Бирок, айкаш жыгачты көтөрүү муну менен эле бүтпөйт. Айкаш жыгач ар бирибиз үчүн ушул өлүп бараткан дүйнөдө эмне аткарган болсо, анын күчүн жана убадаларын көтөрүп жүрүү дегенди билдирет. Айкаш жыгач баарын өзгөртөт.

Байыркы Келишимде ыйык кызмат кылуучулар күн сайын Теңирге курмандык чалышчу. “Ошондон кийин Сулайман Мусанын осуяты боюнча, ар бир күндүн эрежеси менен, Кудай үйүнүн кире бериш бөлмөсүнүн алдында орнотулган Теңирдин курмандык чалынуучу жайына бүтүндөй өрттөлүүчү курмандыктарды чала баштады” (2 Жылн. 8:12,13). Айкаш жыгачты алуу - күн сайын ушундай курмандыкка баруу деген. Бул көрсөтмө өмүрдүн Теңиринин Өзү тарабынан берилген.

Айрымдар бизге айкаш жыгачты көтөрүп жүрүүнүн кажети жок деп айтышы мүмкүн - анткени, Ыйса акыркы курмандык болгон, иш бүттү. Биздин айкаш жыгачты көтөрүп жүрүүбүз курмандык эмес. Эч бир курмандык, бизге каршы күбө болгон мыйзамдын талаптарын канааттандыра албайт эле. Муну биздин күнөөлөрүбүз үчүн өлүмдү кабыл алып, бир гана Ыйса жасай алмак. Биздин өмүрүбүз Анын өмүрүндө жашырылышы керек болгондой эле, Анын өмүрү эми Кудайда жашырылган.

Ал Өз канын төккөндүктөн, эми биз каныбызды төгүшүбүз керек эмес. Тирүү курмандык болуу - Ал жашагандай жашоо, күнөө үчүн өлүү, Кудай үчүн тирүү болуу! Биз өзүбүздү, денебизди жана жаныбызды Кудайга - адилдиктин куралы катары беребиз.

Боорукердик бизди мыйзамга эмес, ырайымга баш ийдирет, ушул бизге берилген ырайымдуу белекке жооп катары биз Машаяктын айкаш жыгачтагы үлгүсүн ээрчийбиз. Биз күн сайын дененин, жамандыктын алдында эмес, Кудайдын, адилдиктин алдында таазим кылабыз. Өз тандообуз менен биз өмүрүбүздү Ага арнайбыз, денебизди Ага тапшырабыз. Ошондо биз Анын жүрөгүнө жакындап, ишеним менен айкаш жыгачыбызды көтөрөбүз.

*Ыйса, мен үчүн айкаш жыгачка барганың үчүн ырахмат.*
*Мага айкаш жыгачымды көтөрүү жана Сага баш ийип,*
*ыраазычылык менен жашоо эмнени билдирерин ачып бер.*

*Мен күчтүүмүн*

ӨЗҮМДҮ КУДАЙГА ТИРҮҮ КУРМАНДЫК КАТАРЫ АРНАП, КҮНДӨ АЙКАШ ЖЫГАЧЫМДЫ АЛЫП ЖҮРГӨНДӨ.

8

# КУДАЙДЫН СӨЗҮ

*“Ошондуктан Менин бул сөздөрүмдү көңүлүңөргө түйүп, эсиңерден чыгарбагыла. Унутпаш үчүн, аларды колуңарга жана чекеңерге байлап алгыла... Аларды эшигиңдин кашектерине жана үйүңдүн дарбазасына жазып кой. Ошондо асман жер үстүндө канча күн турса, Кудай-Теңириңер ата-бабаларыңарга берем деп убада кылган жерде силердин өмүрүңөр жана балдарыңардын өмүрү ошончо көп күн болот”.*

МЫЙЗАМ КАЙТАЛОО 11:18,20,21

Кудай Ысрайыл уулдарын Өзүнүн Сөзүн үйлөрүнүн эшигинин кашектерине жана жүрөктөрүнө жазууга чакырды. Албетте, бул Ыйык Жазуунун үстүнөн ой жүгүртүүнү жана аяттарды жаттоону камтыганы менен, мен муну андан да маанилүү нерсе - чыгармачылыкка чакыруу катары көрөм. Кудайдын эли да муну ошондой кабыл алганына эч кандай шек санабайм. Жүйүт эркектери филактерия деп аталган кичинекей кутучаларды жасап, аларга Кудайдын сөзүнүн кесилген түрмөктөрүн салып, мыйзамга баш ийүү зарылдыгын өзүнө эскертип туруу үчүн, чекелерине тагып алышкан. Ал эми мезуза, сөзмө-сөз «эшик кашеги» дегенди билдирет, бул үйдүн эшигинин үстүнө илинүүчү жазуусу бар кооз кичинекей кутуча. Алардын ичине төмөнкү сөздөр жазылган түрмөктү салышат: “Кулак сал, Ысрайыл: силердин Кудай-Теңириңер – бир Кудай. Кудай-Теңириңди чын жүрөгүң менен, жан-дилиң менен, бардык күч-кубатың менен

сүй” (Мыйзам Кайталоо 6:4,5). Кандай сонун эскертүү! Биз да ошондой кылсак эмнеге болбосун?

Кээде уулдарым өзүлөрү ой жүгүрткөн Ыйык Жазуудагы үзүндүлөрдү күзгүгө илип коюшат. Жолдошум унаа айдап баратып компакт-дисктен Ыйык Китепти угат, ал эми спорт залда машыгып жатып насаат угат. Интернетте подкасттар, мактоо менен сыйынуу музыкасы жана насааттар бар. Чындыгында, Кудайдын Сөзүн күнүмдүк жашооңордун бир бөлүгү кылуу абдан оңой.

Неберелерим жүрөктөрүнө жазып алуу үчүн ыр саптарды жатташат. Айрым адамдар Ыйык Китептеги тексттер менен татуировка жасатышат. Эгер үй-бүлөңөр менен Ыйык Жазууну жаттап жатсаңар, анда үзүндүлөрдү үйдүн ар кайсы жерлерине илип, аларды кантип колдонсо болорун талкуулагыла. Жеке ой жүгүртүүңөр үчүн күндөлүк колдонгула - белгилүү бир аяттын күнүмдүк жашооңорго, көз карашыңарга жана руханий өсүшүңөргө кандай таасир этерин жазып алгыла.

Мындай практикалык кадамдар бизге Кудайдын Сөзү ар бир жерде, ар бир кырдаалда, жашообуздун ар бир кесилишинде бар экенин жана кеңири таралганын эскертип турат. Башыңарда жаңырып турган Кудайдын сөздөрү жүрөгүңөрдө бекем орногонго чейин жазгыла, жарыялагыла, жаттагыла жана кайталагыла.

*Теңирим, мага Өз Сөзүңдү күнүмдүк жашоомдун булуң-бурчуна кантип чыгармачылыкта - терең жана сүйүү менен сиңдирүүнү көрсөт.*

*Мен күчтүүмүн*

АНТКЕНИ, КУДАЙДЫН СӨЗҮ ДАЙЫМА МЕНИН КӨЗ АЛДЫМДА ЖАНА ОЙЛОРУМДА.

9

# ТУРУКТУУЛУК

*“Бир туугандарым, башыңарга келген ар кандай сыноолорду зор кубаныч менен кабыл алгыла. Анткени сыналган ишенимиңер чыдамкайлыкты жаратарын билесиңер.”*

ЖАКЫП 1:2,3

Чын элеби? Кыйын күндөр кубанууга себеппи? Бул дагы бир мисал — биздин күчкө болгон реакциябыз коомдо кабыл алынган реакцияга карама-каршы экенинин бир далили. Чын эле, көп сыноолордун алдында ким кубанмак эле, “улуу кубаныч” жөнүндө айтпай эле коёюн? Бирок, Ыйсанын бир тууганы Жакып бизди дал ушуга чакырат. Себеби, биз туруктуулукка жеңил мезгилде эмес, кыйын учурларда үйрөнөбүз. Бул сөздүн бир нече гана синонимдери: максатка умтулуу, өжөрлүк, берилгендик, чечкиндүүлүк, чыдамкайлык жана туруктуулук. Эгерде бизди алсыратууга умтулган дүйнөдө күчтүү бойдон калгыбыз келсе, анда бизге ушул сапаттардын бири да калбай, баары керек болот. Башка бир чечмелөөдө, туруктуулук - “Кудайдын ырайымы” деп аталат.

“Бардык жагынан жеткилең, эч кемчиликсиз болушуңар үчүн, чыдамкайлык жеткилең аракетке ээ болушу керек” (Жакып 1:4). Толуктук жана жетилгендик жөнүндөгү бул убаданы эске алганда, Жакыптын эмне үчүн “улуу кубанычты” ылайыктуу жооп деп эсептегенин түшүнсөңөр болот. Дал ушул сыноо учурунда эмнеге таянганыбыз жана күчтү кайдан алганыбыз айкын болот. Жашоонун кургак мезгилдеринде биз жаныбыздын кудугу канчалык терең экенин түшүнөбүз. Молчулук мезгилдер биздин баалуулугубузду

сейрек көрсөтөт. Көбүнчө кыйынчылыктар менен тартыштык руханий күчүбүздү өстүрүүдө бизге устат болот.

Машаяктын алгачкы жолдоочулары кандай сыноолорго туш болгонун түшүнүү үчүн, апостол Пабылдын сөздөрүнө кайрылалы:

> *"Үч жолу таяк менен сабашты, бир жолу таш бараңга алышты, үч жолу кеме кырсыгына учурадым, бир күн, бир түн деңизде калдым. Көп жолу сапарга чыгып, дарыялардын үстүндө, шаарда, чөлдө, деңиз үстүндө коркунучка дуушар болдум; каракчылар, уруулаштарым, бутпарастар, жалган бир туугандар коркунуч туудурушту" (2 Корунттуктар 11:25,26).*

Бул Пабыл башынан өткөргөн кыйынчылыктарды сүрөттөгөн эки гана аят. Бул саптарды окуганда, өзүмдүн алсыздыгым үчүн бир аз уялып кетем. Биздин заманда кадимки көйгөйлөрдүн тизмеси таптакыр башкача көрүнөт: социалдык тармактарда катталуучуларым аз; достор жолугушууга чакырышкан жок; эмгегим бааланбайт; өз көрүнүшүм мага жакпайт; менде ашыкча салмак бар. Балким, алгачкы жыйындын башынан өткөргөн сыноолорунун айдыңында баарыбыз ички күчүбүздү өнүктүрүшүбүз керектир.

*Асмандагы Ата, мен сыноолорду улуу кубаныч деп атаганымдын себеби — алар ырахат тартуулагандыктан эмес, алар аркылуу Сен менин ичимдеги туруктуулукту өстүрүп жатканың үчүн Сага ыраазы болгонумдан.*

*Мен күчтүүмүн*

КАЧАН СЫНООЛОР МЕНИ ИЧТЕН ТАКШАЛДЫРАРЫН БИЛГЕНИМДЕ.

# УРГААЧЫ АРСТАНДАРДЫН ОЙГОНУШУ

*Ойгон жана өзүңдүн айланаңдагы дүйнөңдү өзгөрт*




"УРГААЧЫ АРСТАНДАРДЫН ОЙГОНУШУ" деген китепте Лиза аялдар үчүн назик үлгү катары ургаачы арстандардын библиялык образын жана жашоону сунуш кылат.

Силерге жаңы кумарды, күчтү жана максатты табуу үчүн:

- күчтүн укмуштуу образы болууга;
- жаштарды жана алсыздарды коргоого;
- баарын өзгөртө турган жалпы айкырыкты көтөрүүгө – чакырык ташталат.

**MessengerX.com** сайтында жеткиликтүү

# КЫЛЫЧЧАН КЫЗДАР

*Кантип өз айкашын баатырдык менен көтөрүп жүрүүгө болот*




Кудайдын Сөзү – бул кылыч. Аны колдонуудан көрө, үйрөнүү бизге ыңгайлуураак. Кыздарга кылыч берип, асманды жерге кантип тартаарын байкап көрүүгө убакыт келди. Дүйнө жүзү боюнча аялдар бейкалыс, сексуалдык кулчулук, зордук-зомбулук, ал тургай, гендердик кыргынга дуушар болушат. Лиза Бивер бул кол салуулар аялдардын мурункуга караганда, келечекте ким болору тууралуу көбүрөөк айтып жатканын жазат. «Кылыччан кыздарда» ал, руханий душман аларды ар кандай деңгээлде куралсыздандыруу үчүн кандай мүмкүнчүлүктөрдү издеп жатканын түшүндүрөт. Аялдар кайраттуу, акылман, кыраакы жана кечиримдүү болуш үчүн, Кудай аларды жараткан каармандарга айланууга учур келди. Өз кылычын колго алып, баатыр болууга убакыт келди.

**MessengerX.com** сайтында жеткиликтүү

# АТААНДАШТЫКТАН ТЫШКАРЫ






Биз башка адамдарды атаандаш катары карап, салыштыруу жана атаандаштык менен чектелишибиздин себеби бар. Биз өзүбүзгө жана бири-бирибизге каршы чыгабыз деген үмүт менен акылыбызга, эркибизге жана сезимдерибизге кол салган душманыбыз бар. Ал бизди тыгыз байланыштардан ажыраткан, биздин инсандыгыбыз жөнүндө баш аламандыктарды жараткан жана чакырылуубузду чектеген катаал чөйрөгө алып барат.

«Атаандаштыктан тышкары» китебинде бестселлерлердин автору Лиза Бивер Кудайдын сүйүүсүнүн ачылышы бул түйүндөрдү кантип үзөрүн айтып берет. Сиз адамдарды атаандаш катары көрүүнү кантип токтотуп, Жараткан менен өзүңүз каалаган терең мамилени, чыныгы индивидуалдык жана жакындыкты убада кылган мамилени сактоону үйрөнөсүз. Биздин заманда да актуалдуу болгон пайгамбарчылык акылмандыкка толгон бул библиялык окутууда Лиза сизге тамаша жана кумар менен чакырык таштайт.


– Атаандашууну четке кагып, өзүңүздөгү эң жакшы жактарды табыңыз;
– Катышууга керектүү баарлашуудан жашынганды токтотуңуз;
– Аялдар эч нерсеге арзыбаган, баёо жана жеңил ойлуу деген ойлорду четке кагыңыз;
– Жашооңуздагы жыныстык атаандаштыкты жок кылыңыз жана эркектер менен биргеликте эмгектениңиз.

Атаандаштыктан тышкары жашоого кадам таштоого убакыт келди.

**MessengerX.com** X сайтында жеткиликтүү


# MessengerX

*Шакиртчиликке карай жол ар бир адам үчүн жана бардык жерде*




- **130 дан ашыгыраак тилде бекер**
- Онлайн жана тиркеме катары жеткиликтүү
- Материалдар силердин рухий өсүүңөр үчүн арналган
- Өз таржымалыңарды жана шакиртчилик жолуңарды аңдагыла






Окуп үйрөнүү үчүн Messenger программасынын толук китепканасын - электрондук китептерди, видео жана аудио окууларды, аудиокитептерди, Ыйык Жазууларды алыңыз... Бардык түзмөктөрүңүздө көрүп, окуп жана угуңуз.

**MessengerX.com**

Бул жерден жүктөп алууга болот App Store

Бул жерден алууга болот Google Play

App Store жана Google Play аркылуу дүйнө жүзү боюнча жеткиликтүү

КҮЧТҮҮ БОЛУУ – БУЛ КАДИМКИ ЭЛЕ НЕРСЕ! Кудай силерге жашооңордун ар бир тармагында күч берген. Бүгүнкү маданияттын шартында биздин милдетибиз — Кудай бизге чакырык жасагандай күчтүү аял болуу гана эмес. Анын Сөзүнүн чындыгында күчтүү болуу маанилүү. Демек, адилдикке умтулуп, эч качан компромисске барбоо.

Күч – бул чакырык жана буйрук. Бирок, күчтү кайдан алганыбыз, аны кантип көрсөтөөрүбүздөн кем эмес мааниге ээ. Биздин маданият, күч биздин ичибизден келет деп ырастайт, бирок чындыгында ал Кудайдан келет.

New York Times боюнча бестселлерлердин автору Лиза Бивердин "Күчтүү" деген китебинде, көп учурда баарын тескери кылып көрсөтүп койгон дүйнөдө күчтүү болуунун маанисине карата жаңы көз караш сунушталат. Бул кыскача жазылган 90 маектин ичинде Лиза ички туруктуулук, күч менен назиктикти айкаштыруу, мамилелерди калыбына келтирүү, канааттануу, өкүнүүдөн арылуу, тынчтыктын күчү жана башка көптөгөн темаларды козгойт. Бул китеп силерге күчүңөрдү өстүрүүгө, ишенимиңерди бекемдөөгө, Кудай жана адамдар, ошондой эле өзүңөр менен гармонияда жашоонун кубанычын чындап сезүүгө жардам берет.

Лиза Бивер өзүнүн таанымал стилинде — чын жүрөктөн жана кумарлануу менен, назик тамашалар менен коштолгон — Ыйык Китептеги терең чындыктарды күнүмдүк турмуштан алынган мисалдар менен чагылдырат. Анын "Аял сыяктуу күрөш", "Ургаачы арстанды ойготуу" жана "Кылыччан кыздар" деген китептери 65ден ашык тилге которулуп, дүйнө жүзү боюнча миллиондогон окурмандарды шыктандырып турат. Лиза жана анын күйөөсү Джон — бестселлерлердин авторлору жана Messenger International уюмунун негиздөөчүлөрү.



Көбүрөөк маалыматты **MessengerX.com** сайтынан билип алсаңар болот.

Messenger INTERNATIONAL

Бул китеп - автордун белеги. Сатууга болбойт.

Көбүрөөктү каалайсызбы? Сканийрлеп алыңыз.